Шабданов Масалбек

# АЛТЫН ТАК



С(Ки)7-5
Ш 13

Шабданов Масалбек

# АЛТЫН ТАК

Таласская областная библиотека
Инв. № 112155

БИШКЕК 2019

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ш-13

الرحمن

Масалбек Шабдановдун денесине, оң каптал тарапта бойрок үстү боорчагына жазылган жазуу. 2007.ж. 8.02. түнкү 4-5 ортосунда, Бейшембиден Жумага караган түндө.

**Шабданов М.**
Ш - 13 Алтын так. - Б.: Учкун, 2019. - 240 б.
ISBN 978-9967-17-115-2

**Ш 4702300200-19**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-17-114-2

© Шабданов М., 2019

## КУДАЙ ДЕП

Кудай деген Кыргыздын үнү болуп,
Күндө тийген өчпөгөн күнү болуп.
Кыргыздын жети өрөөнүн коргой алган,
Кыргыздын тынчтык жааган түнү болуп.
Кыргыздын ынтымагын кылын үзбөй...
Кыргызга жүрөк болуп турсам согуп!!!
Кырк миллион Кыргыздын көзүн көрүп,
Жүргөндөр төрөлсө экен кыргыз толуп!
Кыргыз деп өтсөм анан болбос арман,
Кыргыз үчүн Айтматовдой Ала-Тоолук!!!

*М. Шабданов*

## АКЫН ЖӨНҮНДӨ АЛГЫ СӨЗ

Акындын сүрөтүнөн көрүп тургандай мактоо сөз керексиздей. Он төрт жашынан 7 жылдык «Үрмарал» мектебин аяктап, ошол эле «Үрмарал» колхозунда таяк кармап, чабан болгон. Ошол убакта кой багууда, жүн алууда райондун алдыңкы чабаны катары эмгегине жараша, КПССтин мүчөлүгүнүн кандидаттыгына кабыл алынат. Анан Советтик армиянын катарына чакырылып, Прибалтика аскердик гарнизонго туш келип, жоокердик милдетин так аткарып, 3 Ардак Грамота, 2 медаль (СССР) менен сыйланат. Жаш жоокерди ошондо 2 жылдык кечки саясий «спецчастан» даярдыктан өткөрүп, диплом алат.

Ошондон баштап «Ленинчил Жаш» гезитине бир катар ырларын жөнөтөт. Айрыкча туулган жер жөнүндөгү жалындуу ырлары чыга баштаган. Кой кайтарып жүргөндө, ал таш менен «Аскалуу таштарга» ыр жазганын азыр да көргөндөр айтып жүрүшөт. Армиядан келээри менен жума өтпөй, колхоздун комсомол уюмун жетектейт. Колхоздун жетекчилиги Жусуп Осмонкулов, парторгу А.Эшеналив аны 3 ай өтпөй эле парткомдун катчылыгына орун басар кылып бекитишет. Ошол кезде окууну эңсеген жаш жигит Фрунзедеги КР СССР 50 жылдыгы Университетинин филфагына өтүп, анын сырттан окуу бөлүмүн ийгиликтүү аяктайт. Өндүрүштө иштеп жүрүп окуу жайын бүткөрүү эң негизги саясат экенин ошол кездеги бийликтер баалаганы чындык.

Анан Талас обкомунун 1-катчысынын сунушу менен Ташкенттеги (ВПШ) жогорку партиялык окууга өтүп, аны 1977-жылы июнда аяктап, Ленинполь райондук аткаруу комитетинин маданият бөлүм башчылык кызматын жетектейт. Ошол кезде акындык чыгармачылыгы даана сезилип, республикалык басма сөздөргө үзбөй басылып турат.

Кайра эле 1986-1987-жж. КР БКнын МЛУ 2 жылдык саясий-экономикалык бөлүмүнө сунушталып, аны толук бүтүрүп, 4 дипломго ээ болот. Дал ошол жылдары анын чыгармачылыгына көралбастык күчөп, саясий жактан «жолу тосулуп», көп азап тартат. Ошол кездеги «билимсиздикке» жол берген бийлик башчылары аны улутчулсуң «куйдайга ишенесиң», «мечитке барат экенсиң» ж.б. жалаа-доомат менен кызматка көтөрүүдө жолтоо болушат. Ага карабай, ошол кездеги Москвадагы, М.Горький атындагы дүйнөлүк адабият окуу жайына сунушталат. Бирок, ансыз да «жанчылуудан» кутулбаган Масалбек агабыз караманча каршы болуп, баруудан баш тартат экен!

Ал жөнүндө өзүнчө тарыхы бар, ал кездеги КГБда республикалык деңгээлдеги иштеген дасыккан адам



(Ф.И.О.) толук ачык айтканы азыр да акындын өз архивинде турат. Анын ак эмгегин баалаган мамлекеттик сыйлыктарды биз акындын сүрөтүндөгү төш белгилеринен эле көрсөтүү жетиштүү деп ойлойбуз. Бул «Алтын так» аттуу жаңы чыгармасы жалпыбызга белгилүү, дүйнөлүк адабияттагы олуя акындын өзү жазгандай «Ааламга жанган шам элең» деп Чыңгыз агабызга арнаган китеби ак жолтой болуп, кыргыз элинин куту болгон Ч.Айтматовдун адабиятка тургузган «Алтын тагы» деп баалагандыгы акын Шабданов Масалбектин бийликке, байлыкка чөгөлөбөгөн, татыктуу адамга татыктуу баа берген, Аллахтын ырайымына макул болгон, 80 жылдык өмүрүн улантуусуна биз Алахка ыраазыбыз.

**Кудай деген колдоочулар тобу.**

# БАШ СӨЗ ОРДУНА

*Талпынып учаар шумкардай!*
*Табына келген тулпардай!*
*Турганын кара Геннйдин...*
*Түбөлүк өчпөс Күн-Айдай!*

*М. Шабданов*

## Ч.АЙТМАТОВДУН КЕРЕМЕТТЕРИ МЕНИН ЖҮРӨГҮМДӨ

Убакыт өтө аз, антсе да сага айтаарымды айтып кетейин, деген «Чыңгыз» аганын коңур үндүү добушу мени селейткендей болду. Өңүм же түшүм экени билинбей... макул деп, ал минген Ак канаттуу чоң Ак кушка конуп, учуп бараттык. Сөз таразага ченелбейт, акыйкатка Хан чөгөлөйт. Ыпласка тайып жыгылган наадан «Кудайга арызданат» дегендей, буларды эсиңден чыгарбай элиңе айта бар боорум, биз бараткан жайлар Кайлас, Эне Сай, Алтай, Тибет, Гималай жана баш аягы түгөнбөс Ала-Тоонун кереметтүү аска-зоо тоолорун, дарыя сууларын, талаа, токойлорун кыдырып бараттык.

Биздин жүрүшүбүз күндө күлгөн ай ааламды өпкөн Күндү, ак шооласын агызган Айды, жылдызы жамыраган көк теңирди, ыйыктыгы менен даанышманды ыйлаткан Ата журттун коздугун көрүп бараттык. Миллиондогон жыл-



дар бою өлүм менен кармашып келаткан өжөр өмүрдү, түбү түгөнбөс тирүүлүктү көрүп, ал боорум ушуга да ыраазы болбой, бирин-бири көралбай, жакшыларга уу берип, суу берип көнгөн пенделерге унутпай айта-бар, деген үн кулагыма кайталанып, көзүм ачылып, ойгонуп кеттим...

Мээмде эсимде «Ак канаттуу чоң Ак куш» эле калып, эсим оо туңгуюкта калгансыдым. Ырас баарын ыр кылып жазууга даремет жетпесин билип турам. Чыкемдин керээзин кандай түрдө элге айтамын деп онтодум... Чындыктын өзөгүнө жетээр бекем, чүрпөлөрүн өстүрүп өтөөр бекем, чындыкка жүрөк болуп тирүүлүктө, чындыктын көзүн көрүп өбөр бекем, чыр этип... же күйүп кетээр бекем... Бу жашоонун келбетин көркүнө чыгаруу - чындык менен эле бүтпөс деп да ойлодум. Байыркы 3-4 миллион жыл мурда эле жер жаралгандан баштап, таза абийир таза ыйман, жакшы пейил, арам пейил, (жеңил-желпи атак-даңк) айла-амал менен утулуп, акылман кеменгерлер арман кайгыга батып, далай кылымдарда элдин зар күйүтү үчүн күйүп кетишкен тура. Алардын баарын турмуш жашоодо көтөрүп, заман агымын жаркыраган келечек өзөгүн куруга далай өмүрлөр кыйрап жок болгондугун миллион кылымдык тарых далилдеп жатпайбы.

Бар болгон бийликтин, өткөн, өчкөн бийликтин кандай шартта заң мыйзамдардын алсыздыгын, өтө катаалдыгын же жексурлуктугун азыр деле толук далилдегендер жок.

Андыктан Чыңгыз агабыздын чыгармаларын толук талдап чыгууга дагы жүз жылдар аздык кылаар. Чыгыштын дүйнөлүк деңгээлдеги акылман кеменгери Конфуцийдин айтып, жазып кеткен философиялык эмгектерин ошол кездеги бийлик ээлери да толук аткара албагандай эле. Биздин аалым Ч.Айтматовдун жазгандарын толук ишке ашыруу мүмкүн эместигин учурдагы эң мыкты деген кеменгер окумуштуу, илимпоз, акылгөйлөр деле чечип бере алышпайт. Байыртан улуу ойчул аалымдар сөз менен кеп

кеңеш айтып жөнгө салган менен бийликке кол жетпей, же күч жетпей мамлекеттик башкарууга киришүүгө мүмкүнчүлүк болгон эмес. Бул көрүнүш дүйнөдөгү бардык өлкөлөргө тиешелүү көрүнүш.

Ошондой эле Чыңгыз Айтматов чыгармаларында айбанат, мал, карышкыр, балык жана башка образдар менен жеке кейипкерлердин сүрөттөлүшүн чагылдырган. Демек бийлик кысымына баш ийген. Канчалык оор турмуштун оордугуна чыдабай жазып кеткен. Ач ажалдай коррупцяны жеңалбайсың, Акыйкатты элге сактап бере албайсың, Адам сен тирүүлүктүн болсоң да ээси, Аллахтай түбү өчпөс нур болалбайсың... Эртели кеч өтөөрүн бар, жерде тирүү калалбайсың, канчалык жеткен менен бардыгына эңсеген ой максатты колуңа алалбайсың!.. Ооба, бул ойлор бийлик-байлыктын төбөсүндө тургандарга арналгандыгы ачык. Бирок, жакшылыктын өмүрүнө ортоктош болгон күндө да ортодон көралбаган бузуктар өмүрүңдү «кыйгандан» кайра тартпайт экен. Тарых тактыгына кайрылсак кезинде Иса пайгамбарды, Мухаммад аллейки саламды кимдер кордогон... ал эмес өлтүрүүгө батынышып, өзүнүн эле эң жакын тууган, бир туугандары кара өзгөйлүк, жан кечтилик, наадандыктын нак далили болушкан. Калган канча кылымдарда зордукзомбулуктар кайталанып, азыр да улантылууда экендигин Чыңгыз агабыз ачык жазганы мага өзгөчө таасир берет. Күнөөсүз ак пенделерди күйгүзүү, кек сактап өч алуу, көр дүйнө үчүн жан кечтилик, ыплас арам иштерди уюштуруп жүргөн ыймансыздарга каршы туруу. Бул деген ата мекенге адал ак кызмат кылуу, акылман кеменгерлерди сыйлоо-урматтоо, алардын ыйыктык сапаттарын бүт дүйнөлүк деңгээлде көтөрүү, түптүү өлбөс-өчпөс жашоого жол таратуу дегендик!!!

Бирок тилекке каршы Ч.Айтматовдун прогрессивдүү кенен терен ойлоруна каршы, миллиондоп жуткандар,



курсак салып, казы байлаган коррупциялык жол менен элди, өлкөнү жайлаган, тарп издеген жору-кузгундай мансапкор-ач көздөр кучөп, тойбогондор карапайым элдин канын соргондор, өлкөнү мүнкүрөтүшүүдө. Эстүүнүн «күйүтү» өзү үчүн болсо, эл башчынын күйүтү элди боздотот, ошон үчүн кырсык токтобойт. (Аристотель).

Күнөөсүз пенделерди күйгүзбөө үчүн, кек сактап, акыйкат сынчыларды жазалагандыгы үчүн эл башчылардын өздөрүн жазалоо, өлкөнүн, анда жашап жаткан миллондогон калктын тагдыры үчүн камкордук экендигин өз чыгармаларында Ч.Айтматов так дааналаган. Айрыкча «акыйкат туусун» караламан элдин бактылуу келечек жашоосу, жалпы коомдун өнүгүүсү кийинки жаш муундардын татыктуу тарбиясы болуусун баса белгилеген. Бекеринен казак жазуучусу Ауэзов Мухтар, француз жазуучусу Луи Арагон, Ч.Айтматов агабызды жөн эле колдоого алган эместир.

Демек аалым жазуучунун максатын түшүнгөн ар бир адам, жашоодогу ар бир пенде өзү жыйынтыктын ээси болуусу дегендик. Бул багытта бардык адамдар өлкө башы же өкмөт башы же сыланган арсыз «министрлер» болуусу зарыл эместигин так баса белгилеген. Маскарпоз өңдөнүү же тирүүлөр арасындагы «өлүккө» окшошуу, бир аз бийликке ээ болгондо эле көктү «челип» кирүү - бул жутунган-умтулган ыпластыктан төмөн турат дегендик. «Азап-тозокту» күнөөсү жок тарткан адамдар алар «эң бактылуулар» экендигин айтып жаткандыгы. Акылман канчалык кембагалдык турмушту көрсө да, ал падышадан таза, падышадан бийиктикте экенин унутпоо керек деген терең ойлор агабыздын бардык чыгармаларында жанып тургандыгын окурмандар ыр катары жаттап окуусу абзел.

Акыйкаттыкка, улуулукка каршы ыплас ойлорду айтуу бул улуу сыйдан айрылуу, ыпластыкты «мактоо» деген наадандык кебетеси. Ошон үчүн, даанышман кээде улага-

да калса, наадан төрдөн орун алган мезгилдер көп болгон жана болуп келет. Бул деген - биздин коомдо али «өз керт башы» үчүн иштегендер, айрыкча бийликтин тегерегинде «бут аарчыгандардын» көптүгүнүн айыкпас оорусу экенин Сократ, Платон, Паскаль, Т.Дж.Ферон, Шекспир жана башкалар айтышкан.
Ал эми жалаң кошоматтык, бузуктук, көралбастык кара ниеттик, ичи тардык булар элдин чыккынчылары дегендик. Илгертен акылгөй даанышмандарга кенен жол ачылган эмес. Чыңгыз агабыздын балалык кезинен баштап көзү өткөнгө чейинки турмуш менен азыркы учурдагы жаштардын же кийинки муундардын жашоо турмуш шартын унуткан пенделер «маңкурттан» айрымасыз дегим келет. Себеби эл-журт, ар-намыс, абийир, сый - таза ыйман үчүн кам көрүүдөн, абийирсиздик, ач көздүк, көр дүйнөгө, мансапка, кур атак-даңкка, кызыгуу күн сайын өсүп, бирин-бири жутуп баратат...

Жан кашайганда, азыркы муундарга кайрылаарым,
Даанышманды өлдү деп түңүлбөгүн ...
Наадандардын көптүгүнө сүйүнбөгүн...
Улуттук намыска түкүрбөгүн...
Кыргыз элин «Кредит» деп түшүнбөгүн,
Унутпа «Акыйкаттын» өлбөстүгүн!!!
Сай өмүрдү... Ата журттун гүлдөшү үчүн...

**МАСАЛБЕК ШАБДАНОВ,**
**КРнын Маданиятына эмгек сиңирген ишмер,**
**КРга өзгөчө эмгек сиңирген Ардактуу ардагер,**
**КРнын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү,**
**Б. Сарногоев конкурсунун жеңүүчүсү.**



## «АЛТЫН ТАК» ТУРСУН БУЙРУП!..

Алыкул, Чыңгыз ага, Байдылдалар...
Чыгармага шык берген менин бактым.
Жүрөгүмдө ыйлаган сырдуу ырлар
Калыгул... Арстанбек, Жусуп Баласагын!..
Куюлган ырларындай Өтө абанын!..
Насибиндей соолбос жараткандын,
Ширесиндей мөмөлөгөн мөмө бактын...
Дартка даба болсо экен элге жаккан...
Ата-журтка арнаган «Алтын тактым»!!!

Кылымдарда көп болот унутулуп,
Калгандар «ың-жыңы» жок болуп курут.
Кеткен көп кырсык уруп, көз жумулуп,
Ач көздүккө өткөн көп жутунушуп...
Азбы, көппү аруу ак бул ырларым,
Жок дегенде болсо деп ыйманга жуп.
Өзүмө «арам дүйнө» болбойт деп жук.
80 жыл жасап эмгек адал тунук,
Болсо экен деп соолбос кыргыз үчүн,
Манас ата өңдөнүп түгөнбөс кут!..
Ч.Айтматовдой «Алтын так» турсун буйруп!..

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА

### АЛТЫН ТАК

Жайнаган жайдын гүлү эле,
Жаркырап тийген күн эле...
Санжыра болоор эл үчүн,
Сайраган булбул үнү эле...

Ажарлуу Айдын түнү эле...
Таңдайга тамган бал эле,
Мөмөлөп турган бак эле,
Пальша жетпей тамшанган,
Бийликтен бийик так эле...
Акактай тунук ак эле...

Адабият үчүн «кан» эле,
Акыйкат үчүн «жан» эле...
Айтматов деген ат менен,
Агарып аткан таң эле...
Ааламга жанган шам эле!..

Дүйнөнү түгөл кыдырган,
Дүйнөлүк «тулпар» чыгарман...
Дарыдай «тумар»дүйнөгө,
Дүйнө эли күтөт дагы эле...
Дүйнөсү Күндөй узарган!..

«Чыңыз деп» сүйүп окушат,
Чыгарман колдон талашат...
90 жыл эмес миң жылдык,
Ыймандууларга орноттун...
Ч. Айтматов деген «Алтын так»!..
Жашоодо күндөй кулабайт.



### КҮН ЭЭРЧИТКЕН ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

Көрүнгөндөй көзүмө бу ааламда,
«Күн ээрчитип» бараткансып Чыңгыз Ата...
Жылдызы өчпөс тирүүлөрдүн сапарында,
«Ай ээрчитип» келаткансыйт артка кайра...
«Аз бердим ай» дегенсип адамдарга...
Арманымды айтпай дейт «арамдарга»...

Кереметтүү кубулуш сапарларда,
Келбетиндей келишкен Чыңгыз Ата!..
Кыдыр окшоп, кайып окшоп жан дүйнөмө,
Көрүнгөнсүйт өңүмдө да, түшүмдө да...
Калыстыктан кайтпа деп кайрылгансыйт,
Калыстыгын билдирип ырларыма!..

Чексиздик өмүрлөрдүн жарышындай,
Чыгат ырлар, чыгат үндөр Чыкемдин дабышындай!..
Чын сырын айтып бүтпөс өмүрлөрдөй...
Чындыкты ынтымакта табышалбай...
Чырлары көп турмушта Чыңгыз Ата жазганындай,
Чыгыш, батыш боло албай бир Ата баласындай!!!
Чындык үчүн келатабыз тирүүлүк канатындай!!!

## ЫЙМАН ЫЙЫК...

Бийиктиктен бийиктикке өтөм деп,
Таза ыймандан таза ыйманга жетем деп,
Тирүүлөргө ыйман көлүн жаратып,
Элди алдаган тойбосторду, бузуктарды,
Тирүүлүктө мен тазалап кетем деп.

Жашоодо кайыптардай ойлор бийик,
Жаратылыш керемети андан бийик,
Экендигин тирүүлөргө тартууласам,
Аллах деп өтсөм экен... мен жүгүнүп...
Адилетке, калыстыкка эл үчүн мен жүгүнүп...

Ырас дүйнө жаралган ыйыктыктан,
Бирок оор... тазалануу «карамдыктан»...
Болсо дагы, О кудай, жардам сурайм,
Бу дүйнөдө берегөр ачылбаган...
Жакшылыкты жаратууга ыйык ыйман...
Айтматовдой тапсам дейм чыгармадан!

## КӨР БИЙЛИК АЗАБЫНАН

Бала көрбөй боздогон Аталар бар
Башында от, жүрөгүндө муң кайгылар,
Байыртан зыяны жок мусаапырлар,
Байыртан кайберендей тазалар бар...
Бирок аттин айыкпас көп жаралар...

Байыртан кайталанган каталар бар,
Байыртан болгон «тойбос» падышалар...
Жатса да эл кордолуп, жер кордолуп,
Байыртан «жоктой» тартат таразалар...
Башчылар пас жерге кулап Асабалар!..



Таш жүрөктүү төрөгөн көп энелер,
Таштандыга «ыргытылып» наристелер...
Таш мыйзамың өтө албай бир тыйынга,
Тарпка окшоду «тартип» деген беренелер,
Кайда жүрөт«Алтын» жуткан кеменгерлер!..

Акыйкат деп миллион эңсеп келген,
Акыйкатка миллиондор жетпей өткөн...
Акыйкатты көзү менен көргөн үчүн,
Аалым ата «Айтматов ооо» өзү да өткөн!
Аллах колдоп сый-урматын көкөлөткөн!..

Байыркы бабалардын акылынан,
Айтам деп «Акыйкатты» жаңылбаган...
Арылтууга пенделерди кайгы-муңдан,
Алым келбей «Аллах»деп келе жатам...
Акыйкатсыз «көр бийликтин» азабынан!!!

## ЖАШОО

Өмүргө берип жарашык,
Ыйманды элге таратып,
Адалдыкты арттырып,
Аллах үчүн жашасам...
Күн окшоп күндө каткырып!..

## УЛУУ ЖОЛ...

Бир Алла таза ыйманды суранаарым...
Бир өзүң кырсыктардан куткараарым...
Жан барда Кудай жолун таратууга,
Жан сайып Улуу жолдо баратамын!!!
Кыл учунда кыя чайнап келатамын.

## УЛУТЧУЛ ДЕП

Рухтан ыйман кетпеген,
«Устатын» дайым эстеген...
Деп мени «Манас» тукуму,
Учурунда түз айтсам,
«Улутчул» деп тепсеген...

## ЧЫҢГЫЗ АТА

Күн эгизи өңдөнүп Чыңгыз Ата,
Акыйкат деп, ынтымак деп бу ааламга,
Жазып кеткен жаңыча жаратууга,
Бийликтерге ачылбаган жол ачууга!..

## АДАЛ ҮЧҮН ТААЗИМ

Жети өзөндүн сууларын кечтим эле
Жеңилбейм деп «адал үрөн» септим эле,
Жемкор тойбос көралбасты тептим эле,
Жан кечти нысапсызды сөктүм эле.

Кырк жыл бою бийликке чөктүм эле,
Ошондо да «чындык деп» өттүм эле.
Оорусам да сынсамда чөгөлөбөй,
Акыйкатты айткандарды «өптүм» эле...

Бетине айтып чындыкты сүйгөн менен,
Боздогонду... аяп жүрүп жүрөккө түйгөн менен,
Боздогон боз талаада калган жалгыз,
Кайберендей... ок жегенде... күйгөн элем...

Кубанып «Адал» иш деп ажаат ачып,
Калсам да ыймансыздан ызаланып...
Өзүм берген «карыздарды» кечтим эле...
Өз оозумдан билдирип ыраазылык...



Капилеттен кайгыларга чөктүм эле,
Катарынан «төрт өлүмдөн» өттүм эле!..
Каршы чыккан жемкорлорду жеңүү үчүн...
Кечир кудай! Мен алданып, ичтим эле!!!
Бирок...Адал үчүн таазим эттим эле!!!

## АК ОРДО

Тилек тилеп ыйык теңир тузундай,
Ниет болуп ыйык бейиш кушундай,
Акыйкатка ширелишип турсам деймин,
Ата журттун Ак ордосу бузулбай!!!

## БИР КАБАТ «КӨР» БАР

Кудайды да, куранды да сыйлабас,
Кыдырды да, кайыпты да көралбас...
Кан эңсеген канкорлордой боору таш,
Боорукердей боору эзилип ыйлабас...
Көпкөндөр көп Ата журтун, ар намысын сыйлабас!.

Жүз жүздөнгөн кошоматтык көңүл эмес...
Жүз миңдеген бузуктарда «өлүм»эмес...
Бир гана пенде батаар жалгыз үй бар,
Жүз кабат... «Алтын үйлөр» өмүр эмес!!!
Бир кабат «көр» бар чындык... төгүн эмес!..

## КҮН КӨРГҮЛӨ...

Күндө күчөп ыйманы аз нысапсыздар...
Күндө булгап «жашыл бакты» топ каргалар...
Өңдөнүшүп... баратат бай кыргыздар...
Толубайдын көзүн ойгон кеп жакшылар!..
Тирүүлүктө... кимдер айтат... качан калаар!..
Күн көргүлө... «көралбастык өлүп» тынаар»...

2-164

Таласская областная библиотека
Инв. № 112133

## КУДАЙ ДЕСЕҢ

Өмүрлөрдүн айрылбаган күнүндөй...
Муң кайгылуу олуялар муңундай...
Угаар болсоң Кудай десең угуп ал...
Даанышмандын кан жанынан жаралган,
Ата журтка келет «ыйы» угулбай...
Акмактардын көптүгүнөн «туулбай»...
Жарык көрбөй калган «көрдө ырымдай»!!!

## БААРЫБЫЗДЫ...

Айтып бүткүс төрт тарабы келишкен,
Айтматовдой ыйман суун көп ичкен,
Болсо дагы түбүң түшкүр бу дүйнө,
Баарыбызды күтөт, күтөт көрүстөн...

## КАНДАГЫ ЫР

Бербегенди берип кыргыз калкыма,
Кошпогонду кошсом Ата салтына,
Деген ыйык ойдон алыс кеталбай,
Келатамын туюк турмуш шартында!..

## МЕН ДА

Жуурулушуп ый аралаш күлкүдөн,
Өтөөр өмүр гүлдөй соолуп гүлдөгөн...
Ач жылаңач келген өңдүү дүйнөгө,
Мен да өтөөрмүн «жыпжылаңач» дүйнөдөн.

Алтынга «ороп» ач көздөрдү бөпөлөп...
Койсоң деле дешет түбү көгөрбөйт...
Эл насибин соруп өткөн тойбостон,
Нысабы бар кул момундар өйдөрөөк...



## МИЛЛИОНДОР

Акмактарды наадандарды кенебесе,
Акылман жан... падышадан кем эмес...
Өлүк байлык чириндиге айланаар,
«Миллиондор» бир чындыкка тең эмес!!!

## Ч. АЙТМАТОВДУН СЫЙЫНДАЙ...

Көрдүм пейлин акыйкатчыл азаматтын,
Көз көрүнөө «көпкөн» менен айтышканын...
Тарпка түшпөс шумкардай булганбаган.
Турмуштагы татаал жолдо жарышканын,
«Ташбашка» жеңдирсе да намыс, арын...
...Талбаган туусу болду акылмандын!..

Белин үзүп өзү келип «жабышкандын»,
Бейчеки бир пендеге «жабышпадым»...
Бийликтеги айрым бир көр «бажалар»...
Бажасындай өңдөнүшүп «сагызгандын»...
Боорум ооруп «ыйман деп» мусаапыр деп,
Бир тобун чын пейилден куткаргамын...

Жакшылыгың жаза деп мусаапырга,
Деген экен пайгамбарда учурунда.
Бирок мен пайгамбардай болбосом да...
Дилим таза... ыйман таза жасаганга,
Так айтсам баш ийбедим арамдарга,
Жолду бербей ач көздөй жалмаганга!..

«Чөгүп» кетпей алдамчы далбасага,
Кудай үчүн «түшкүлө» ыйман таразага...
Көбөйсө аппак мээнет, адамдарга,
Калбастыр «Арам» орун арамдарга,
Айтматовдун сыйындай элим деген,
Тирүүлүктө... түгөнбөсүн тургандар жаназага!

## БИР АЛЛАХ

Аллах өзүбү бүт ааламды калкалап,
Тирүүлүктүн «баарысына» деп кубат.
Турганы чын күнү-түнү аруулап,
Тирүүлөрдүн тагдырына жол улап!

## ТИЛЕГИМ ЭЛЕ...

Дүлөйгө кулак болуп,
Сокурга көз болоюн...
Мунжуларга кол, бут болуп,
Дудуктарга «тил» болоюн!..

## АКЫЛ-ЭС

Ааламга даңкы жетсе да,
Ажалды аттап өтпөйсүң.
Акмакка «баркың» кетсе да,
Акыл-эс болсо көктөйсүң!..

## ЭЛ УУРУСУ

Акыйкат сөздү ушактап,
Акмактар көп ушактайт...
Ачкадан «өлүп» жаткандай...
Ач көз, тойбос эл уурдайт!..

## АВТОБЕЙНЕ

Достук менен өмүрлөрдү узартып,
Тынчтык менен тирүүлөрдү кубантып.
«Согушчанды»турбас кылып сулатып,
Адал үчүн акыл эсти чыңалтып...
Турсам экен Чыңгыз үнүн улантып!..



## ӨЧПӨГӨН ТИЛЕК...

Өзөктө тарых өчпөгөн..
Өкүнөт аттиң эстесем...
Дечү элем жашоо өмүрдө,
Чындык иш менен көктөсөм...

Адамда ыйман жоктугу.
Ал нысабынын «боштугу».
Алдап көнгөн калп айтып,
Сүткорлордун «суктугу»...

Арам ой менен жашасаң,
«Таз» бакадан өтпөйсүң,
Арам насип «ашасаң»,
Куурап калаар чөптөйсүң...

Кудай деп соксо жүрөгүң,
Чынар тал болуп көктөйсүң!..
Ачкөздөн байлык күткөнүң,
Он жолу Ажы болсоң да,
Өмүрдө өксүп өткөнүң...
Кесирге күйүп кеткениң,
Өткөндөн кийин кеч болоор.
Тирүүлүк барда эстегин!

## АЙТМАТОВ КАЙТЫШ БОЛГОНДО БОЗ ҮЙ ТҮБҮНДӨ ОКУЛГАН ЫР

Өмүр бул миң бир кубулуш,
Өмүрдүн өзү бурулуш.
Өксүтүп ийип Чыкемдин,
Өмүрүн кыйды бу турмуш.

Ата журт ыйлап, жер ыйлап,
Аталап кыргыз эл ыйлап...
Арманым толуп буркурап,
Авалап турдум мен ыйлап...

Казаның калды кайнаган,
Кыргызың калды жайнаган.
Кагылайын жан аба,
Куштарың калды сайраган...

Таласың калды тамшанган,
Туугандар калды жаш тамган.
Түңүлбөй күтөт дагы эле,
Шекериң киндик кан тамган...

Гулсарат калды чабылбай,
Ташчайнар качты табылбай..
Ордунан турбай кара нар.
Онтоодо боздоп Танабай...

Сиз тирүү кезде капасыз,
Дечи элек биздин атабыз!
Жалпы кыргыз айрылып,
Жетимдей болдук атасыз...

Канда жок аттиң намыс-ар,
«Көралбай»жүрдү далайлар...
Көрүүгө эми зар болуп,
Көздөрү далай карайлаар!..

Күн-түнү ойго сырдашып,
Китептер болуп бар байлык...
Кыргызың үчүн жан бердиң,
Сексенге жетээр кырды ашып...



Төбөдөн тийген күн түшүп,
Түтөттү күйүт күйгүзүп...
Туулган сексен жылдыгың,
Туулбай калды түн түшүп.

Кут болуп түшкөн жериңе...
Кут элең конгон элиңе...
Кут болуп эми тураарсыз,
Кут бойдон кыргыз элине!

Кудайым берсе... кез келип,
Көрөөрбүз далай эскерип...
Кылымдар бою эл сүйөөр.
Курулаар өчпөс эстелик

## ЧЫҢГЫЗ СӨЗҮН АКТАСАК, АДАМ БОЛУП

Ааламдагы Аллах берген кереметтер,
Адамзатка арналган касиеттер.
Экендигин биз баалап улантпасак,
Айтматовдун айткандары текке кетээр.
Акыл эсти актабаса кеменгерлер!

Эй пендезат, көрдү издебе көчүп кетээр,
Акылмандар ансыз да өтүп «кетээр».
Адамдыкты атабасак «Адам»болуп,
Айтматовду биз көрбөсөк Дүйнө көрөөр.
Берген бизге, «Кудай десек дагы берээр»

Тирүүлүктө бу дүйнөгө насип берээр,
Буйруганга бактылуу турмуш келээр.
Бул жашоону ач көздөй жута бербей,
Биз адамзат колдоочу болсок эгер,
Тынчтык менен ынтымак ээрчип келээр,

Бириксек... бүт Дүйнөлүк кеменгерлер,
Жүз жылдыгын көрүүгө күн да келээр!

Сагынганым жашыралбай үмүт сабап,
Чыңгызга деп жазаарда көз жаш агат.
Ийне сайып жаткандай жүрөгүмө,
Рух дүйнө чыдабай ийет ыйлап,
Көп наадандар той бергенсип өлгөндөргө!
Шарап жутуп бийлешет тайралаңдап!!!

## АЙ ААЛАМДА ӨЧПӨЙТ ЧЫҢГЫЗ ҮНҮ

Карматпас учкан күндөй бара жаткан,
Чыңгыз деген закым болгон көздөн учкан!..
Чыңгызды баалай, таамай биле албасаң,
Чыңгыз ага куттай эле биз сыйынган!..
Чыңгыз ага арылбай аруулуктан...
Чыңгыз ага бойдон калат сагындырган!..

Өтүп-өтпөй карыган карылыктан...
Өзөгүмдү өрттөдү куйкалаган...
Ай ааламга тараган чыгармадан,
Айтматовдук добуш чыгат зуулдаган!..
Айтматовдук акыйкатчыл чындыктары,
Төрөлгөнсүйт... 90 жылда угулбаган!..

Жарык дүйнө «жаркырап» турган менен,
Жанса бири... бири өчүп тебеленген.
Жан дүйнөлөр барат өтүп билинбеген,
Жашоого да «муз» тоңуп күндөр күлбөй...

Жалгыз «Өмүр» келбейт кайра келем деген!..
Ай ааламда өчпөсө экен «Айтматовду билем» деген!
Айтматовдой айкөл чыкса элге белек берем деген!
Анда мен миң жыл «жашап» тураар элем!..



## МАНАСТЫ ДА, ЧЫҢГЫЗДЫ ДА УНУТПАЙЛЫ

Көр пенделик шор кайгыга өзүң батып,
Канындагы кайнаган өрткө салып,
Жүрөгүңдүн өз наркын баалай албай,
Өз өмүрүң өзүң кыйып болдуң кайып...
Кыргыз элиң... калды окшойт жараланып!..

Түшүнүксүз «кор заман» жакшыларды,
Жутуп келген, жутат али далайларды...
Боордош эл боордошту кордоп жатса,
Биз жүрөбүз кубаттап арсыз душмандарды!..
Уялбай кордогондон кыргыздарды...

Кыргыздан чыккан айкөл жигиттерди,
Көралбай кубаладык «куугандай» кийиктерди...
Сокур бийден запкы жеген тагдырлардын,
Өчө элек ... азыр деле жүрөктөгү «күйүттөрү»...
Бирок өчпөйт Чыңгыз деген үмүттөрү!..

Акыйкатсыз бийликтин «маңкурттугун»...
Жазам деп бүтпөй Чыңгыз өзүн жоготконун...
Ким айтат бир тирүү жан айталбастыр,
Айтыла элек... арман ыйын Ч.Айтматовдун!..
Айталбай келем боздоп Чыкемдин улуулугун...

Айтматовдун чын айтсак мээнеттерин...
Адилет сөз айтса... эгер «иликтейин».
Деген ойдон алыстап кеталбаган,
«Илимдүүлөр» маңкурттай айтпасак сөз кезегин...
Эл да билет алар айлык менен чектелгенин!..

Өткөрүп керт башынан азаптарды,
Көрүшкөн жашоодогу армандары...
Канымда какшап боздоп эсте турат...
Байыркы бабалар жан сайышкан «чоң» казаттагы!!!
Эми биз булгабайлы күндөрдү азаттагы!..
Кудай берген Манасты да, Чыңгызды да унутпайлы!..

## БЕЙИШТЕН АДАШКАН СУЛУУДАЙСЫҢ

*Ч. Айтматов каарманы Жамийла*

(Обон үчүн)

Сөзүңдөн акылгөй жан угуласың,
Көзүңдөн муң тунарып муңдуудайсың.
Жакшыдан улансын деп улуу көчтү,
Жан дүйнөмө жаккан сен бул ааламда.
Бейиштен адашкан бир сулуудайсың.

Сыр болуп жүрөгүмдүн муңундайсың,
Адашып шакта калган булбулдайсың,
Өңдөнүп көлдө сүзгөн аккуу окшоп,
Айчүрөк добушундай угуласың,
Көчмөндөр комузундай шыңгырайсың!..

Сүйүүгө жалгыз өзүң, жаралгансып,
Сезимиме калтырдың, мөөрүн басып...
Жан рух жан рухка сагынышып,
Ааламга эшик ачып анан сени,
Учуп бара жаткансыйм ала качып!..

Бабалардын табылбас кунундайсың,
Энесинен айрылган кулундайсың...
Жан дүйнө эрип барат сени менен,
Бул жайга кайдан учуп келдиң экен...
Бейиштен адашкан бир сулуудайсың!..



## ААЛАМ АДАБИЯТЫНА ЖАҢЫ ДАЙРА АЧКАН УЛУУ ФИЛОСОФ Ч.АЙТМАТОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА

Аза күтүп жашыл арчалар
Аза күтүп аппак кайыңдар...
Али алдыда сыздап кайгыраар,
Аза күткөн сүйгөн айымдар,
Аалам толгон ыйык керемет,
Аза күтөөр али тирүү канчалар...

Аза күтүп Талас-Шекериң,
Аза күтүп Ала-Тоолук өз элиң.
Түрк аталап ураан чакырган,
Эне-Сай-Алтай Тибет элдериң.
Шамбала Памир жерлериң.
Миң жыл күтөөр Чыңгыз ата келээрин.

Менсингенди эстен тандыраар,
Махабаттын моокун кандыраар.
Айтматовчул ыйман барында,
Эстеликтер ээси Чыңгыз деп,
Миң жылдыкта миң деп курулаар!..
Жылдыз окшоп кыргыз уруулар!..

Танабай деп тарап жигиттер,
Гүлсараттай тулпар күлүктөр.
Ак кемедей жайнап үмүттөр...
Жамийладай агаар «сүйүүлөр»
Сүйүүлөрдүн көзүн көрбөгөн,
Көралбастар болоор «дүмүрлөр»

Ким экенин кимдин ким билээр,
Калыс ойчул сынчы далилдээр...
Миң жылдыкта бизге жеткиче,
Күн да келээр Чыңгыз тирилээр!..
Кыргыз көчү Айтматовду төрөгөн,
Толгонайдай өлбөс бугу энелер!..

Кудай барда буйруса бир күн келээр!..
«Мендейлерге»...Чыңгыз наамы берилээр.
Аска-зоолор алтын болуп төгүлөөр,
Ала-Тоодой дайра болуп өмүрлөр!

## ТАЛАСЫМ

Канымсың кан тамырда агып турган...
Күнүмсүң кара түндү жарып турган ...
Кабаанын Ташы өңдөнүп жанып турган
Каректей нур шимирген, сен Таласым...
Чыңгыздай жүрөгүмсүң күнү-түнү кагып турган!

## КУТ БОЛУП ТУРСУН КҮНДӨЙ ЧЫҢГЫЗ АТА!..

Көөнөрбөс бийиктик улуулуктун,
Көрсөткөн көрком дүйнө уюткусун...
Кыргыздын айтып бүтпөс Манасындай,
Куту эле Чыңгыз ага Ата журттун!

Кыргыздар ай, бир кандашым эй кыргыздар...
Качан болсо сын такканга даярсыздар,
Колу менен иш жасап көрбөгөн соң,
Бүткөн ишке «Сынчы көп» деген сөз бар...

Кемчиликти издеген ичи тарлар,
Кыргыз элде өөрчүдү дейт, көп улуулар...



Кемчиликсиз жан болбос бу жашоодо,
Кемчиликсиз бир гана ... бир Кудай бар!..

Андыктан тооба дейли буйруганга,
Айтматов Чыңгыз ага арбагына...
Аллага ыраазы бол... Кыргыз болсоң,
Айтматовдун айкели турганына!...

Көрк болуп кыргыз өлкө борборуна,
Катарлаш конду туурга Манас Ата!..
Кылымдын миллиону өтсө дагы...
Кут болуп турсун күндөй Чыңгыз Ата!..

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДОН КАЛАТ КЕРЭЭЗ

*(Туулган күнүнө)*

Өрт чыгып жаткан өңдүү өзөгүмдөн,
Токтобой көз жаш акты көздөрүмдөн...
Акыркы коштошууда өбө албадым,
Чыкемдин өчүп калган көздөрүнөн,
Чыдабай наристедей солуктадым,
Сүйлөй албай жаңылып сөздөрүмөн...

Топуракты салышты эл топурап,
Алп адамдын табыты жерге узап...
Калгансыдым жапжалгыз ээндикте,
Кең ааламда жан таппай жалгызсырап...
Бейиттен эл тарашып кайра чубап,
Мен турдум көз жаш кулап...
«Тоолор кулап»...

Мындай оор коштошуу болгон эмес
Канча улуттар өксүштү кыргыз эмес...
Көрүп турган көзүмө ишенбестей,
...дегим келди...өлгөн пенде Чыңгыз эмес!..

Деген менен тооба дейм... деп аз эмес,
Айтматовдон тирүүлөргө калган керээз.

Дүйнө элине тирүүлүктү улантаар,
Дүйнөнүн акыйкаты бир Аллах бар!..
Куюлушуп... миллиард көп булактар,
Кудай барда ааламда агат суулар...
Алардын бири болуп тирүүлөргө,
Айтматовдук соолбос чыгармалар!..
Нур болуп агып тураар, агып тураар.

## КӨРӨ АЛБАС КӨП КЫРГЫЗДА

Табында жулкунган аргымактай,
Ойлорум баш бербей ала качат.
Циркттеги шапалактай,
Ойлорум мени сабайт,
Океанда акуладай,
Толкундан толкун жиреп,
Толкундарды титиретет...

Каректер жарылчудай,
Сөздөрүм атылчудай,
Ой-сезим октос берет,
Айтматовсуз жетимсиреп
Араң турам чачылчудай...

Ооругандай өз жүрөгүм,
Мына ушундай күйүттөмүн.
Жазалбай күнөөлүмүн,
Чыкемдин күйүттөрүн.
Өчпөйт бирок үмүттөрүм.



95тен көп ашкандар,
Чынында азыр да бар.
80ге чыкпай кеткен,
Чыкемде күмөнүм бар...
Ишенбес мен күтпөгөн,
Таң калуу азыр да бар.
Германия болбосок да,
Аллахты сүйгөндөр бар.

Деп ойлойм «алдап» кетти.
Чыкемди көрө албастар...
Деп күйгөн жүрөктө зар,
Көз менен кийик аткан,
Кыргызда көп көрө албастар.

## ТААЗИМ

Адабият үчүн кан элең,
Акыйкат үчүн жан элең.
Айтматов деген ат менен,
Агарып аткан таң элең...
Ааламга жанган шам элең!..

Жарыгын чачкан Күн элең,
Жылдызы толгон түн элең...
Жашоону улап жашоого
Жадырган жашоо үнү элең...
Жашарган рух гүлү элең...

Табигат берген дары элең,
Тууган эл үчүн шаар элең...
Тамшанткан акыл-эстүүнү,
Таңдайга тамчы бал элең...
Тарыхка бүткөн кал элең!..

Мээримдүү Аллах жиберген,
Мөмөсүн берген бак-элең...
Манастан калган кыргызга,
Мөөрү өчпөс алтын так элең!..
Мекенге куттай ак элең...

Түшүмдөн кетпей элесиң,
Түн жарып түшкө киресиң...
Тарткын деп өмүр жебесин,
Тартууну таштап кетесиң...
Түшүмдө белек бересиң...

Тирүүңдө жетпей өзүнө,
Топурак салгам мүрзөңө...
Тутундөй түтөп жүрөмүн,
Туралбай айткан сөзүмө.
Салгандай турпак өзүмө!..

Муңкануу кетпей көңүлдөн,
Мен күтөм күнүң төрөлгөн...
Мен тирүү кезде тирүүсүң,
Минутка чейин мен өлгөн.
Максатым өзүң көтөргөн...
Мекеним өлбөс мен өлсөм!
Мекениң өлбөс сен өлсөң!..

### АРЗЫБАС БИР ӨМҮРҮМ...

Эч нерсеге арзыбас бир өмүрүм,
Аны да кууп жүргөн бар «өлүмүм»...
Ага да тооба кылып Аллах үчүн.
Келатам бир жанга айтпай чын төгүнүн,
Карызга берип койгум келет кээде,



Быркыратып... сындырып... өз көңүлүм...
Көзү жок үнсүз түн окшоп ыйлап,
Тунарган турмуш тымызын ыйлайт...
Ааламда чексиз жолумду таппай,
Адашкан жалгыз мен окшоп ыйлайт...
Ыйманда муң зар козголгон сайын,
Жашоону эңсеп жан дүйнө сыздайт...

Мен деле элди көрүп эсептеймин,
Деп ойлоп.. .бирок таппайм эсептерим...
Көргөндө уурдамайды, алдамайды...
Бир күнгө да чыдагым келбейт менин,
Эл журтка... Кудайга да... жүзүм жарык,
Деп келатам буйрусун маңдай терим!..

Менин да арзыбаган бир өмүрүм...
...барына...тооба деймин теңир үчүн...
Көргөндө тойбосторду ач көздөрдү, алдамайды,
Нысапсыз, ыймансызга каргыш деймин...
Жолундай пайгамбардын болсо экен дейм,
Бийиктигин өмүрүмдүн бир күндүгүн!

### ӨМҮР СҮРӨТҮ... ӨКСҮК

«Ташка» айлантпай жүрөктү,
Тамшантып өмүр мүнөттү...
Тартайын деймин дааналап,
Тирүүлөр тартпас сүрөттү...

Куураган шордуу чымын жан,
Кутула албай армандан...
Куулуп кетет турбайбы,
Кашайгыр дүйнө жалгандан...

3-164

Кылычтай шилтеп шар кескен,
Кыргызда бир сөз бар экен...
Эчкидей маарап өлгүчө,
Кой окшоп онтоп «өл»-деген

Ааламда тирүү адамдан,
Адам жок устун тургузган...
Айрыкча күйдү өзөгүм,
Айрылган кезде Чыңгыздан!..

Өмүрүң өтөөр көч экен,
Өлүмгө өлүм өч экен...
Өмүрдөн алып кетээриң,
Төрт чачы «актай» бөз экен...

Өмүрдү жуткан күнүгө,
Өмүргө тойбос дүнүйө.
Өмүрдө адамзаттан бир,
Өмүр жок жеткен түбүңө!..

**ТАЛАСЫМ**

Таласым, куюлуп тунук таланттан,
Таласым, кумардан кумар тараткан...
Таласым, Ай окшоп агып бараткан...
Таласым, Күн окшойт чыгып келаткан...
Таласым, агызып ыйман башатын,
Таласым, сыркоонун айдап капасын,
Таласым, адамдын баалап тазасын,
Таласым, ак жолтой жолду ачасың!..

Өзүңдү туу туткан айкөл Манасың!..
Өзүңсүң туулган туурум Таласым...
Оргуган Өтө аба, Чыңгыз... Атайдай,
Өзүңдөн оргуштаар далай талантың.



Тамшантып сай-сайдан булак чууруп,
Тамшантат ыр болуп аккан куюлуп...
Тарыхта ааламга жолду баштаган,
Таңдантып Айкөлүң Манас туулуп...

Таласка туш келбей турмуш жазасы,
Таласка туш келсин теңир батасы!..
Таласта тазарып ыйман сапаты,
Тарыхы дайрадай аксын ааламга.
Таластын 100миң жылдык башаты!..

**ЫЙМАНСЫЗ ЖАНГА...**

Башка күн түшсө карабас,
Камчы сапка жарабас.
Кара ниет экенсиң,
Көралбастардай боору таш.

Жакшылыкка болуп кас,
Жыдып калган башы таз...
Жамандыкак жан тарткан,
Жан рух кир... пейлиң пас...
Жан кашайтып эл бузган...
Жансың ыйман сыйлабас.

Адалга кылбай жакшылык,
Чоңдорду алдап «Мас» кылып.
Бекерге көнгөн бети жок,
Алдап баарын азгырып.
Ыйманга кара так салып,
Жеп-жутканын жазгырып...

## ЧЫНДЫК ТҮБҮ

Чындыкты тилеп күнүгө,
Чындык деп келем дүйнөгө...
Чындыкты элге таратып,
Туу болсом чындык түбүнө!!!

## КУТУБУЗ МАНАС

Кут конгон өлкө кыргыздар...
Куту өчпөс тоолор жылдыздар,
Кылымдар миңин улаган,
Кайып-хан Манас ата бар!..

## БУЗУК ЫЙМАНСЫЗГА

Эл алдында жалган айтып жүз албай,
Өлсөң дагы чындык айтып бир өлгүн...
Өмүр жутма көр дүйнөгө түгөнбөй,
«Түгөнсөң да» ыйман үчүн түгөнгүн!..

## ТАЛАНТ

Талант деген сайда жаткан таш эмес,
Билсең талант куурап калган баш эмес...
Тойбостордой жута берген четинен.
Талант деген даяр талкан аш эмес,
Кыргызымда тагдыр берген татыктуу,
Түбү өчпөгөн тунук талант аз эмес!..



## АК БАРА КӨЗ ЖАШЫ

Сөз күчүнөн көздөрдөн жаш тамчылап,
Көз жашта көрүнбөгөн арман жатат...
Аялдын көз жашынан сүйүү чууруп,
Эркектин көз жашынан күйүт агат.
Деген сырды тирүүдөн кимдер айтат,
Дүйнөдө бир «базарда» көз жаш сатпайт...
Жаткандай кээ бир акмак тамашалап,
Көз жаштар үнү жоктой жөн эле акпайт...
Коркок менен эркелер дешет ыйлайт,
Ал турмуштун жазасы чынын айтсак,
Көз жаш тирүү эч качан артка акпайт,
Аккан жашты тирүүдөн бир жан таппайт.
Көз жаштар сырын ачпас акылмандай,
Көз жаш кээде жүрөктөн кан аккандай...
Тирүүлүк турган кезде коштоп жүргөн,
Көз жаш... өмүр эгизи булактардай...
Көз жаш деген боорукер ыйманга окшош,
Эй пенде, калуудан корк, көз жаш акпай!..

Карегинен көз жашы агып турса,
Жүрөгүнөн күйүтү акканы ошол.
Каткырык жылмаюулар коштоп турса,
Көңүлдүн кубанычын тапканы ошол,
Буркурап токтоно албай көз жаш акса,
Жан дүйнөнүн бактысы качканы ошол!..
Бар тилин жара чайнап көз жаш акса,
Өз жары аруулугун «сатканы» ошол,
Жүрөгүңө кетпес так батканы ошол...

## ААЛАМ АРАЛАГАН ААЛЫМ

Даанышман соолбос көл...

Наадан какшыган чөл... дегендей түптүү, түбү түгөнбөс тарыхты наадандар жарата албагандай эле, көзү өткөн аалымдардын кыргыз тарыхын эс тутумунда же жазма бағытында (кайсы тилде болсо да) калтырып кеткендигине биз сыймыктануга акылуубуз. Анткени, илим-билимдин турмуштагы ордун бир да олуя тактап айта элек. Ал эми Мухаммед пайгамбар илимди төмөнкүчө, баалаган экен. Илим - чөлдө дос, турмушта - таяныч, жалгыздыкта - жан шерик, кубанычта - жетекчи, кайгыда -кеңешчи, достуктазыйнат-сый, душманга - курал болот деп.

Мына окурман, мындай даанышман сөздү, азырынча окумуштуулардан эч бир жан айта элек. Мен эмне үчүн пайгамбардан баштадым. Аны окурман өзү баалар. Себеби, аалам аралаган аалым, учурдагы каарманым Төрөкул уулу Чыңгыз абанын 75 жылдыгы жөнүндө ой толгоомду айткым келет.

Ырас мен деле Ч.Айтматовдун бардык чыгармаларынан «үзүп» алып 30 беттен ашык макала жазып койгонго кудуретим жетээр эле. Анткенге өз ыйманым жол бербеди. Анткен менен Чыңгыз абанын чыгармаларынан: «Жашоонун кооздугу – бир жеринин кемдиги, жашоо өкүнүчү – анын убактылуусу, жашоо бактысы–түбөлүк эместиги, – анын кемчилиги–анын тирүүлүгү...» Жашоо өзөгү – эркиндикке - бакытка умтулуусу, жашоо түбөлүгү - пенденин келечегин ойлобогондор – жоголгон муундар экендигин окуп түшүнүүнүн өзү эмне деген даанышмандык, философияга чылк оролгон акыл казынасы экендигине таазим этели.

Чыңгыз абанын ар бир чыгармасында жаш баладан баштап айбанат, жаныбарлар, табигаттын сырдуулугу



бийликтин, бийлик төбөлдөрүнүн кыял жоругу жана адам жашоосундагы ааламдын (Понтий, Пилаттарга) баш ийбес мыйзамдары, даанышман жолунун өлбөстүгү, Моисейдин, Исаны, Мухамед пайгамбарлардын кереметтүүлүктөрүнүн жыйынтыгы, керек болсо жашоодогу ар бир пенденин күндөлүк турмуштагы тирүүлүк үчүн күрөшөрү баяндалгандыгы менен аалам аалымына окшоп кетет. Кытайдын аалымы (күн мугалим) Конфуций күнүнө эки саат уктап калган өмүрүн (китеп жазуу менен) элге ыйык китеби аркылуу тарбия берген экен. Миллиарддаган элдин падышасына, сенде тартип болсо – элиңде, өлкөңдө тартип болоор деп, өзүнө айткан тура.

Анын сыңарындай,
Жаш өмүрлөр таза өмүрлөр тыйылбай,
Даанышмандар кырчынында кыйылбай...
Агып турса бүт пендени тазалап,
Аалам нуру Чыңгыз аба ырындай...

Албетте, жан дүйнөсү менен түшүнүп кабыл алган адамга Чыңгыз абабыздын чыгармалары мен үчүн куюлуп турган ырлардай. Кандай гана заман болбосун баары бир адамзаттын уругу өз уругун улантууга жан үрөгөндүгүн Чыңгыз бөрү аркылуу да кабарлап жатпайбы? Адамдын адилеттиктен, аруулуктан, ыймандан ажырап калуусу бул өлгөнгө барабар экендиги кайсыл гана чыгармасынан кездешпейт. Ааламга белгилүү чыгармаларын атоодон да айбыгып, өз түшүнүгүм боюнча өз оюмду же ой толгоомду көп узарткым келбейт. Анткени, Ч.Айтматов жөнүндө сандаган, жүздөгөн илимий макалалар, докторлук эмгектер бар эмеспи. Аны жарамазандай кайталоо окурмандын ой чабытын өчүргөнгө барабар деп ойлойм.

Ал эми бүткүл кыргыз журтчулугу эле эмес, дүйнө элдеринин көптөгөн окурмандарына белгилүү Манас атабыздын арбагына же «Манас» эпосуна берген баасы эмне

деген кереметтүү өлбөстүк «Манас - кыргыз рухунун туу чокусу» деп айтканы элдик накыл сөзгө айланбадыбы. Ат-тиң, бир өкүнүч Чыңгыздын теледеги: «Совет доорунда жазгандарымды учур саясатына карата так бере албаганыма өкүнөм» деген сөзүндө не деген күйүттүү-философия арман жатат.

Эң негизгиси, Чыңгыздын аалам кезген чыгармалары анын кейипкерлери адам баласы жашап турганда жер жүзүндө өз жүрүштөрүн улап, Муса, Иса, Мухаммед пайгамбарлардын осуяттарындай, Конфуцийдин тарбиясындай, адамзатты тазалыкка-аруулукка, адилет-чынчылдыкка үгүттөй берерине толук ишенем.

> Андыктан:
> Ала тоодой кудурети жоголбос,
> Адилеттин адал жолун торобос...
> Агып турсун өмүрүңүз абаке,
> Аруу-ыйман мүрөк болуп соолбос...

Ошентип, кыргыз журтчулугунун насибине, таза намысына Алла-таала өзү берген Чыңгыз абабыздын 75 жылдыгына айтаар оюм түгөнө турган эместей.

Бир гана өзүм сыймыктана турган жашыруун сырым бар эле, ак көңүлдүү шар жаным аны айткым келди. Илгерирээк абабыздын кулпунган 50 жылдыгы, аземдүү 60 жылдыгы, жемиштүү 70 жылдыгына атайын чакыруу менен катышып, кол алышканым күнү бүгүнкүдөй эсимде. Айрыкча кийинки 70 жылдыгына Бишкекте, көптөгөн элдин көзүнчө (тоскондоруна болбой) колун алып, эки ооз сөзүм бар эле десем, «айланайын убакыт аз, салтанаттан кийин айтсаң» деди. «Мен жок азыр айтам», десем күлүп жиберип, ии айтчы дегенде, «Чыке сиздин 100 жылдыгыңызда тойдо көрүшсөк деп кудайдан тилейм» десем катырып күлүп, оо айланайын, тилегиң кенен экен, ошондо экөөбүз көрүшөлү» деп мени бекем кучактап, мандайымдан өптү эле. Мен аябай кубанып, толуп туруп калдым. Ырас, өмүр, турмуш, бийлик, байлык, илим-билим, ач көздүк, көралбастык, чыккынчылык, арамдык, кошоматтык, адилеттик, чындык, аруулук, тазалык ж.б. толгон токой маселелердин баары Чыңгыз абанын чыгармаларында кашкайта берилген. Көрсө анын таланты эле эмес колдоочусу бар, кудаанын сүйгөн пендеси тура.

> Эмесе, Кансызга куяр кан болгун аба,
> Жансызга ыйык жан болгун аба...
> Өмүрдү улап даанышман ага,
> Жүз жылга жашап, бар болгун аба!... –

деген инилик тилегимди айткым келет.

## Ч. АЙТМАТОВДУН 85 ЖЫЛДЫГЫНА

Дүйнөдө өзүнүн чыгармалары 100дөн ашык тилге которулган бирден бир тунук талант, агабыз Чыңгыз Айтматов 12-декабрда, 1928-жылда Тарыхка бай Талас өрөөнүнүн Шекер айылында жарык дүйнөгө көз жарып келген.

Ал катары менен үч окуу жайды бүтүргөн. Негизи атак даңкты «Жамийла» повести алып келген 1975-жылы «Новый мир» журналына басылып чыккан. Анын ондогон чыгармалары, адабиятты түшүнгөн ар бир инсандын көңүлүнөн орун алган. Акыркы чыгармасы «Тоолор кулаганда» деген ат менен дүйнөнү дүңгүрөтүүдө. Кыдыр даарыган агабыз 2008-жылы 10-июнда Германиянын Нюрнберг шаарында каза болуп, 14-июнда Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлган. Жүз миң дегендердин арасында мен да топурак салып дуба кылдым эле. Ошон үчүн мен да бактылуумун деп сезем.

Айтматовдун арбак Рухуна ушул ырымды багыштадым. Арбагы ыраазы болсун. Ал мен үчүн түгөнбөс-казына...

## ААЛАМГА ЖАНГАН ШАМ ЭЛЕҢ

Акыйкат үчүн жан элең,
Адабият үчүн кан элең...
Агарып аткан таң элең...
Ааламга жанган шам элең...

Өмүр бул миң бир кубулуш,
Өмүрдүн өзү бурулуш...
Өксүтүп ийип Чыкемдин,
Өмүрүн кыйды бу турмуш...

Ата журт ыйлап, жер ыйлап,
Аталап кыргыз эл ыйлап...
Арманым толуп буркурап,
Авалап турдум мен ыйлап...

Казаның калды кайнаган,
Кыргызың калды жайнаган.
Кагылайын жан аба,
Куштарың калды сайраган...

Таласың калды тамшанган.
Туугандар калды жаш тамган...
Түңүлбөй күтөт дагы эле.
Шекериң киндик кан тамган.

Гүлсарат калды чабылбай,
Ташчайнар качты табылбай...
Ордунан турбай кара нар,
Онтоодо боздоп Танабай...

Сиз тирүү кезде капасыз,
Дечи элек биздин атабыз,



Жалпы кыргыз айрылып,
Жетимдей болдук атасыз...

Канда жок аттиң намыс, ар,
Көралбай жүрдү далайлар...
Көрүүгө эми зар болуп,
Көздөрү далай карайлаар!..

Күн-түнү ойго сырдашып,
Китептер болуп бар байлык...
Кыргызың үчүн жан бердиң,
Сексенге жетээр кырды ашып...

Төбөдөн тийген күн түшүп,
Түтөттү күйүт күйгүзүп...
Туулган сексен жылдыгың,
Туулбай калды түн түшүп...

Кут болуп түшкөн жерине...
Кут элең конгон элиңе...
Кут болуп эми тураарсыз,
Кут бойдон кыргыз элине!..

Кудайым берсе... кез келип,
Көрөөрбүз далай эскерип...
Кылымдар бою эл, сүйөөр,
Курулаар сизге эстелик.

## 100 ЖЫЛ ЖАШАҢЫЗ

*Бул ыр Ч. Айтматовдук Форумда окулган. 1972-ж. тирүү кезинде*

Кансызга куяр кан болгун, Ага,
Жансызга ыйык жан болгун, Ага,
Чыгарман менен даанышман, Ага,
Жүз жылга жашап бар болгун, Ага!..

Адилеттин адал жолун торобос.
Кудуретин болсун тоодой жоголбос...
Агып турсун өмүрүңүз, агатай...
Аруу ыйман мүрөк болуп соолбос...

Жаш өмүрлөр таза пейил тыйылбай,
Даанышмандар кырчынында кыйылбай.
Кылым баштап өмүрүңүз улансын...
Аалам көзү ачык күндүн нурундай!!!

## КЫРГЫЗ БОЛ АЙМАТОВДОЙ АЛА-ТООЛУК...

Кудай деген кыргыздын үнү болуп,
Көктө турган өчпөгөн Күнү болуп...
Кыргыздын жети өрөөнүн бириктирип...
Кыргыздын жылдыз жааган Түнү болуп...
Кыргыздын ынтымагын ширеттирип...
Кыргызга жүрөк болуп турсам согуп!..
Кырк миллион кыргызга толуп элим...
Кыргыз бол Айтматовдой Ала-Тоолук!!!
Кыргызмын деп кыргыздын тили болуп!!!



## КЫРГЫЗ ҮЧҮН

Кыргыз үчүн жалгыз жанды «кошоюн»...
Кыргыз элди кырсыктардан тосоюн...
Деп жашоодо келатсам да чындык деп...
«Тазалыктан» таппай келем бош орун...
Акыйкаттан буйрубаптыр «бир орун»...
Алыкулдай «Ата журт» деп оорудум!..
Көралбастык... көралбастык деген уу...
Айтматов да өттү, «айынан» оорунун...

## ПРЕЗИДЕНТ ЭЛИ МЕНЕН...

Ыймандуулар турса жолду тазалап,
Ыймансыздар баарын колдон талашат.
Кайгы, кырсык каптаса да оор шарт,
Өз эл-жерин сыйлагандар даңкталат!
Адал кызмат аткаргандар макталат...

Боздоп турам боздогон элди көрүп,
Эл боздотуп башкарган «кемди» көрүп,
Өз эл-жерин кордогончо ыйманы жок,
Падышанын артык болоор калганы өлүп!..
Калганча күнөөсүздүн «баарысы өлүп»...

Болсо дагы президентиң «Алтын»баштуу,
Эл-журту жок башчың, эч болбойт барктуу!..
Ак жүрөк акыйкатчыл болсо башчың,
Анда өлкө эли менен болот даңктуу...
Кайран кыргыз болоор элек биз бактылуу!..

Керт баштан башкаларын ойлобогон,
Кол жеткенин четинен бирден соргон,
Калыстык чындык айткан эл адамын,
Кашайтып башка чаап тоголоткон...

...Күндө да... кайтпайт кыргыз учкан октон!..
Манас ата корккон эмес октон-оттон!!!

## КУДАЙ ҮЧҮН БАР ТЕҢЧИЛИК

Күйүп турам күйүккөн элди көрүп,
Күйгүзгөн эл башкарып «келди» көрүп...
Көзгө айтсам бараткансыйт чындык «өлүп»...
Калыстыктын насиби күндө кемип,
Кошоматчы, ушакчы, бузуктарга,
Калыстын абийир сыйы тебеленип...

Боздоп турам боздогон элди көрүп,
Эл боздоткон бийликке «көтөрүлүп»...
Бетке айткан таза сынды көрө албаган,
Сүйлөсө эл алдында тирүүсүнүп.
Өңдөнүшөт кир суудагы ыплас көбүк...
Казы салып курсактарын салаңдатып...
Конок сыйда «эл баатыры» өңдөнүшүп...

Сыздап турам сыздаган элди көрүп,
Көргөн сайын рух дүйнө «жан» сөгүлүп...
«Жуткандар» кубанышып, каткырышып,
Күндү ойлобойт эртеңки «түбөлүк»
Андайларды колдоп келген «арам» бийлик!..

«Алып-жутуп»... бири кетсе, бири келип...
Конфуций, Сократ, Жусуп Баласагын эске түшүп...
Күйүт күчөп ... чыдабай... келем күйүп...
Акыйкат деп өз «огумда»... тегеренип, тегеренип!

Акыйкаттын үнү эмес... өзү да жок,
Бийлик алсыз, соттор да алсыз үмүт токтоп...
Коррупция жүрөт... баарын териштирип,



Бар экенин билсең да көп кемчилик...
Жан кашайтат «кол тийбестик» жан кечтилик...
Турганда Ата-Журттун туусундай түгөнбөстүк...
Болсо дейм кудай үчүн бар теңчилик!!!

## БАР БОЛСО ЭКЕН...

Бири жетпей эңсөөсүнө эңсеген,
Бири «көөп» эл насибин тепсеген...
Бири жүрөт « жылдыз» болуп өчпөгөн...
Бу дүйнөдөн аттиң кимдер өтпөгөн...
Бар наадандар... адал терин төкпөгөн!..

Өмүр көчү бир бирине окшошпой,
Өлүмгө эмес «өмүргө» бар коштошмой...
Башы Күнгө аягы Айга жетсе да,
Өмүр менен тирүү калбас коштошпой!..
Өтүү тозок ... бир адамга достошпой...

Көзү өткүчө эли-журттун көксөгөн,
Калыстар бар « чындык» үчүн чөкпөгөн.
Казып бүтпөс казынага айланып,
Канча өмүрлөр келет али көктөгөн!..
Канча өмүрлөр жолдо калаар өксөгөн!...

Бар өмүрдү барктоо деген Улуулук...
Баалай билсең Ата-Журттун аты ыйык!..
Бардык иште акыл эстүү ынтымак...
Бар болсо экен.. Өмүр менен Ата-Журт,
Бар дүйнөгө толуп турса жуурулуп...

## КӨРАЛБАСТЫК КАЛСА СООЛУП!..

Каным таза, дилим таза барында,
Мен ишенем тирүүмдө Кудайга,
Маңкурттардан батсам дагы «убайга»,
Менин үнүм угулат дейм Кудайга...
Максат үчүн болсом дагы убара...

Ишенгиле бурадарлар Кудайга,
Ишенгиле окуп ыйык Куранга,
Ишенгиле мүрөгүнө бейиштин,
Ишенгиле аалам Аллах жолуна,
Бүт тирүүлүк бир Алланын колунда!..

Ач көздүгүн, тойбостугун арбыткан,
Алдым-жуттум күчөп барат чын айтсам...
Айбандардан аша чаап баратат,
Адам өңдүү акыл-эстен адашкан...
Айлангырлар... «адам» деген сапаттан!..

Канкорлордой бирин бири тоношуп,
«Кайра келбес» кайран жанды кордошуп...
Кудай берген «Ай да, Күн да» аз болуп,
Кетишүүдө бир-бирине кордолуп,
Көралбастык деген калсын соолуп!!!

Ишенгиле, о пенделер, Кудайга!..
Ишенгиле окуп ыйык куранга!..
Ишенгиле, тирүүлүктө тирүүлөр...
Ишенимиң... бир кудайдын колунда!..
«Ишенбейм» деп – сен Кудайга док урба.



## КИМГЕ КЕРЕК?

Кайберенди өлүмдөн коргоо үчүн
Жан кечтини токтотууга жетсе күчүм...
Болгон күчтү акыйкаттап чечким келет,
«Башы жетпес» бийликти оңдоо үчүн!
Коррупцияны түбү менен өрттөө үчүн!..

Дүлөйлөргө кулак болуп бергим келет,
Сокурларга көз берүүнү келем тилеп...
Мунжуларга кол, бут болсом Кудай буйруп,
Дудуктарга тил болсом дейм керемет...
Алладан бу жашоодо деп буйруса,
Кудай деген пенделер көп туулса,
Бирин бири сыйлаган мусаапырлар,
Таза ыймандуу турмушту улантышса!..

Пенделерди өң-түсүнө бөлүп жарбай,
Сен «мусулман» сен «каапыр» деп сурабай,
Бир кудайдан бу жашоого тынчтык сурап,
Пайгамбарлар үзүлбөс жолун улап...

Жер шарында ак пейилдүү адамдардай,
Адам деген аты бардын баарын курап,
Тирүүлүктө тирүүлөрдү кубандырсак!
Тынчтык күндү ыр коштогон узак узак...
Жашап турсак... кандай акмак кантип бузат!..
Жай турмушту бузууга кимдер чыдайт!..

Кимге керек «Арам байлык» элден артык...
Кимге керек какшаттырып!..
Кимге зарыл «сен жалгыз» жашап калып...
Кимге керек өлүмгө да артык баштык!
Кимге керек «ит жашоо» бирибизге-бирибиз
каршылашып!!!

## ЫЙЫГЫМ ҮЙҮРМАРАЛЫМ

Батынбай эмнеңен баштаарыма.
Асыл баа тарых чөккөн таштарыңа...
Ыйыктай апкаарыймын жаш балача,
Үйүрмарал... сен жөнүндө баштаарымда...

Кайберен үйрү менен мекендеген.
Чийим таш, аска-зоолор тарых чийген,
Кайың тал чер токойлуу капчыгайың,
Келгендин көөнүн буруп кетирбеген...

Деңиздей терендик жок ырас танбайм...
Көл сымал кенендик жок калп айталбайм...
А бирок көл деңизден ууртай алгыз,
Тамчыңдын тазалыгын мен айталам!!!

Үйүрмарал сен жөнүндө сырга толгон;
Жан сырды баштай албай көп ойлоном.
Күнөөсү жок... күнөөлүүдөй кейип келем...
Жеталбай... өз чегиме бир болжогон!..

Көбөйүп көралбастар Үйүрмаралды,
Башташууда уялбай «таламайды»...
Ач көз тойбос көбөйсө да «чочколордой»,
Миң кылымдап соолто албайт Үйүрмаралды!..
Кезинде тууган жердин турпагы үчүн...
Бул ыйык суу деп кордолуп атылышкан...
Үйүрмаралдык аталардын аккан каны!..



## МУХАММАД ПАЙГАМБАРГА

Үмүттүү тооба кыламын.
Үммөтү пайгамбарымдын,
Кубанып турам күн сайын.
Кулу экенге кудайдын...

Аллахтын жолун улантткан.
Алланын өзүн кубантткан...
Мухаммед пайгамбарымдын,
Ак жолун жазып улантсам.

Аллахтын болгон элчиси.
Пайгамбарымдын энчиси,
Аллахтын сөзүн ааламга,
Ак бойдон айтып берүүсү.

Жарыгын чачкан күн болгон,
Жылдызы толгон түн болгон...
Жашоодо ислам дин үчүн.
Жаңырып турган үн болгон...

Ааламга жанган шам болгон.
Агарып аткан таң болгон...
Алланын жолун туу туткан.
Ак ыйман үчүн жан болгон...

Колдоочусу бир Алла.
Кол бергендей Кудайга.
Кудурети ченемсиз.
Кут чачып турган ааламга...

Ислам дин үчүн бак болгон,
Ислам дин үчүн ак болгон.

Ислам динин тараткан,
Ислам динге так болгон...

Жүрөккө тагып сүрөтүн,
Жалынып күндө жүрөмүн...
Жашоодон өтүп кеткенче,
Жүрөгүмдө түнөгүн...

Кудай деп үнү угулган.
Кут болгон куттай куюлган...
Шыпаасы тийип турса экен,
Мухаммед пайгамбарымдан...

Ислам үчүн ыйык жан,
Кудайдын өзүн кубанткан.
Деп тилейм пайгамбарымдай,
Кудайды мен да кубантсам.

Сөз айтып аллах атынан,
Сөз сүйлөп Ислам жолунан.
Курандын баарын жатка айтып,
Кубатты алган курандан...

Көк теңир болуп түнөгү,
Кудай деп согуп жүрөгү.
Мусулмандарга жар болуп,
Тазалап өткөн күнөөнү...

Мухаммед өтсө дүйнөдөн,
Мусулман жоктур күйбөгөн.
Өткүчө көзүм дүйнөдөн,
Мухаммед өчпөс көңүлдөн...



Тирүүлөр менен бу маалда.
Ислам дин тарап Ааламга...
Жаткан кезде арнадым,
Мухаммед Алейхи саламга...

Ажалдан дайым «ок жеген».
Армансыз пенде жок экен.
Айтканым Кудай кечирсин,
Арналды күйүт от менен...

## АЛЛАГА ЫРААЗЫ БОЛУУ - АДАМ БАКТЫСЫ

2009-жылдын 10-ноябрындагы «Московский Комсомолец» гезитинин 18-бетине жарыяланган «Дитья Пророка» деген макаланы окуп, мен дагы бир жолу өзүмдүн башымдан өткөн окуяны айтууга туура келди.

Биринчиден - «Пайгамбар балдары» жөн эле бир элди дүргүтүү багытында жазылган алагүү маалымат эмес экенине ишендим.

Экинчиден - Дагестандагы, Кызыл Октябрь айлында төрөлгөн Али Жакып уулунун кереметтүү Аллахтын кудурети, Мухаммад пайгамбардын шарапаты менен жарык дүйнөгө келиши, жалпы мусулман элинен жана бүт адамзатка кайрылуу деп түшүнүү керек. 9 айлык Алинин апасы Мадинанын айтуусунда, Калимат деген кызына болгону 5 ай болгон кезде боюна бүтөт. Бул деген адам баласында боло элек керемет эмеспи. Төрөт маалынан бир ай мурда же 8 айда Мадина төрөйт. Ошондо 8 айга жете электе эле боюнан алдырып салайын деп баратып, жолдо мечиттин жанынан өтөөрдө керемет күү угулуп, көзүмө «Аллах» жазуусу көрүнүп, ошондо өлсөм да баланы «аборт» жазатпайм деген дейт. Өзү, күйөөсү Шамил да бейшембиден жумага караган түндө төрөлүшүптүр. Али да бейшембиден жумага оогон түнү төрөлөт.

Толгоосу тез эле бир минутада уулун төрөйт эч кандай кыйналуу болгон эмес. Наристе 2,900 салмакта түшөт. Мурда биринчи төрөттө өтө кыйналганын беш айлык кызым болсо, анан дагы төрөсөм мен кантип чыдайм деп корктум эле (УЗИге барып көрүнгөндө) деп эскерет Мадина. Төрөт үйүндө врачтар баланы 3 саат, 3 күнү дарылашып жан беришкендей эле болушат. Бала уколду сезбеген, эч үн чыгарып ыйлабаган, анан 7 күн «Барокамерага» жаткан. Балага Али деген ысым коюшат. Баланын ээк алдында «гематома» көрүнүп, анан кайра анын ордуна «Аллах» деген жазуу пайда болот. Качан ошол жазууну көргөндө мен өзүмдүн төрөгөнүмдү да сезген жокмун, ал-кубатым ордуна келип, кандайдыр бир кубаттуулук мени коштоп кетти. Баланы оор абалда деген врачтар таң калышты, эч жеринде оору жоктой колдорун сермелеп, бир үн чыгарып ыйлаган жок дейт энеси Мадина.

Баламды боорума кысканда, мен өтө жеңилдеп ооруган жерим жоголуп калды. Ар үч күндө Алинин тизелерине, сандарына, балтырына арабча жазуулар жазыла берди. Аны имам Абдула таң кала окуп, курандын, аяты, хадистин сүрөөлөрү жана «сен кудайдын кулусуң, бир гана кудай», «эң бийик жалгыз Аллах» деген бир катар жазуулар жазылганын которуп, Алинин төрөлүшүн Аллахтын жиберген элчиси Мухаммад пайгамбардын жолун улоочу ыйык пенде экендигин айтты деп Мадина кубангандан көз жашын төгүп турду. Врач педиатрдын кайталап текшерүүсүндө Алинин бир да жеринде эч кандай оорунун белгиси жок экендигин айтып, алар өтө таң калыштуу наристе дешкенин да эскере кетти.

Ошентип Алинин укмуштуудай, дүйнөдө кайталана элек жаңылыкты жараткан төрөлүүсү 9 айга толуп, Дагестан эле эмес, бүткүл Россиядагы жана чет өлкөлүк мусулмандардын таң калуусун туудурду. Орозо айында суткасына даам татпай койгон, а түгүл, сууну уурттаса да уурттабай койгону таң калыштуу керемет болгон. Анан дагы Алини көрөбүз деп келгендердин саны эсепсиз болуп, үйдү атайын 14 милиция жана эң кубаттуу деген сакчылар кайтарганга карабастан элдер дале үзүлбөй келишүүдө. Эл арасынан ошол балага ийилип, «Ассалоому алейкум» деп наристеге салам бергендерге Али жылмая карап колун булгалайт экен.



Учурда Кизлярдин аттуу-баштуу жетекчилери, эл бийлегендери, Жогорку Кеңештин (ошол жердик) төбөлдөрү материалдык жакшы жардамдарын аяшпай, Алинин атасы Шамилге «Ладу Приору» жеңил автоунаа тартуулашты жана эки кабат үйдү куруп берүүгө киришүүдө. Дагы бир кызыктуу жери, балага «көз тийип» кетпесин дешип үйдөн чыгарбай, келген элден сакташат. Ошондо Али аябай катуу ыйлайт, энеси чыдабай эшикке алып (көрүүгө келген пенделерге) чыкканда ыйын тып басып, жылмая күлүп турат экен...

Чынын айтсак жок дегенде Алинин колун же кийимин сылап коюу үчүн келгендер миңдеп саналаарын ата-энеси танышпайт. Мына, урматтуу пенделер, менин сиздерге жакшы кабар айтайын дегеним ушул баланын «Аллахтын»—жаратkандын бар экенине күбөлүгүнө далили жана азыр да ишенбеген ыймансыздар арабызда көп жүрүшкөндөрүнө зээним кейийт.

## АЛЛАХТЫН КУДУРЕТИНЕ КУЛДУК КЫЛАМ...

Эми, ушул багытта өз башымдан өткөн окуяны айта кетейин, өткөн 2007-жылдын 7-февралынын бейшембиден жумага оогон түнүндө, таңкы саат 4-5 аралыгында туруп дааратtанып, багымдат намазын окуп, бир сааттай дуба кылып, анан жаздыкка баш коюп жатканда, көз илинип кетиптир. Оң жак капталымда боор эле тызылдап кетти. Оюмда эч нерсе жок. Жаңы көз илинди эле деп өзүм

коркуп кеттим. Колум менен сыйпаласам ачышкандан тез тура калып, жарыкты күйгүзүп алаканым менен сыласам алакан кан болуп кетти. Бирок кан аккан жок, шүйшүнү чыгып турду. Кайра күзгүгө-барып карасам, таң калыштуу арабча жазуулар жазылып калыптыр. Бир эсе таң, кала, эч жерим ооруган жок, тызылдаганы да басылып калды, бир эсе коркуп, кайра даарат алып, ыйлап Аллага дуба кылып пайгамбарларга, периштелерге, кайыптарга, алым, олуя, даанышман көзү өткөн эшен, калпаларга өзүмдүн кудуретим жетишинче дуба окуп, буркурап ыйладым.

Ошондо саат 5-30 эле. Үйдө аялым да, үйдөгү уул-келин, балдар, кыздарым, неберелерим бири да шырп этип дабыш сезишпеди. Себеби, февралда таң 8де атат эмеспи. Эртең менен баарын тургузуп, бети колдорун жуугуздуруп анан денемдеги каны кургай элек жазууну көрсөттүм. Баары чурулдап ыйлап ийишти. Бир жандык союп, жакын санаалаш бир тууган-кудаларга сый тамак бердик. Анан жазууну сүрөткө тартып, райондогу сүрөтчүдөн 7 көчүрмө жазатып алдым. Үсөн молдокени чакырып айттым. Ал молдоке окуп ичинен дуба окуп, менин колумду кармап Масалбек аке, сизге кудай чоң урмат сый көрсөтүптүр. Бул жазуу периштелер аркылуу Аллахтын эки ысымы денеңизге жазылыптыр. Мен билгенден адам пендеден сизден биринчи көрүшүм, эч бир жанга айтпаңыз, көрсөтпөңүз, сизге Аллах тааланын зор ырайымы берилиптир деди.

Кийин Бишкекке барып Абдышүкүр молдого «Учкундан» 7-кабаттан карп-курп жолугуп калып, бирин бердим. Ал дагы тез окуп, мага кол берип, бирдеме деп дуба окуду. Борбордук мечитке, (бир тууган кайним Бекназарды, ал дагы 5 убак даат кылат) ээрчишип бардык. Мураталы ажы жок экен, орун басарларынан бирөөсүнө (намаз окугандан кийин) атын унутуп койдум, бир көчүрмөсүн бердим эле, ал окуп эле отура калып дуба



окуп, «Аллах ыраазы болсун» сизге кудайдын ырайымы берилген экен, элге жакшылыгыңызды уланта бериңиз деп колумду алып, бата берди. Ошол денемдеги сырдуу жазуудан кийин, 19 күндөн кийин үйдөгү эки кой тууп, эки кара козунун эки капталында арабча жазуулар чыкты. Анда кудайга ыраазычылык айтып дуба окудум. Анан 1-май күнү уулум Нурсултандын туулган күнү эле, (20 жашка чыккан) жолдошторумду чакырып «отуруш» өткөрөм дегенине уруксат бербей коюп, алма бакка барып эс алдым эле, өйдө асманды кара дегендей үн чыкты. Өйдө асманды карасам эле, бир чакырымдай айлана көкмөк таза ачылып, дал ортосунда Аллах деген жазуу пайда болду. Шашып даарат алып саатты карасам кечки 5тен 20 минут өтүптүр. Мен жети ирет дуба окуганча асмандагы жазуу (алты жети мүнөттөй) өчпөй туруп, анан узун-узун булутка айланып кетти.

Эми кийин сентябрь айында, өзү кара уй ак музоо тууганда таң калдык. Себеби, ак музоонун эки капталында 11-12 кара точкалуу араб жазуулары пайда болду. Аны да бир адамга айта да, көрсөтө да элекмин. Демек мени сыноо али да жүрүп жатса керек деп ойлодум.

Дагы бир укмуштай сырдуу түштөрдү көрүп, бирок баарын айта элекмин. Бирок Чыңгыз Айтматов менен Байдылда Сарногоев өтөөрдөн 4-5 ай мурда аян келип, тирүү кездеринде эле, түшүмө коштошуу ырлары кирип, өлөрдөн 3 ай мурда ырларды жазып, ал ырларды бир гана адамга көрсөттүм эле. Ал момун адам эле... эч нерсе дей албай, азыр тирүү эле го... «өлдү» деген ырыңызды эл укса же окуса коомчулукка жакпай каласыз, андан көрө эч кимге айтпай эле коюңуз деди. Мен баары бир чыдай албай, Байдыкеме жети ыр, Чыңгыз атага жети ырды жазып салгам. Алар көзү өткөндүн эртеси эле газеталарга басылды. Эми менин бир бала кезимден тилеген тилегим мекенге, элиме адал эмгек жасап адамдарга өмүр өткүчө

бир жакшылыктарды жаратууга өлкөлөр арасында тычтыкты таратууга. Элди какшаткан, боздоткон, зордогон, кордогондорду жакшылыкка арамдык, кара ниетти көрө албастык кылып, эл эсебинен пайда көргөн алдым-жуттумдарды, тойбос-ач көздөрдү, уурдап тоногон арам тамактарды жалаң арамдык, айлакерлик, бузуктук, бетсиздик менен кошоматчы-жел өпкөлөрдү туура-адал ак жолго же кудайдын жолуна таза ыйманга тартуу эле. Иш жүзүндө, турмушта ушулардын баарын аткарам деп кайра сөөккө баткан азап өксүктөрдөн кутулалбай келем. Бирок Аллахтын ырайымы пайгамбарлар-периштелер, кайыптардын колдоосу менен өз чыгармаларымда чагылдырып келатам. Азырынча, ушуларга да тооба деймин. Тирүү пенделерге айтаарым, адамдык асыл, адал-ак ыймандуу сапаттарды сактоо – бул Теңирдин жолун улантуу дегендик. Андыктан Аллахты кубантуугa мен күнү-түнү ак кызмат кылууга өзүмдү багыштагам.

Кудай кудурет берсе ал жолумду улантуугa жана ыйманымды таза сактоого даяр экенимди далилдей алам.

## ...БОЛГОНЧО ЫЙМАНЫ «ЖУРТ АТАСЫ»

Кара ниет, көралбас, бузуктар көп,
Күнөөсүздү ушактап жүрөшөт дейт.
Калыс сөздү чындыкты түз айталбай,
Акыйкатты бетке айтсаң, титирешет...
Кыргыз эмес андайлар... эки буттуу эшек!..

Жан рухтун кулу болуп жашагандар,
Бут тосуп кубангандар көп арамдар,
Керегинде айткан сөзүн таныып кетип,
Көрбөдүм деп ыйманын да сатат алар,
Элинен да жеринен да «качат» алар...



«Чындыкты сыйлоо» деген Акыл баасы,
Байыртадан бабалардын ыйык салты.
Деп какшап келаткандı укса дагы,
Баш чайкап калат тура «бийлик башы».
Баягыдан улам күчөп «коррупциясы»...

«Сыйлоо деген башканы – ыйман баасы»,
Деп айтышкан Генийлердин далайлары,
Кылымдардын «миллион» өткөн менен,
Бааланбай төмөндөөдө ыйман баасы.
Өлгөндөн соң бааланат дейт таза баасы...

Эл бийлеген «өлкө башы» болсо дагы,
Болалбаса акыл эс таразасы...
Эл какшатып эзгенче күнөөсү жок,
Кеткен оң... таза ыймандын садагасы!..
Болгончо... ыйманы жок, Журт Атасы!!!

## АКЫН БАР БИЛИНБЕГЕН... (С. Жигитовго)

Окусаң... жан дүйнөлөр дирилдеген,
Ырлары аккан күндөй иримдеген.
Бийликке, байлыкка да жүгүнбөгөн,
Бир акын бар белгисиз билинбеген.
Кудай сүйгөн жүрөгү күлүндөгөн.

Кыргыз тилим кир жукпас дилим деген,
Бар ниетин элине берем деген–
Ырларындай ыймандан түңүлбөгөн...
«Кыргыз эл баатыры»... болбосо да,
Кыргызды кордогонго жүгүнбөгөн!

Өзүндөй ырлары да чөгөлөбөс...
«Кыдырдай» көрүнгөндөй бир көрүнбөс...

Өмүрдүн ортосунда чындык издеп,
Аллах берген өмүрү бар шамдай өчпөс,
Кудай берген аяны бар бир жан сезбес...

Көргөнүнө Ай-Күндү деп каниет,
Көралбасты ыр менен титиретет...
Канчаларды «какшатып» алдап көнгөн,
«Жегичтердин» бетине чаап ийет,
Калыстыкка жетем деп күйүт издеп!..
Анча мынча тулпарлар «желбей калган»...
Жолу жок... таштак жолду тандап келет.

## ЖАШОО МУЗЫКА (Атай ата арбагына)

Музыка-шумкар учуш... Кайберен жүрүшүндөй,
Булбул үндүү... Боздойт көзгө көрүнбөй...
Кургак чөлдө жан сергитип кандырган,
Булактардай ырдайт бирок төгүлбөй,
Үзүлбөгөн учу үзүлбөс өмүрдөй...
Музыка алдабаган үмүттүүнү...
Шыпаадай эс алдырып күйүттүүнү,
Качанкы соолгон бир көздөрдү ачып,
Көрсөткөн күч... Көрбөгөн жарык күндү...
Эргитип улам жаңы сыр күүлөрдү...
«Сөздөр өлүп»жүрөгүң жалгыз калса,
Кайгы-мунга жан дүйнө камалганда...
Жан онтоп зым абакта жатканда да,
Сөз кошуп, тилди берген... Ал Музыка...
Жан тартып, жанын берген жандууларга...

Музыка «Сүйүүсүнө» баткым келет,
Муң баскан сүйүүлөрдү ачкым келет...
Муң арылбас дүйнөдө карыптарга...
Музыкадай соолбой аккым келет...



Коррупцияны ... Садага чапкым келет!...
Тили жок түнөргөн муз кара түндөй,
Тентиген ... Чыккынчыдай жалгыз өлбөй...
Тоноочу, ууру, качкын, ач көздөрдөй,
Тарп окшоп кургак чөлдө же көмүлбөй,
Музыкасыз өткөн дүйнө... Кандай дүлөй...

Эй пенделер, жашаган жер шаарында,
Ээн баштык кылбайлы музыкага...
Ээндикти толтурган ынтымакка,
Музыка аалам жаңы Поэзия.
Өлбөс достук болсо деп Адамзатка!..
Жалынамын жан курман... Жаратканга!..

Нурун берген күнгө окшоп жер шаарына,
Жан дүйнөңө багыштап Жаратканга...
Тытышпай... Керт башы үчүн асыл пенде,
Адамга окшоп биригип жашоо үчүн...
«Музыкадай» зор дүйнө курсак кана!..
Тынчтык деген ыймандa турсак кана!..

## АЛЛАГА ТААЗИМ

Ыймандан ыйман кураган,
Алланын жолун улаган.
Акыйкат сурап Алладан,
Ыймандуу жолду тандаган.
Мухаммад алейхи саламдай,
Ааламда чыкпас бир Адам!..

Дилин да тилин арнаган,
Аруулук жолдон талбаган.
Калыстык менен караган,
Кудайды сүйгөн таза адам!

Чыкса экен күндөй жаркырап,
Бүт ааламга тараган.

Пайгамбардай бир адам,
Ишке ашаар эле тилегим.
Мен сагынып самаган,
Тилегим эле суранган.
80 жылы Кудайдан...

Берегөр Аллах өзүңдөн
Мен өлгөнчө суранам!..
Ааламга толсун момундар,
Кур калбас ыйык Курандан!

Ээрчитип наристелерди,
Ата-эне болсун кубанган!
Чыр болбой улут аралык,
Ынтымак болуп уланган!
Буйрусун насип Кудайдан!

### ПРЕЗИДЕНТ ЭЛИ МЕНЕН

Ыймандуулар турса жолду тазалап,
Ыймансыздар баарын колдон талашат.
Кайгы, кырсык каптаса да оор шарт,
Өз эл-жерин сыйлагандар даңкталат,
Адал кызмат аткаргандар макталат.

Боздоп турам боздогон элди көрүп,
Эл боздотуп башкарган «кемди көрүп»
Өз эл-жерин кордогончо ыйманы жок,
Падышанын артык болоор, калганы өлүп,
Калганча күнөөсүздүн баарысы өлүп...



Болсо да «Президентиң» алтын баштуу,
Эл-журту жок башчың, эч болбойт барктуу!
Ак жүрөк акыйкатчыл болсо башчың,
Анда өлкө эли менен болот даңктуу...
Кайран кыргыз болоор элек биз бактылуу!...

Керт баштан башкаларын ойлобогон,
Кол жеткенин четинен бирден соргон,
Калыстык чындык айткан эл адамын,
Кашайтып «башка чаап» тоголоткон.
Күндө да кайтпайт кыргыз учкан октон!..
Манас да корккон эмес октон-оттон,

### КЫРГЫЗ ДЕП...

Кыргыз деген кыргыздын үнү болуп,
Көктө турган өчпөгөн күнү болуп.
Кыргыздын жети өрөөнүн бириктирип,
Кыргыздын жылдыз «жааган» түнү болуп.
Кыргыздын ынтымагын ширеттирген,
Кыргызга күндө тилеп чың ден соолук...
Кыргызга жүрөк болуп турса согуп!
Кыргыз деп арманым жок өтсөм өзүм...
Кыргыз болуп Айтматовдой Ала-Тоолук!!!

### КЫРГЫЗ ҮЧҮН

Кыргыз үчүн жалгыз жанды кошоюн,
Кыргыз элди кырсыктардан тосоюн.
Деп жашоодо келатсам да чындык деп,
Тазалыктан таппай келем бош орун.
Акыйкаттан буйрубаптыр бир орун.
Алыкулдай Ата журт деп оорудум!

## УЗАТУУДАГЫ ЭСКЕРҮҮ

Ааламда аты өчпөстөрдүн бири Чыңгыз Айтматов атабыз экендигине таазим кыла:

Адабият үчүн кан эле,
Акыйкат үчүн жан эле,
Айтматов деген ат менен,
Агарып аткан таң эле,
Ааламга жанган шам эле... – деген ырым

менен баштагым келет. Улуу жазуучунун чыгармачылыгын изилдеген, ал жөнүндө ойлорун айткан ишмерлер аз эмес. Андыктан, мен ал адамдын кайтыш болуп, акыркы жайга узатуу мезгилдеги болгон окуяны айткым келди.

Эл көп, Ч.Айтматовдун өз үйүнө жети боз үй тигилип, экөөсү короо ичинде, бешөөсү сыртта экен. Батага келгенди сырттагы үйлөргө киргиздирип, даам сыздыруу аземи уланып жатты. Биз, Таластан жети адам менен бирге барып, батага түштүк. Мен короого киргенде эле токтоно албай боздоп-боздоп, Чыкем жаткан боз үйгө жөлөнүп ыйладым. Бата кылыңыз деген үн угулганда, үшкүрүнүп бата кылдым. Көзүмдү сүртүп, тегерегимди карасам отургучтар бар экен. Чыкемдин иниси Илгиз, уулу Санжар жана бир топтор олтурушуптур. Салт боюнча аларга «пендечилик» айтып учураштым. Бет маңдайда Төлөгөн Касымбеков отурган экен, ал кишиге саламдашып кол алыштым. Төкөң түз эле – « Ай иним, сен Чыңгыздын нак сүйгөн, сыйлаган азамат экениңди ыйлаганыңдан билдим, сага кошулуп, мен да ыйладым» - деп көз жашын сүрттү. Төкөмдүн жанына журналисттер тобу келишип: «Чыңгыз аба жөнүндө бир-эки сөз кылсаңыз»-дешип тегерете турушту. Ал киши бошоп ыйлап, сөз айтууга чамасы келбей жашыды, мени карап сүйлө дегенсип белги кылды. Мен Чыкеме арнаган ырды окуп ийдим, «Чыңгыз Айматов агабыз кайтыш болгон менен ал киши өлбөстүккө айланды.



Ааламда адамзат жашап турганда Чыкемдин чыгармалары кыргыз элине казына болуп тура берет. Ал байлык, кенч катары тирүүлүктөгү тирүүлөрдү тамшандырып турaарына мен ишенем» - деп кыскача сүйлөдүм.Төкөм да, Илгиз аба да угуп турушту. Төкөң да менин колумду кармап, «Айланайын сен акын турбайсыңбы, эки ооз сөзүң ыр болуп куюлду, мен сага ыраазымын» - деди. - «Сендей жүрөгү, ыйманы таза адамдар көп болсо кана, аттиң, Чыңгыз агаңды сендей түшүнүү бул өзүнчө сыйлык»- деп ыраазычылыгын билдирди.

Аңгыча Илгиз ага келип, мени жетелеп: «Сен кичүү экенсиң, Чыкеңдин үйүндө сырттан келген улуу коноктор бар эле, аларга чай берип турсаң жакшы болоор эле, ылайыктуу киши таппай турат элем, » - деди. Мен макул дедим, өзү ээрчитип үйгө киргизди. Үй ичи толо меймандар экен. Көбү башка улуттардын өкүлдөрү окшойт, англисче, орусча, казакча сүйлөшүп жатышты. Коноктордун арасынан бирөөсү Чыңгыз Айтматовдун кимиси болосуз деди. Мен бир тууганы эмесмин, эң жакын тең тууганымын дедим. Илгиз бир аз карап туруп, сүйүнгөнсүп сыртка чыгып кетти, мен ан сайын тартынбай тейлей бердим. Менин чапчаң кыймылымды көргөн меймандар ыраазылыктарын айтып, шатырата тамактан алып жатышты. Көрсө ошол Чыкемдин өз үйүндөгү өзгөчө меймандарды, татыктуу бир туугандардан сыйлуу чай берип, тейлесе дегендей оюн түшүндүм. Менин өкүрүп ыйлаганымды, тележурналисттерге сүйлөгөнүмдү, окуган ырымды угуп анан түшүнсө керек. Чынында менден башка Бишкекте, Шекерде, Таласта канчалаган туугандары бар эле да деген ойдо болдум.

Баса, мен сыртка чыгып, Төкөмө барып, үйгө жүрүңүз чайга кириңиз, үйдө сырттан келген коноктор бар экен деп колунан сүйөп кармасам. «Ой айланайын ыраазымын, сен чоң коноктorго кирип чай бере бер, көпкө олтура албайм,

мен сага батамды берейин, анан жылайын» - деди. Дарбазага чейин узатып, айдоочусуна дайындап келдим.
Эсте калган бир үзүм: Төкөм мага айтты: -«Сен баарын түшүнөт экенсиң, менин бир өтүнүчүм бар, батага келгендер сендей болуп өкүрүшпөй жатат, ошону бир эскерте кетсең - деди. Мен тез эле эки жаш жигитти таап, дарбазага коюп, келгендердин баарына өкүрүп киришсин деген сөздү унутпай эскерткиле дедим. Он минут өтпөй эле бары өкүрүп келе баштады. Төкөмдүн айтканын аткарганыма да өзүм ыраазы болгом.

Чыкемдин өз үйүндө өзгөчө конокторго чай сунуп тейлейм деген түшүмө да кирген эмес, күткөн да эмесмин. Илгиз ага келип байкап жатты. Бир жигит менен бир келин куйган чайды узатып турдум. Коноктор улам жаңылапып турду. Көптөгөн конокторду сыйлоо кечке созулуп аяктады. Анан Илгиз акеге барып, ыраазымын, мен эми кетейин дедим. Илгиз аке: «Ой иним, сен чарчадың, үйгө конуп кет» - деди. Жок Илгиз аке, рахмат, жата турган үй табылат деп коштоштум.

Эртеси Чыкемди узатаарда көп сандаган эл менен «Ата бейитке» барып, топурак салып Ч. Айтматовго берилген сыйга катышып, куран окуп кайттым. Борбордук аянттан сөөктү узатаарда көздөрүнөн жаш аккан көп пенделерди көрүп, Чыкемдин канчалык баалуу-барктуу инсан экенине тобоо деп, мен да ыйлаганымды азыр да жашыра албайм. Ааламдык деңгээлдеги алп жазуучуну акыркы сапарга узатуудагы бир үзүм көз ирмемдик эскерүүмдүн аягы үзүлбөйт деген үмүтүмдүн акталышына Кудайга тообо деп ишенем. Ч. Айтматовго болгон мунду, ошол учурдагы узатуудагы өзүнүн үйүндөгү дасторкондогу конокторуна сый көрсөткөнүм үчүн кайгы-күйүт тарап кеткенсиди. Ал эми Чыкемдин 5 ирет түшүмө киргени жөнүндөгү эскерүү уланаар...



## ӨЛҮМ АЛДЫНДАГЫ ЫЙ

Жашоосун жашап бүталбай,
Жан эңсөө чекке жеталбай.
Алышып жатып жан берди
Ажалды аттап өтө албай.

Көрсөтүп талант миң түрүн,
Кыргызга коштуң миң түтүн...
Кылымдан айтсак бир үзүм,
Кыргызың экен бир түтүн...

Ааламды айтсак бүкүлү,
Экенбиз чыны бүркүмү...
Аз болгон менен агабыз,
Ааламдын болду түркүгү...

Акыйкат үчүн көгөрүп,
Адилет жүктү көтөрүп,
Айтматов өңдүү иштеген,
Ааламда турса көбөйүп...

Кыдырдай ыйык өзгөдөн,
Кыргызды кыя өтпөгөн,
Чыкемдей бир жан чыга элек,
Кыргыздай элди көтөргөн...

Кур калбай аруу намыстан,
Калыстык жууруп канынан...
Керемет болмок Чыкемдин,
«Кылычын» кошо чабышсам...

Буулугуп жашын төккөндүр...
Бук толуп муңга чөккөндүр...
Бул дүйнөнүн тардыгын,
Балким, Чыкем... чын эле...

Жазып бүтпөй өткөндүр...
Ата журт үчүн кан берди,
Адабият үчүн дан берди...
Ар-намыс үчүн Айтматов...
Аянбай иштеп жан берди...
Айгинелеп алптыгын,
Ааламдын эли таң берди!..

## КЫЛЫМГА ТЕТЕ БИР КҮН

Көзү жок үнсүз түн окшоп ыйлап,
Тунарган турмуш тымызын ыйлайт...
Ааламда чексиз жолумду таппай,
Адашкан жалгыз мен окшоп ыйлайт...
Ыйманда муң-зар козголгон сайын...
Жашоону эңсеп жан дүйнө сыздайт...

Мен деле элди көрүп «эсептеймин»...
Деп ойлоп... бирок таппайм эсептерим...
Көргөндө уурдамайды... алдамайды...
Бир күнгө да чыдагым келбейт менин,
Эл-журтка... Кудайга да... жүзүм жарык,
Деп келатам буйрусун мандай терим!..
Менин да арзыбаган бир өмүрүм...
...барына...тооба деймин теңир үчүн...

Көргөндө тойбосторду, ач көздөрдү,
Нысапсыз, ыймансызга каргыш деймин...
Жолундай пайгамбардын болсо экен дейм,
Бийиктигин өмүрүмдүн бир күндүгүн...



## ХАН ОРДО

Башчынын баары хан эмес,
Бадалдын баары тал эмес,
Алкымы тойбос болсо да,
Адамдын баары мал эмес.

Айныбас үчүн акылдан,
Азабын тарткан акылман,
Акыйкат Аллах сөзү деп,
Куулган чындык айынан.

Тарыхты курган жаратман,
Танган эмес тарыхтан.
Тарыхты бетке түз айтып,
Айрылган эмес акылдан.

Колунда барлар жок десе,
Андайдын баш мээси жокко эсе,
Пайдасы тийбес жетимге,
Кандай баа берем көк мээге.

Андайларда бет болбойт,
Чөгөлөй берет «чөк» десе,
Андайда «тил» да, көз да жок,
Акыйкат айтып көргөнгө.
Өбө берет андай бет,
Өппөс жерди «өп» десе,

«Мен эле мен” деп көпкөн көп,
Коркондо бутту өпкөн көп.
Түз айтып бирок түз сөздү,
Бийликке жакпас көкжал көп...

Акылман сөзү «боз» эмес,
Айтканын баары «кош» эмес...
Айтылып келген байыртан,
Хан ордо деген «бош» эмес.
Бирок, кооз кургак тос эмес!..

## КӨРҮСТӨН-ЭСТЕЛИК...

Көрүстөндө-эстеликтер көбөйүп,
Күнгө күйүп кышта аязга көгөрүп,
Төрт мезгилдин каарын көргөн «карыптай».
Көз ирмебейт... эс алууга жөлөнүп,
Көрүнбөгөн «көз» жаштары төгүлүп...

Турат дайым буттар уюп, бел уюп,
Отуралбай же жаталбай соксоюп,
Бизге окшогон тирүүлөргө боор «ооруп»,
Тартып келген өмүр бою көп кордук...
«Пендеге» окшоп... же кеталбай «жоголуп»...

Болсо мурда эстеликтер жүздөгөн,
Азыр жерде батпайт жайнап миңдеген,
Бараткансыйт эстеликтер «куушуп»,
Баталашып тирүү жүргөн эл менен,
Эстеликтер күн-түнгө окшоп теңме-тең...

Эстеликтер жатса күндө көбөйүп,
Өз рухум барат улам бөксөрүп...
Чынын айтсам турпак салуу көрдөгү,
«Кубандырбайт» бир адамды түбөлүк...
Кудай үчүн «бата» деген парс болсо,
«Эстеликсиз» тирүүлүктү көрөлүк!..
Кайыптардай ыйык өмүр сүрөлүк,
Кыдырлардай тирүү делип күбөлүк!!!
Тирүүлүктү тамшандырып өтөлүк!..



## ТИРҮҮЛҮК МЕН ЖАНА СЕН...

Тирүүлүк бар кезинде көөп кетпе,
Шимирген күндүн нурун аны да эсте,
Мен да өтсөм, сен да өтөсүң баарысы өтөөр…
Ким баалайт өмүр күнүң баары кетсе...

Андыктан зар болбо тирүүндө,
Ызалап «сокур» тыйын төлөгөнгө...
Шумкардай шаңшып учкун,
Из баштап тирүүлүктө тирүүңдө...
Өлгөн оң жашаганча «күндү» көрбөй,
Кул болуп көр оокат деп «көрүнгөнгө».
Жашагын кайыптардай эч булганбай,
Тирүүлөрдөй өмүр улап ыйманыңдай,
Кол берип улууларга пайгамбардай!..

«Көз» оорунун арманы көп,
Көрүү азап эптеп-септеп,
Кең дүйнөнү айтпасам да,
Кең жүрөктөн жаш төгүлөт...
«Боздогонун» бир жан сезбейт!!!

Көрүнбөй түндөй кара таң,
Көзүндөн учат жарык шам...
Керемет жарык дүйнөнүн,
Өткөнүн көрбөй «жарым жан»,
Ак калпактуу элинде,
«Арман» көп «агып» бараткан!..

Аскалар зоого демигет,
Тоолорго тоолор тирелет,
Төкөөрүн шилтеп абага,
Бүркүттүн кээде жүрөгү өрт!..

Алалбай жемин «эңсеген»,
Армандуу ыйга чөмүлөт...

Океан, деңиз, дарыя,
Тирүүндө дары баарына,
Агын суу, көлдөр, тамчылар,
Өмүрүң барда табылга,
Кайберен таткан «кийик от»,
Аска-зоодо көп болот...
Аптека болбойт тоолордо,
Кайберенге укол салууга.

Илимди билээр доктор жок...
Аларды тандап жазууга,
Азыр да «түптүү» илим жок,
Аны ойлонгон «депутаттар» жок,
Башкарган «өлкө башы» жок,
Элим деп иштээр «мээ» жок,
Бирок көбөйдү жуткуч ур-токмок!..

Андып жүргөн ууру көп,
Сагызган карга болуп соксоктоп...
Батпай барат министр...
«Кара торпок», «көк торпок»...
Алты миллиондон аштык деп.
Бирок алар Ала-Тоого токтобойт...

## ЭЛ БУЗААР НААДАНГА

Ит окшоп мекени жок жүгүндү ичкен,
Тирүүндө эмне иш жараттың сен...
Тирүүмүн деп элиңди талаттың сен,
Тирүүлүктүн даанышманын жараттың сен...



Тирүүлүктө бузук жолдо жүрөсүң, сен,
Каш кулакты бузук ишке түртөсүң, сен.
Тирүү бузук экениң билип туруп,
Туура сөздү айтканга «үрөсүң», сен!..

Таза ыйманды жек көрүп турасың, сен,
Ыймансызга жан тартып «бузасың», сен,
Жан арган түгөнгөндө... элге батпай.
Тирүүндө өлүксүң... дүлөй, кереӊ...

Тирүүндө адал иш жасайын деп,
Тирүүндө айталбай бир адал кеп...
Таза ыйманды өзүң бузуп, өзүң булгап,
Тирүүлүктөн өлүмгө өзүң себеп...

Жан барда тазалыктын дареметин.
Көрсөтүп бузуктуктун керексизин...
Жайылтып кыргыз элге өтсөң кана,
Жашоодо Аллахтын бар кереметин!..

Турмушта эмнеми жоготтум мен...
Сендейлерге жаштыгымды короттум мен...
Саны бар «бузуктарга» жүгүнбөйм деп,
Жан рухту... таза ыйманга сороттум мен!!!

Пайгамбардай үндөшкөн Кудай менен,
Жан эмесмин бирок жыргайм Кудай десем...
Жашоодо ыймандууга жете турган,
Жан рухта байлык бар Кудай деген...
Буйруса ал байлыкты элге берем...
...деп жашоодо келатам үмүт менен!
Күндө мага нур берген күнүм менен.

## ЧЫНДЫК МЕНИН ҮНҮМ

Беткабын сыйрыйын деп көпкөндүн,
Бетке айтып ыймансыз көптөрдүн,
Кудай деп ураан таштап,
Чындыктар «өлбөйт» деп күткөмүн...

Чындыкты көралбас көптөрдүн,
Чын эле көптүгүн билбепмин,
Чындыксыз бул жашоо «өлүк» деп.
Чын эле көз жашты төккөмүн...

Көз жаштын төгүлүп кеткенин,
Өмүрүм жанчылып өткөнүн...
«Кайрылбас» акыйкат болбойт деп,
Чындыкка жүрөктү эзгемин!..

Жакшылык мен үчүн ыйык деп,
Өмүрдүн өксөөсүн берет деп,
Какшатып кайрылбай кетээрин,
Курч айтып жаңылган экемин...

Күнөөсүз сыздаган кездерим,
«Кул» болуп өткөнүн эстедим...
Бир жанга кыянат кылбаган,
Чындык деп «төрөлгөн» экемин!!!

Чындык бул - мен көргөн күнүм деп,
Чындык бул - тирүүлүк үнүм деп,
Өлсөм да Ааламда бар өлбөстүк,
Чындык бул Алланын үнү деп!..

Элдик үнгө өз үнүмдү кошоюн,
Кырсыктарга жүрөгүмдү тосоюн!..



Деген менен «чындыктай» мен жеңилип,
Чындык үчүн таппай келем бош орун!!!

Ааламдын кереметтүү алкагында,
Адамдар биз жуунуп жарык нурга,
Адам деген улуулук чындык бар деп,
Ар бирибиз ыйман-адеп-маданиятка,
Салым кошсок анда мен ыраазы элем,
Алладан тынчтык тилеп бу ааламга,
Өмүр барда... чөгөлөп ыйманыма...

## АЛЫКУЛ «ЭЛ БААТЫРЫ» БОЛУШ КЕРЕК

Кыргызда Алыкул жалгыз өмүрү жалгыз
Кайыптар өңдүү экен жан жеталгыз...
Акынга «Эл баатырын» beралбаган
Кыргызда тирүүлүктө жок, жок намыс!..

Беш миллион кыргыздар эмес тааныш,
Өңдөнүшүп жүрүшөт ойлобой намыс,
Ата журтка «боор оорул» кошо ооруган...
Алыкулда бар тура «тирүү» намыс!..

Чынында «торпок» багуу баатыр эмес
«Жеңишбек» поэманы «уурдаган» акын эмес,
Жеңиш күнгө «драма» жаза коюп,
Баатыр болуш Алыкулга «жакын» эмес...

Кыргыз үчүн оорусам макулмун деп,
Кыргыз үчүн баарынан жакынмын деп,
Кыргыз үчүн «сыз өтпөс» килем согуп,
Кыргыздын өлбөс-өчпөс «ырымын» деп...

Алыкулга «Эл баатыры» кеч эмес деп,
Кыргыздын «Эл баатыры» Алыкул деп,

Президенттик шайлоодой биз өткөрсөк,
Бири калбай бүт кыргыз добуш бермек!..
Айтмак эмес, уюштурган деп Масалбек!..

## СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЫ, АТАБЫЗ ЧОЛПОНБАЙГА АРНОО

Туз насип буйруп калып мен тогошуп,
Дон жээгинде кездешүү себеп болуп.
Чокемдин арбагына куран окуп,
Кайгыргам карегиме жашым толуп...
«Кыргыз деп, өз боорум деп боорум ооруп».

Тирүү болсо 105ке толот эле.
Коноор бакка Чокебиз конот эле,
Дзотко эң биринчи жүрөк тосуп,
Чокем шашып өлбөсө болот эле.
Жүрөгү балким бүгүн согот беле.

Коргойм деп кыргыз элин, кыргыз жерин,
Чокебиз барган окшоп өлүү үчүн.
Бир арман бир да кыргыз башын жөлөп.
Топурак салалбады көмүү үчүн...
Туугандар баралбадык көрүү үчүн...

Кан күйгөн согуш отун кечпесек да.
Чокемдей төштү тосуп көрбөсөк да.
Атабыздын арбагын сыйлоо үчүн,
«Чоң эстелик» биз куруп бербесек да.
Куран окуп арбакка жүрсөк кана...

Биз үчүн өткөн согуш көч элестир.
Болсо да… арбак үчүн ой жок тетир…
Арбагын ыйык тутуп Чокебиздин.



Азыр да сыйлай жүрсөк кеч эместир
Туугандык эч убакта кеч эместир!..

## КЫРГЫЗ ТИЛ...

Кыргызды билсең, даана бил...
Кыргызда болгон таза дил...
Кызый-кызый келгенде,
Кылычты «кескен» кызыл тил!..

## АМАН ТОКТОГУЛОВГО

Катарлаш мендей муундан,
Сен элең эл деп туулган!..
Арманда болом ажалга,
Мени албай туруп, сени алган!..
Аман, душманың өтөөр жутунган,
Аман, тууганың өтөөр тутунган,
Айла жок кандай кылайын,
Адамбыз... ажалга дайым утулган!..

## БИЛГИН КЫРГЫЗ

Сен да билсең мен да билем урууну,
Бирок... жек көрөмүн жикке бөлүп турууну...
Жүз ата эмес миң аталар өтсө да,
Бир гана Ата биз кыргыздын кулуну...
Билгин кыргыз, биз Манастын тукуму!..

## КАН ОРДОМ ТАЛАС

Күн окшоп кара түндү жарып турган,
Кабаанын ташы өңдөнүп жанып турган,
Кан болуп кан тамырда агып турган...
Кан ордом жүрөгүмсүң күнү-түн кагып турган!..
Таласым, ыйманымсың Алладан алып турган!!!

## БАЙДЫЛДА АКЕГЕ

Куюлуп ырдай шар аккан,
Кумардан кумар тараткан,
Ай окшоп агып бараткан,
Күн окшойт чыгып келаткан.

## САЛИЖАН ЖИГИТОВГО

Тулпары элең күлүктүн,
Оту элең элдик үмүттүн...
Акыл-эс рух дүйнөдө,
Асманы элең бийиктин!..
Өктөмдүк менен өмүрдө,
Өртүнө кеттиң күйүттүн!..

## ААЛАМДА

Аалам «уктап» жатса да,
Алланын көзү илинбейт,
Акмактар токмок урса да,
Акылман «сөзү» үзүлбөйт...
«Аксаган» жери билинбейт,
Жаны бар тирүү жашоодой,
Алтындын «гүлү» кубүлбөйт...
Ааламдын бүтпөс ыры өлбөйт...
Алладан үмүт түңүлбөйт!..
Миллион өтсө дүйнөдөн,
Миллиард келет гүлдөгөн,
Бирок болбостур жүрөк күйбөгөн!..

## СӨЗ КӨП-ТИЛ БИРӨӨ

Сөздөр бар - баалаганга балдай таттуу,
Сөздөр бар «ууртай» алгыз уудай ачуу.
Сөз менен кырк урууну бөлүп салаар,



Бузук сөз уу жыландай болот уулуу...
...уу сөздүн арты кайгы... эл кырылуу,
Бузук сөз болгон эмес... адал сыйлуу...

Аял сөзү жалбырак шамалга учкан,
Айтылып калган элде кылымдардан.
Ал чындык бузуктарда сөздөр бузук,
Эки элдин ортосуна «ууну» чачкан...
Керек болсо «тууган бар» бузуп турган,
Ата журтун, кыргызын... уруп турган!..

Улуу сөз... акыл-эсти бириктирген,
Арам сөз... акыл-эсти кемиттирген...
Адамдын тили бирөө болгон менен,
Миңдеген сөздөр учат тили менен,
Өлгөнчө арам ойдон кемибеген,
Акыйкатты айталбай өлө берген...

Акыл сөз - өлүмү мүмкүн эмес,
Акыл сөз - эл казына тебеленбес,
Акыл сөз - наадан «кулагында өлгөн» менен,
Акыл сөздөн кубаттуу күч жок экен,
Тирүүлүктө өз баасынан эч кемибес...
Кол менен кармап алуу мүмкүн эмес,
Акыл сөз буйруйт тура теңиримден!..

Кооз сөз көп - бирок түбү терең эмес,
Калыс сөздөр дүлөйдөй кереӊ эмес...
Сөз даамы «татпагандар» жеңил ойлуу,
Андайлар арууулукка белен эмес,
Арам сөз «өлүккө» окшош кайра келбес,
Арам сөз, жашоо үчүн эмес керээз...

Курч сөз бар бычактай курч шылып салаар,
Андай сөздөн эстүүлөр ыйман табаар.
Адамдарга адилет тилек айткан,
Аллах деген момунда ыйман калаар...
Алтын «чайнап» качып жүрсө падышалар...
Акылмандын артында акыл калаар!..
Аллах десек... дүйнөгө Кут таралаар!..

## САГЫНУУ - БУЛ ТИРҮҮЛҮК

**Сагынуу улам күчөп,**
**Сагыныч барат түтөп.**
**Санаанын түбү жоктой,**
**Сагынуу мени күтөт.**

Тасмадай Таласымдын тоо, талаасы,
Сагынтып көз жаш үнсүз салаалады.
Сагынып кой кайтарган жаштыгымды,
Сагынып өсүп өнгөн Урмаралды,
Өзүмдүн гүл ача элек ырларымдай,
Ардагым Каухар менен Жоогазындай.

Сагынып билбей эмне кылаарымды,
Медерим, Санжарымды, Нурсултанды.
Ан сайын сагындырат күйүт окшоп,
Сагынып боору бирге туугандарды...
Сагынуу - тирүүлүктүн бир тууганы.

Ойлорум чарк айланат Бермет десем,
Кыдырдай «тирүүлүк» деп аалам кезем,
Бар тилегим толкундайт элим деген,
Сагынып Күнсултанды, Айсултанды.



Удаалаш Айтеңирди, Күнтеңирди,
Надирадай, Айчүрөктөй келиндерди,
Сайраган Аруукемдей деп аталап,
Сагынтып жүрөгүмдү Нурмухаммад!
Аталап улам мага жол тазалайт...

Дагы эле жаш баладай эркелетип,
Атам менен апамдын элеси ээрчийт,
Ажайып чындык ыйман айта берип,
Арсыздарга жакпадым эрегишип,
Элди кордоп жүргөндөргө «чиренишип».

Балдарымдын, кыздарымдын тагдырлары,
Болот экен турмушта көп айрымасы.
Сагынуу сагынычтар сабындагы,
Тагдырым Жаңыл Мырза, Мунарамды.
Өксүктү айтпасам да түшүнүктүү,
Мени өксүткөн «ичи тардык» басылбасы...

Алдырбай намыс, арды актык үчүн,
Алышып келем жашап тактык үчүн,
Аллахтын бергенине тооба кылып,
Акыйкаттык өлбөйт деп марттык үчүн.

Пайгамбарлар, сахабалар, периштелер,
Кыдыр ата, кайыптарга салам берээр,
Кудай деген таза ыймандуу кайып пенделер,
Аллахтын жакшылыгын дайым көрөөр,
Таза адамга тирүүлүк күн төрөлөөр.

Аллахтан буйруса деп тулпарлары,
Өмүрдөй элге тилеп шумкарларды.
Кыргызга эч жолотпой бузуктарды,
Ааламга кудай берген ай, күнгө окшоп,

Тирүүлүккө болсом экен чындыктын соккон жаны!
Тирүүлүктүн болуп жаңы аткан таңы!!!

## ДЕП АЙТКАН «АКЫЛМАН КООМУ»...

Көрүнбөй уурдап арамдык кылган,
Көрө албас тууган душмандан жаман...
Карарган ойдон агарып чыкпас,
Карайып беттер кашайган ыйман,
Кыргызды тоноп сыйрылып сыйдан...
Көр пенде шордуу арылбай ыйдан,
Кор болуп өзү өз жанын кыйган...

Элим деп жашап эл-журтуң сыйла,
Ээ болсоң сыйга сынбас бол сынга...
Эрки боштордой эрке «көз» болбой,
Эштеңдеп кетпей татыктуу сыйга...
Эс-акыл менен тараза болуп,
Эл үчүн болсо акыйкат сында...
Эч качан боорум, арамдык кылба?..

Адал иш деген Пайгамбар жолу,
Адашкан андан «арамдар» жолу...
Акмактар деген каратып туруп,
Азгырып кетет оңду да солду...
Алкымы тойбос ач көздү кошуп,
Аны да жутат «бузуктар тобу»...
Андыктан, жамандын барынан жогу,
Деп айткан дешет «Акылман коому».



## КАЛЫГУЛ АТА ДЕГЕН ЭКЕН...

Кайгыны тартып турмуштан,
Каймагын сөздүн калпыган.
Кыргыз сөзүн түз айтып,
Көрүп өткөн кылымды,
Калыгул Ата акылман...

Деген экен олуя,
Акмактан кудай сактасын,
Айталбай сөздү тантыган,
Акмак наадан эс алган,
Башка жеген «камчыдан»...
Айтпай сөздүн тазасын,
Калп ушакты «шалпыган»,
Качып айткан антынан,
Бир булбулга тең келбес,
«Каргалардай» самсыган...

«Курама темйр курч» болбойт,
Кудай урган журт болбойт,
Кутурган иттер ит болбойт,
Кур такымдар жуп болбойт,
Эл башына күн түшсө
Акылгөйлөр журт коргойт!
Алкымы бузук ач көздөр,
Ар дайым элди кордошот,
Ынтымак ишке жолобой.
Мусаапырларды зордошот,
Элге чачып арам ой...
Журт бузарлар кор болот...
Кор болсо да көралбас,
Тирүүлүк барда тойбогон...
Бузуктар бирок токтобойт!..
Өлгөнчө.. жакшыларга окшобойт...

## КАЛЫГУЛ АТА КЕРЭЭЗИ

Эң артта калып кезектен,
Эстен чыгып эсептен,
Эл деп иштеп жүрсө да,
Эленип өтүп электен,
Күнөөсү эмне себептен,
«Эл акын» чыкпайт элеттен...
«Жемкорлор» болуп иштерман,
«Байлардан» чыгат неликтен...

«Параны» ашык аткарган,
Эл сыйлыгын «тез алган»,
Кезек күтпөй андайлар.
Телефон «тааныш» ушактан,
Кур калышпай «кемиктен»,
Ыймандууларды кемиткен...

Ырлары жанды эриткен,
Ызалууларды сергиткен.
Ызалуу «камчы» жей берип,
Ичкилик менен «өбүшкөн»,
Паракор менен «тебишкен!»
Туура сөздү түз айтып,
Көпкөндөр менен сөгүшкөн...
Сыйлыктан өзүн «кемиткен».

Кул кутуруп «бий болбойт»,
Күң кутуруп, «дил» толбойт.
Деген макал дал келип,
Эшектер көптү «жорголоп»,
Оомалар чыкты «молдолоп»,
«Уйга» окшоштор пул болуп,
Эрмин деген эркектер.
Тентип кетти «кул болуп»...



Никесиздер төрөлүп,
Күтүүсүз өлүм көбөйүп.
Карасаң даана көз менен,
Чындыгын айтсаң сөз менен,
Ыймансыздар «өйдөлөп»
Ыймандуулар «чөгөлөйт»...

Базарга балдар «сатылып»,
Аялдар үйдөн качышып,
Эрлери таштап аялын,
Сырт элге «дене» сатышып,
Баш кесерлер тандалып,
Жатып ичээр сандалып,
Алдым-жуттум арбыды,
Абактарга «камалып»...

Кудайды сүйгөндөрдүн ай,
Ийилип турат бак-шагы,
Кудайга «күлгөндөрдүн» ай,
Куурап турат бак-шагы...

«Ач көз, тойбос чөгөлөп»,
Наадан коркуп «чөгөлөйт»,
Ууру кески көбөйүп,
Бирок «салык» төлөбөйт,
Бийликке жетсе көрлөрү,
Даанышманды өгөлөйт...
Бул «көрлөрдүн» түбү көгөрбөйт...

Миллион заман өтсө да,
Акылы тунук кеменгер,
Көргөн эмес чөгөлөп...
Көр курсактын айынан.
Далайлар өлгөн дагы өлөт...
Өздөрүн жутуп өзү өлөт!..

Хан «нааданы» элин тонойт,
Даанышманды күндө кордойт,
Эл каргышы андайларды,
Тирүүлүктөн дейт жоготот...

Эл башчылар элин сатат,
Бузук бийлер «жерин» сатат,
Банги тойбос элде толуп,
Бак ырысты качырышат.

Кайберен ташка корголоп,
Талаалар, тоолор «тонолот»,
Туугандан душман көбөйөт,
Көпкөндөр итке жөлөнөт...

«Алтын казып» жаткансып.
«Эшектер» күндө үйлөнөт...
Эстүүлөр элге жүгүнөт...
Нысапсыз күндө «күтүрөп»,
Нысаптуу «наны» түгөнөт...

Көп табам деп «безээрсиң»,
Көр оокат деп шор пенде,
Элден ооп кетээрсиң,
Бириңди бириң көралбай.
Бүлүнүп түпкө жетээрсиң...

Короого «малы» батпаган.
Эл тажап нысапсыздардан...
Өзүнөн аяп мал-келин,
Өздөрү «өлгөн» ачкадан...
Даам сызып көрбөгөн,
Эт, май, чучук, казыдан,
Элдер көрүп коёт деп.



Малын «кокту, сайга» жашырган.
Эл барган жерге баралбай,
«Муунуп» жипке асылган!..

Өзүн өзү өлтүрүү,
Тышкары болуп адаттан...
Ыйман түбү кашайган,
Карабет тойбос көп болот,
Калыс сөздөр жок болот,
Калп ушакчы пейли тар.
Курсагы толо «пок» болот...

Акыйкат адам айтканы,
Акмактарга ок болот...
Аялуу сырдуу алтындар,
Акылын айткан алым бар...
Аларды укпас наадандар,
Тирүүлөй көрдө калгандар...
Айта берсек түгөнбөйт,
Ала тоодой «армандар»...

Улап тураар бар чыгаар.
Улууну сүйгөн адамдар,
Акылдан ыйман таралаар.
Чындыктан чындык жаралаар.

Чындыкты сүйбөс кыргыздар,
Чынчылдарды жаралаар,
Өз тууганын жамандап,
Өзгөлөргө сагалаар,
Мекенин таштап айбандай,
Душмандарга сатылаар!!!
Акыры боздоп күйүттөн,

Ажалдуу жолго кабылар...
Арамдар жолу ушулар...
Жоктук «жонуна» минет,
Жалкоолук «жонуңду» тилет.
«Жатып» ичээр күндө кул

Жакшы ниет «кордолор» көп,
Жамандар «доңуздай» төлдөйт...
Шумкар-булбул көбөйбөй»,
Ит, чочко, эшектер көбөйөт.
Айбан, наадан төр тебелейт...
Жоору, кузгун, карга, сагызган күндө бийлейт...
Булбулдар таза... тазага жол тийбейт!!!

## ЗАРЫККАН ӨМҮР - ЗАРЛАГАН КӨҢҮЛ...

Байлыгы соолбос Байдылда акынды акыркы сапарга узатуудагы аруу көңүлдө уюп калган, мөнгүдөй эрибес эскерүү элге жетип калса деген тилегим бар эле.

Ошентип 2004-жылы ноябрь айында кыргыз журтчулугу дат баспаган туптунук булактай шар аккан «Эл акыны» Байдылда Сарногоевдин бул кең дүйнөдөн өтүшүн тирүүлүк толкунунда жүрүшкөн пейпада пенделер күткөн эмес эле.

Мындай оор кабарды Талас облустук ак үйдөн уккан-да башым айланып, көздөрүм карайлай түшүп, эмне кылаарымды билбей, алсырай түштүм. Ошондо, «өтүптүр» Бакең дегенде өрт кеткен өңдүү денеге, өксүгү толбос бу дүйнө, өңдөнө түштү «кемеге» ... деп ичимден кайталап ийдим... Эч кимге учурашпай үйгө келип, өксөп-өксөп ыйладым... Бир топтон кийин, аялым «Ой, сен Байдыкем деп эле какшай берчү элең, эми жаз... ырыңды» – дейт.

Аңгыча облустан бир жигит келип: Сизди губернатор чакырып жатат. «Байдылда акебиз өтүптүр», сизди алып келгин деди деп айтты. Эртеси эле эртең менен 7-30да



ак үйгө бардым, окулчулуктор бар экен, чогуу Таласка бардык. Ал жерде губернатор И.Айдаралиев 3-4 адамдар менен турган экен, шыр эле 7 өкүлчүлүк бирге Бишкекке жөнөдүк. Ошентип Бакемдин үйүнө жетип, түшөөрүбүз менен мен чыдабай өкүрүп түштүм. Губернатор И.Айдаралиев эстүү адам экен, Масаке тарта ыйлаңыз, сабыр этиңиз деди. Ыраазы боло түштүм. Кечинде шамдар күйгөндө Бакем боюнча Таластыктардын кеңеши болду. Кыргыз Өкмөт башынын орун басары Б.Мамбетов жыйын курду. Кеңеш төрага катары бардык маселени ортого салды. Узатуу аземи боюнча А.Бөрүбаев, Т.Касымов, И.Айдаралиев, Б.Шерниязов, А.Султанов, К.Карачалов, А.Өмүрканов, мен М.Шабданов жана башка бир катар жакын санаалаштар катышышты. Бакеңди узатууга сырттан келген конокторду жана кыргыздын белгилүү аксакалдардын сый тамагына Ат-Башыдан 2 туу бээни (62 миңден) өзү алдырганын КР ЖК депутаты Болот Шер маалымдады. Ал эми Таластын 4 район 1 шаарынын атынан губернатор И.Айдаралиев 50 миңди кошуп, жылуу сөзүн айтты.

Негизинен конокторго «Байсуу» кафесинде тамак тартылаарын Болот Шер билдирди. Эртеси 8-00дө Муратаалы ажы узатуудагы жаназа намазын окуп, биз Таластыктардан 40тай адам жаназага турдук. Анан майыт башында оң жагын Болот Шер, сол жагын мен, анан Баясты артынан кайрып... Ошентип аянттан өкмөттүк сый урматтоо салты колдонуп, көптөгөндөр сүйлөшүп акыркы коштошуу чарасы өтүп, «Ала-Арча» көрүстөнүнө коюлуп, топурак салынды. Байдыкемди узатуу аземинде төкмө Элмирбек Иманалиевдин муңдуу үнү менен, коштошуу ыр улам жаңырып турду. Улуу, орто, кичүү мууңдардын көрүстөн башында Болот Шер, Анатай, Түгөлбай Казаков, А.Шамкеев, А.Султанов, бийлик төбөлдөрү И.Айдаралиев жана башка көптөгөн акынды сүйгөн, акындын ырларын сүйгөн жүздөгөн күйөрмандар

турушту. Көрүстөндөн кийин акындын үйүнө келип куран түшүрүлдү. Зина жеңеге, уул-кыздарына көңүл айтылды. Андан кийин Болот Шердин көрсөтмөсүнө ылайык «Байсуу» кафесине болгон элдин баары чакырылып, болушунча тамактанышты. Мындай сый узатуу чоң даңктуу тойлордо да, болбогонун көптөрү айтып чыгышып жатты. Дүр-дүйүм, ачуу-таттуусу аралаш кадимки эле куда күтүүдөгү же Байдыкемдин 77 жылдыгы өтүп жаткандай болду. Ошончо калың элге жайылган дасторкондогу үйүлгөн даам ашты чоң тойлордон көргөн эмес элем. Ушундай көп элге сый даам тартуулаган Болот Шерге эл бата беришти. Бакемдин бир тууганындай өзү баш болуп табак тартып жүргөнүн көрүп, анын жөнөкөйлүктү, адамгерчиликти көтөрүп жүргөнүнө мен ыраазы болгонумду жашыра албадым.

2002-жылдары (анда Бакем тирүү эле) Бакемди көрөйүн деп барып, Болот Шерге жолугуп калдым. Ал абалды сурады. Мен түз эле Бакемди көрөйүн, батасын алайын деп келдим эле десем, азамат экенсиң ме мобу конфертти «менин атыман Бакеге берип кой» деп, шоферун коШуп берди. Мен аябай сүйүнүп калдым. Барсам Зина жеңе жылуу кабыл алды. Бирок минтип айтты. Бакең жаңы эле «инсульт» болду эле, эгер чын сүйсөң акеңди көп сүйлөтпө, суранам деди. Макул деп Бакем экөөбүз сүйлөштүк, жаткан керебеттен өйдө туралбайт экен, мен кучактап өйдө көтөрүп артына жаздык жөлөй койдум эле, рахмат, сен ким элең, мен карыдым, ооруу жеп жатат деп буулду, карегинен жаш агып кетти. Мен сүлгү менен аарчып мен да ыйладым. Шер Болоттун бергенин берсем аны жеңеңе бергин, Болотко өлгөнчө ыраазымын мени баладай багуу да деп дагы ыйлады... Баке сиз илгери Таласта «Урмарал» колхозуна барып, эл менен жолугушканда «Ашуудан берген отчетумду» таппай, э, Масалбек, сен да айыл акыны элең, Сенде бул китеп бар болуш керек дегенсиз. Ошондо мен сейфке 7 китебиңизди сактап жүрчү элем ошону



сизге бердим эле десем, о айланайын, көзүң жылуу учурайт. Эми кеч болсо да сага рахмат. Эми бир ырыңды окучу угайын деди. Чынында Бакеме ондон ашык ырларды жазгам, китептеримде да бар эле. Бирок ыр оку деп айтаарын күтпөгөн элем... Мейли деп Бакемдин 70 жылдыгына «ОБО» гезитине чыккан,

> Таманга таптап нечении,
> Тандайга чаап чеченин...
> Тамшанткан булбул Байдыке,
> Кыргызда сенсиң Есенин!.. – деген 4 куплет болчу.

Чыны ушул ырды окуп ийдим. Ал мени бир карап, сүйлөй албай, көзүнөн жаш агып кетти... Жашын аарчыдым эле, менин колумду кармап, ыйлады, мен да ыйладым. Колу илбирейт жумшак экен, каны жоктой тарамышы саналып, жүрөгүм шуу дей түштү. Өлүм жакын калганынан «аян» келди... иншалла дуба окудум... Анан «сенин «Обо» гезитине чыккан (1-бетке) ушул ырыңды окуп, ыраазы болгом деп жашыды» Мени сындашып, сендей мени кыргызда эч ким мактаган эмес. Калемиңе кубат берсин. «Мага чоң баа берипсиң» дегенде экөөбүз тең жашып кеттик. Сага бир айтаарым «Байдылда ичет» деп ЦКга арыз жазышып көрүнүктүү эле адамдар (С.Жусуев, М.Абылкасымова жана бир тобу) мени иштен бошотушту. Он беш жыл бош калдым, 16-жылы бут сынды (жамбашы, кашка жилик ортосу) андан 15 жыл төшөктө жаттым. Анан күйбөгөн жерим калбады. Мурда «Баке, Баке» дешкендин баары качты. Турмуш оорлоду. «Сага рахмат, эсиң бар экен, өлөөрүмдө келдиң, десе болобу. Мен кайсалап сөз таппай калдым. Зина жеңенин «көп сүйлөтпөсөң» – деген сөзү мээме кадалып турду. Байдыкем болсо бир аз олтурсаң дейт. «Бир гана Болот Шерниязов жардамын аябады, азамат намыстуу жигит экен» деп кайталады. Биз унчугушпай, кол кысышып, мен ыйлап чыгып кеттим. Андан кийин баруугa шарт болбоду, мен да «саясий куугунтукта» жүргөм. Көп өтпөй көзү

өтүп, эл сүйгөн акынды узатууга барып топурак салып, куран окулуп, бата кылганыма да кудайга ыраазы болдум, көңүлүмдөн ырлар аккансып эле калдым.

Булбул акынды коюп жаткандагы бир көз ирмем жүрөгүмдө калганын айтпасам болбостур. Кабактан кар жаап томсоруп тургандардын арасында, тойдо отургансып, каткырып күлүп жалпак беттерин, жалпак мурундарын жайылтып уялбай, сүйлөшүп жаткандарды, карек октору менен атып турдум... Бир маалда мүрзөнүн түштүк жагында «эки акын» алка жакалашып, «сөгүшүп» жатканын көрүп жакын билгизбей барсам Шайлообек, Кыялбек У. экен. Көрсө кошокту заказ менен жазышкан төкмө Элмирбектин аткаруусунда «кошок» кайталанган болчу, экөөнө Гонарар бергенин көрүп турдум эле, ошондо Түгөлбай Казаков экөөбүз сүйлөшүп турганбыз. Ал байкаган жок, мен аны кармап тигилерди көргөздүм эле, ээ Масаке, аны эмне кыласыз «көрдө көр оокат талашуу болот тура» деп койду. Мен үн дей албадым.

Ал эми тамакка келгенде, мүрзөдөгүдөн эки эсе эл көбөйүп, тамак үстүнө үйүлүшүп эле кирип жатышты. Ал эмес кол мүшөктөргө толтурушуп, дасторкон үстүн «сыйпап» кетишти. Бакеңе кейибей эле тамакты, аракты өлүп-талып жеп ичишип жатты. Ыймансыздар али кыргызда толо экендиги өкүнттү.

Ошол эки күндүн ичинде кимдин ким экендиги даана көрүндү. Бир арман, ошол кезде Калыгул олуя, Арстанбек, Жеңи Жок төкмө, Чынгыз ага, Салижан агай, Аман Токтогуловдун жоктугу жан рухту сыздатып турду... эл деген «аккан суу» ким айла амал, куулук менен умтулса «суу ошол» тарапка агат дешет. Турмушта бул сөз чындык экенин көрдүк... Дагы бир эс тутумда: 2005-жыл 21.01. «Агым» гезитинде Бакемдин жубайы Зина жеңенин маегинде: Болот Шер, эл артисти Түгөлбай Казаков келишип, бир жандык союшуп куран түшүрүп кетишкенин эскериптир. Буга тооба дейли... Алланын керемети түгөнбөйт!..



## БОЛГОН ОКУЯ

Илгери 1920-30-жылдары Кетмен-Төбөлүк саяк менен саруулар ортосунда Ат-Ойнок, Кетмен-Төбө, Кан жайлоо ортосунда жайыт маселесинен «төлөм акы» салык жөнүндө чыр болгону чындык. Таластык саруулардын малы ошол жайыттарда багылган. Азыр да ошол жайыттарга эң мыкты фермерлер малдарын жайышып келүүдө. Ошол жылдары «Кан жайлоо» жайлоосун эң эле жайлуу жайыт катары пайдаланышкан. Жыл сайын «жайыт төлөмү» үчүн деп саруулардын айрыкча Оготур-Сакоо-Мамелдей элинин малын барымтага кармап, эл нааразы болуп чыр болгон.

Ошондо Ат-Ойноктон Туюк-Төргө, Туюк-Төрдөн «Кан жайлоого» ашууга жол жок болгондуктан «Туюк-Төргө» жол салып, малды айдап кетүү үчүн акылдашуу болот.

Андыктан айтылуу Барман баатыр, Чыны Молдого кеңешет. Молдо ата макул болот. Ошондо өз кереметине, Кудайга ишенген Чыны Молдо Ата өзү жалгыз Кан жайлоонун белинен Туюк-Төргө туюк аскаларды талкалап, жолду түнкүсүн салып бүтүрүп, таң агара шоола тийгенде малды айдагыла деген экен. Бир да баш малды калтырбай толугу менен аман-эсен айдашып, Туюк-Төрдү тик кыя менен «табылгытыга» түшүп кетишкендигин азыр да көптөр билишкен эмес.

Эскерүү иретинде 1963-жылы күздө чабан катары мен өзүм колхоздун койлорун Ат-Ойнок, Абдый-Төр, Туюк-Төр ашууларын ашып, Кан жайлоого «койлорду семиртүү үчүн» ашырып жайдым эле. Ошондо өз көзүм менен көргөм, керемет жайлоо экен. Койлор семиргенде көп баспай калышат тура. Ар койдон 5кгдан жүн, бир койдун салмагы 85-90кгдан этке төгүлгөнүн айтышты эле. Бул ыр Чыны Атанын арбагына арналат.

## КЕРЕМЕТ ЧЫНЫ МОЛДО АРБАГЫНА

Керемет Чыны атанын,
Ыймандын айткан тазасын,
Дуба окуп келем азыр да,
Түшүмдө алып батасын...

Чын сырын Чыны Атанын,
Жазууга өзүм шашамын.
Кеч болсо дагы тарыхтын,
Кетсем деп айтып катасын,
Ортосунда болгон чыр,
Саруу менен саяктын...

Кан жайлоо деген бийик бел,
Экенин билет кыргыз эл.
Төрт миң бийиктиктеги,
Ашууга жолду салган ким...
Дегенде жалгыз бир түндө,
Чыны молдо деген пир,
Бүтүргөн экендигин бил!..

Кан жайлоо менен Тую-Төр,
Ортосунда жол салган,
Чыны молдо деген эр,
Кубат тилеп кудайдан,
Элди эсен соо куткарган,
Кол менен аска-зоо жарган,
Чындык сөз кимден сурасаң!..
Бир балка колго кармаган...
Буйруган дуба Алладан...

Төбөгө чыгып кара буу,
Болгон чын «жайыт» талашуу.



Төлөм акы төлөөдөн,
«Толугу менен төлөнгөн»,
Деген сөз болуп жыйында,
Калыстар тобу бүтүмүн,
Бузган «акмак» көп экен...
Толукталып мал менен,
Эки уруу эл бириккен...
Деген сөз калып тарыхта,
Катташуу жакшы азыр да...
Жакшылык көрбөс кудайдан,
Аны кимдер жашырса.

Ыр болуп мээге жазылып,
Уламыш болуп айтылып,
Тарыхтын көзү өңдөнүп,
Чыны молдо атабыз.
«Туюк-Төр» жолу аталып,
Бүгүнкү көргөн турмушта,
Ал ашуу калып унутта,
Ынтымакта жашап жатабыз...

Пейили кенен эр жүрөк,
Казган жолду бир түндөп,
Арнап ырын жазат деп,
Эки ооз сөзүн айтаар деп,
Элим барда артымда,
Жазаган ишим билгенге,
Унутулуп калбайт деп...
Айтканын актап Атанын,
Жазып алган Масалбек!..

## КҮЙҮТТҮҮ КҮҮЛӨР...

Тамчыдай тунук, тунук,
Турам ойдо тунуп, тунуп...
Тагдырын пенделердин,
Тазартсам кайра куруп,
Эл-журтту тоногонду,
Бөрүдөй улуттуруп,
Койсом дейм жолго буруп,
Жүргөндөр азыр да көп,
Далайды кылып курут...
Даанышманды ууктуруп,
Акылманды ыйманга уруп,
Акыйкатты тумчуктуруп,
Бузуктар кутурушуп,
Бетпактар келет утуп.
Ыйманга бычак сууруп,
Ыймансыз агат чууруп...
Калысты катарынан,
Койгон бар «сугунушуп»...
Куйругун карматпаган,
Жүргөн көп сайран куруп...
Эл насибин жуткан соруп,
Эл ичинде кетти толуп,
Эл мүлкүн коргойм деген,
Ок тосту «тоголонуп».
Күйүттүү чебеленет,
Күйөрман тегеренет,
Калыс сөз айтып салып,
Калысчыл тебеленет,
Күйбөгөн тозокто да,
Кошоматчы бар «керемет»...
Кыйраган кылымда да,
Капырай өлүп бүтпөйт...
Эли жок мекен болбос,



Мекенсиз эли болбос...
Мекенин чангандардын,
Тууруна кушу конбос...
Турмушта өчпөйт күндөр,
Турмушта түнөйт түндөр,
Турмушта күйүт чалган,
Турмушта бүтпөйт күүлөр...
Турмушта далилденген,
Тарых бар көп кемиген...
Таамайлап даанышмандар,
«Тумчугуп» айтпай келген...
Таамайлап айткан үчүн,
«Толубайдын» башы кеткен...
Жан сайган жан аябайт,
Бактыны «жатып» таппайт,
«Кыргыз эл батыры» да,
«Уурдадым» деп ачык айтпайт...
Төккөндүн чеке терин,
Мээнетин кимдер актайт,
Бир гана таза ыймандуу,
Бетке айтып кайра качпайт...
Шумкарды шумкар сактап,
Булбулду булбул «чаппайт»,
Карганы карга мактап,
Эшекти эшек жактайт...
Кузгунду кузгун «таптап»,
Жоруга бүркүт жакпайт,
«Ушакчы» чындан коркуп,
Сагызганды сагызган чокуйт...
Саяпкер саяпкерден чочуп,
Даанышман жазгандарын,
«Ал өлгөндөн кийин» окуйт...
Табаарын тайган табат,
Алаарын бүркүт алат,
Даярга көнүп калган,

Тарпты жору, кузгун талайт.
Туш-тушка чачылганын,
Талашып жуттар талайт...
Билгенге бузук өңү миң кубулат,
Кыңыр иш кырк жылда дейт, угулат,
Миллион жыл өтсө да уккун «акмак»,
Шумкардан өмүр бою шумкар туулат!..
Сарсанаага түнөргөн күндөр,
Соолуган сезимдей гүлдөр,
Сүйүүлөр музга айланып,
Созулат түбү жок түндөр...
Төгүлбөй каткырыктар,
Түнгө окшош мунарыктар,
Топ жарбай эл башчылар,
Тар дүйнө, акыл-эс тар...
Кутуруп жүргөндөр бар,
Куйрукту түйгөндөр бар,
Калыска түкүргөн бар,
Билегин түргөндөр бар,
Кудайга тооба кылам,
Кудайды сүйгөндөр бар...
Дөөлөттү сүргөндөр бар,
Дөбөттөй үргөндөр бар,
Көргөндү ачык айтсам,
Кайырчылап жүргөндөр бар,
Амалкөй бузуктар көп,
Аллахты унуткан көп,
Азаптуу күйүт чубап,
Адал жан келет өксөп...
Адилет дегендер көп,
А бирок сөздөрү өтпөйт...
Акчалуу муундурса,
Акыйкат качан көктөйт...
Бузуктар иттердей көп,



Бузуктан ыймансыз көп,
Бузулган үй-бүлөдөй,
Бузулган бийликтер көп,
Өзөктү турган өрттөп...

## МЕЛТ-КАЛТ ТОЛУП...

Бир көрүнүп бирде өчүп өмүр жээги,
Ой кырларга жетип жетпей жашоо жээги,
Мелт-калт этет деңиздей... «шурун» төгүп...
Тирүүлүктүн түгөнбөстөй келечеги!..

Миң кылымдар жарышат «тиреп» мээни,
Боздоп ыйлап... каткырып өтө берип,
Улам арты уланган өлүм тээги...
Эсепсиз өмүрлөр ай... көр алдына тебеленди...

## ЫПЛАСТАР...

Ыпластар төрт тараптан тоорушат,
Ач көздөрү сөөктү да талашат...
Жеңил-желпи «атак-даңкты» алууга.
Ыпластар... эң алдыда болушат...
Бирок алар... эң биринчи «соолушат»...

Алтын «жуткан» арам тамак тазарбайт,
Көп кабаттуу үйдө көп суу «булганат»...
Ыпластык суу эле эмес... ыймандуу,
«Кудай» деген пенделерди булгашат!..

## КУДАЙ БЕРСЕ КОРДОБО...

Туш боло берип таш башка,
«Таламай» болгом жаш башта,
Турмуштун оту «от албай»,
Тушалып жолдо ар башка,
Тушоомду «бууп» кор болгом,
Туш келип бузук «какбашка»...

Түз жолум ооп оң-солго,
Чыдагам далай «онтоого»,
Бузуктар элде көп болсо,
«Булагың» акпай токтолсо,
Күнөөсүз жаның соттолсо...
Бозорот экен кызыл өң,
Боздобос жаның боздосо!..
Бирок далай улуудан,
Бата алгам... «уулум кор болбо»!..

Азыр да келем чындык деп,
Тооба деп аска-зоолорго!..
Анткени Манас атадан,
Кетпес бак!.. конгон тоолорго...
Кудайым берсе кордобо!!!

Алладан бир керемет буйруганга,
Ааламга сүйүнчүлөп айткым келет,
Аллага миң бир ирет ыраазы болуп,
Сүйүнчүмө... бир тамчы сүт таткым келет...

Дүйнөдө жан укпаган ыйык сөздү,
Айтууга чын ниеттен жалынамын...
Көз көрүнөө кашайткан кара көздү,
Ыймансыздын койгум келет «кыйып» жанын...



Бирок чын ачуу менен бул айтканым,
Ак жерден аппак бойдон күнөөсү жок,
Болгонума «кимге» айтып таарынамын...
Бир гана көрөөр кудай... угаар баарын!..

Эртеңки өмүр үчүн «чимирилип»,
Кээде көр «бийликке» тебеленип...
Жол таппай боздогонум чындык эле,
Көз ирмемдик «бактыма» тегеренип...

Ыймансызды мактаган ыймансыз көп,
Бирин бири «тапташып» көкөлөшөт...
Даанымшанды көралбай... «кан кусушуп»,
Алар бирин бири «өлтүрүп» өпкөлөшөт...

Толуп барат ыймансыз «таламайлар»,
Булбулду да «жактырбас» миллион бар…
Боздотуп «ыйыктыкты» мактангандар...
Тирүүндө «тирүүлөй» чирийт алар...
Табылбайт... андайларга саламдашаар...
Андайлар эл-журтунан ажырашаар!..
Сүйүнчү сөз-үмүт үзбөгүлө Алладан мусаапырлар!..

Кыргыздын бийик ыйык тоолору бар...
Манастай айкөл өчпөс «зоолору» бар...
Бир арман бийиктикти «жалмап» турган...
Ыймансыз көп... «көзүм» менен көрүп турган!..
Арамдыктан арылбаган...жолдору бар!..
«Кан» чууруган «өтө ыплас» колдору бар!!!

Башы «ботко» «орто кичи... чоңдору» бар!..
Элдин мүлкүн тоноп тойбос «тойлору» бар!..
Кыргыздын бийиктигин «кордой» берген
Көралбастык... «кыргыз эмес» ойлору бар!!!

## ТАЗА СҮЙҮҮ ӨЛБӨСӨ ЭКЕН...

Ортодо таза ыйманга жуурулушкан,
Таза сүйүү төрөлүшөт таза кандан,
Деген экен байыркы уламалар,
Таза сүйүү төрөлбөйт деп «жамандардан».
Акылмандар төрөлүшөт таза кандан...

Сүйүү деген бир түндүк болсо жалган,
«Сокур сүйүү» акчага алдангандан,
Байыркы олуялар тарыхынан,
Төрөлүшсө падышалар таза кандан…
«Хан төрөлбөйт» арам ыплас жарандардан...

Сүйүүнүн тазалыгы ченелбеген,
Бийиктик бирок жан жок билем деген...
Бирок таза сүйүүлөр өлбөстүгү,
Байыркы тарыхтарда далилденген...
Сүйүүлөр болгон болот мен ишенем!..
Ааламда таза сүйүү өлбөсө экен!
Ач көздөр таза сүйүү көрбөсө экен!
Тунук сүйүү генийлерди төрөсө экен!
Тирүүлүктө ак сүйүүлөр көгөрсө экен...

## ЭЛ ҮРКҮН СҮРӨТҮ (1916-ЖЫЛ)

Бозоргон тоо таш, адам жок,
Көркоолор жүрөт сороктоп,
Өлүккө толуп туш тарап,
Тирүүлөр өксүйт шолоктоп...

Адамды ташка жанчтырып,
Акмактар көөп каткырып,
Жандоочу болуп ажалга,
Жутунат кордой ачкалык,



Сезалбай жансыз экенин…
Тырмалап төшүн эненин,
Жан берген канча наристе,
Үстүндө муздак дененин,

Түнөргөөн тоо таш, талаада.
Тоскоол жок муздак шамалга,
Үнүлдөп өтөт шуулдап,
Кум карды шилеп адамга,

Жазылып бүтпөс тарыхка,
Жүз жыл деп ал кез алыста,
Унутпа элди кырылган,
«Тендик» деп атыш чабышта...

Өлгөндү кайра тирилтип,
Келүүгө» күч жок жүгүрүп,
Кордолуп өткөн кыргыз деп,
Айттырбай келген көр бийлик

Жер, сууну тартып жүдөтүп,
Кыргызды кырып түгөтүп,
Кетебиз деген «шакмарлар».
Калышсын эми түгөнүп.
Көзү жок түндөй түнөрүп...

## КЫРГЫЗ КАЛКЫМА

Кылымды башка камтыган,
Каймагын сөздүн калпыган...
Канына акыл уюткан,
Кагылам кыргыз калкыман...

Кайтпаган айткан антынан!..
Айтылган ыйман тазасы,

Акылман сөздүн Атасы...
Ар дайым колдоп турса экен,
Айкөл Манас батасы!!!
Жок болуп кыргыз капасы...
Бар болуп Каныкейдей Апасы!..

Айтматов деген ат менен,
Адабий улуу даңк берген.
Алладан буйруп ырайым,
Ааламда түшпөс так берген...
Аныктап айтсак кыргызга.
Алланын өзү бак берген!

Мекен деп жүз миң-миң жылдар,
Жашаган баатыр кыргыздар.
Керемет тоолор, талаалар,
Казына байлык, мол суулар,
Манас ата түптөгөн,
Энесай, Алтай, Ала-Тоо...
Сакталып келген мурастар!..
Аларды уланта турган кыргыз бар,
Арбагы колдоор Манас бар!..
Миллион жылга таралаар!!!

## ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН АТАГА

Акылын башка камтыган,
Каймагын сөздүн калпыган...
Казына өңдүү уюган,
Кагылам кыргыз калкыман!..
Байыркы ата бабадан!..
Жээренче чечен Атадан...



## ПЛАТОНГО

Алсыздын арман ыйын тоготпогон,
Акылманды бийликке жолотпогон...
Андайлардын уругун курут кылып,
Аруулуктан урук ал дейт Платон!!!

## ЖАЗАМ ДЕП

Жок болуп жан дүйнөдөн сырдашаарым,
Жок болуп мен таянар даанышманым,
Жазам деп Ата-баба арбактарын,
КПССтан сурабай ыр жазгамын!!!
Ошентип мен турмушта куулгамын!..

## АКЫЛ БАШАТТАРЫ

Бар өмүрдү барктоо өзү улуулук,
Баалаганга даанышмандар сөзү улук...
Бардык иште түнүк акыл чек болгон...
Бар болсо де тирүүлүгүң Ата журт!

Ата журтту сүйүү үчүн түбөлүк,
Адам болсоң Аллахты сүй дегендик,
Бир гана Аллах калаары чын о Пенде...
Ааламда жок бир тирүү жан «түбөлүк»,

Турмуштун билгенге көп «ысык» жагы,
Тирүүлүктүн түгөнбөс кызыктары,
Акыл менен таза ыйман турган кезде,
«Өлбөш» керек адамдар ынтымагы,
Элди бөлүп экиге байлык тапкан.
Турсун соолуп... четинен бузуктары!..

Тирүүлүктө Аллахтан суранаарым,
Турса экен дейм акылман башаттары,
Менден таза менден калыс болсо экен дейм.
Келечектүү жаштардын ыймандары,
Жоголбосун адамдык сапаттары!
Күндөй болуп түгөнбөсүн катарлары...
Булганбасын «акылдын» башаттары!..

## УГУП АЛ, ПЕНДЕМ

Өлүктү көмсөң, көр тойбойт,
Сууну жуткан жер тойбойт.
Баарын жаксаң от тойбойт,
Ааламда ач көз көз тойбойт!..

Алтын сапатын жоготпойт.
Акыл ынтымакты орнотот,
Өлүмдү бир жан токтотпойт,
Кудайды көпкөн тоготпойт.

Ыймансыз арты жоголот,
Ыймандуу түбү оңолот,
Ач көз түбү көбөйбөйт,
Акылман сөзү өлбөйт...
Акмак акылды өгөлөйт.

Шумкар уругу аз,
Жору төрөлгөндөн таз,
Бака ордосу балыр саз,
Калп чындыкка кас!..

Бүркүт тарпка түшпөйт,
Баш ийбести тээп түшүрөт.
Бузук адалга көнбөйт,
Ыймансыз, коррупция «өлбөйт».



Сууга таштак да көктөйт,
Өпкө сууга чөкпөйт,
Бузук акка көнбөйт.
Суусуз көчөт өнбөйт,
Кудайды сүйгөн көппөйт,
Ыймандуу тирүүнү сөкпөйт,
Нысаптуу «итти» да теппейт,
Кудай деген насипти төкпөйт,
«Баасыз» сөз базарда өтпөйт,
Бактылуу чөлдү көктөтөт,
Аллах сүйгөндөр көкөлөйт!..

## ЧЫНДЫК ҮНҮ

Кайберендей аска-зоодо төрөлгөн,
Эңсегени өчпөс жашоо көгөргөн,
Жашоолордо жан «сатылып» турганда,
Бир бийликтен тыйын сурап көрбөгөн!..
Буйруган бир кудай берген насиптен,
Даам татып булбул окшоп өлбөгөн...

Кооз эмес бир кабатка көңүл ток,
Үстүндө же кабатталуу үй да жок,
Ай талаада суудан ичип эл менен,
Карапайым эл катары күн көргөн...

Күн болсо деп күндө чындык төрөгөн.
Өмүр барда мен чындыкка жөлөнөм
Бирок элге жашоо тилейм көгөргөн!..
Жашай берем тирүүлүктө өлбөгөн...

## ЖАКШЫГА ӨМҮР ТҮГӨНБӨЙТ

Жакшыга өмүр күбүлбөйт,
Жакшыга түн да күлүндөйт,

Жабышкан менен жамандар,
Жакшыдан Аллах түңүлбөйт...

Көбөйүп сүйүү көргөндөр,
Сүйүүгө баа бергендер,
Түгөнбөй турса жашоодо,
Жакшыга баа бергендер.
Тирилип кайра өлгөндөр,
Ынтымак сээп жүргөндөр,
Көралбас көрдө боздосун,
Жакшыны билбей өлгөндөр,
Кайыптан түшүп төлгөлөр.
Кудайдан болуп ырайым,
Жакшыга бакыт күн келээр!..

## ОЛУЯ ОСУЯТЫ

Бузук сөз оору айыкпас,
Сөз деген шамал карматпас,
Жүрөк ооруса мээге доо кетет,
Мээ ооруса жер тегеренет!..
Мессия кайыптар бедел сый, дөөлөт,
Масон диний үрп-адат олуялык берет...

Булбул тамсилге тойбойт,
Бирок ырын өмүрдө койбойт...

«Жору, кузгун, карга, сагызган».
Садага кетсин шумкардан!..

Өмүр күндө жоголот,
Өлүмдү күндө тапса болот...
Аба көзгө көрүнбөйт,
Күн өзүн-өзү көрбөйт...



Акылмандар тирүүлүктө наадандарга жаккан эмес,
Наадан акылга муктаж эмес...

Акыл болсо ыйман жоголбойт,
Ыйман болсо эл тонолбойт.

Алдамчы «бийдин» багы жок,
Адилетсиздин тагы жок...

Чындык акылман «өмүрү»,
Бузуктук ынтымак «өлүмү»...

Эси жок «тойгондо» эсирет,
Эстүү эшекти да кечирет...

Ач көз, тойбостор – көлөкөсүнөн коркот,
Алар адилет чындыкта жоголот...

Миң күлүк-тулпар эмес,
Миң куштар-шумкар эмес

Миң тулпардын бири да дулдул эмес,
Сайраган миң куштун бири да булбул эмес.

Улуу сөз-ааламга көз!..
Аллах көзү Ааламда өчпөс!!!

## МАСАКЕНИ САГЫНУУ...

Капталда толо карагат,
Карасаң кумар таратат,
Кымызга канган Масакең,
Ырлардан окуп капталдап,

Боз жорго менен баратат...
Жайлоого куруп саякат...
Тоолорду кошо толкутат...

Булактар акса шаркырап,
Жээкте гүлдөр кулпурат,
Масакеңди сагынган,
Жайлоонун жели гүл сунат,
Жайнаган «гүлгө» кол сунган,
Масаке өбүшүүгө умтулат...
Төгүлүп ырлар каткырат...

Түркүн куш канат сабалап,
Кайберен зоодон карашат...
Жайлоонун көркөм төрүнөн,
Булактар ырдап ыр агат...
Жаштык кез өткөн жерлерге,
Каректер талбай кадалат...
Каректен жашын чуурутуп,
Масаке... сагынычын таратат.
Жүрөгүн ырлар каккылап...
Билинбей алыс жакындар,

Билинбей көзгө закымдар,
Бала кез кандай өткөнүн.
«Бал» кошуп айткан акын бар!..
Алардын көбү айтылбай,
Арманда кеткен акындар...
Карматпас өңдүү «закым» бар!!!
Жаңы ырын окуган сайын,
Сагынып жүрөт айрымдар!..



## КҮНДҮ БААЛА, АЛЛАХ БЕРГЕН

Алдап көнгөн Аллахтын «таразасын»...
Адамдардын көрдүм ач көз далайларын,
Ак ыйманды сактап жалгыз жүрөгүмө...
«Чыккынчысы» көрүндүм мен алардын...
Ааламга нур тараткан тирүүлүктө,
Жалгыз күндүн мен жалгыз баласымын!..
Деп тилесек, кыргыз элим, Ата журтум...

Миллиарддап... төрөлүп Манасымдын...
Урпактары улантса урпактарын...
Бул тилегим түгөнбөс өлбөс бактым!..
Болооруна ишен кыргыз алтын тактың!..

Күйүттүүнү көрүп кошо күйүп турган,
Кандай пенде болду экен ыйык ыйман...
Кара ниет көзү көр бузук бетсиз,
Күндүн да улуулугун көрө албаган...
Кайдан чыгат кан ичээр канкор наадан!..
Күндү ыйлатып кордогондор эмес Адам!
Көралбастык ичи тардык кыргыздардан.
Кудай ургур... тазаланат... качан, качан!..

Кең ааламды жек көрүп «өлөм» деген,
Кырк урууну «кырк» жерге бөлөм деген,
Кыргызга бир насипти ыраа көрбөй.
Канча бузук калат жерде көмүлбөгөн...
Күн өмүрдүн көз ирмем балын татпай,
«Кул» өмүрдүн кулү менен кете берген..
Кур өмүрү баасы желдей өтө берген...

Эмне берип эмне алдың бу дүйнөдөн,
«Базарга» келип кайра кете берген,
Мал окшоп баасын билбей жетеленген!..

Кереметтүү жашоодо токтобогон,
Күн өмүр ыйыктыгын баалап пендем...
Өжөр болуп кала электе тебеленген,
Күн өмүрдөн ырахат көр, Аллах берген!!!
Күйүп кетип күн өмүрдү башка тепкен...
Күн өмүр баасы бийик «таш» эстеликтен!..

**АЛЛАХ ӨЗҮ**

Ай, Күн, деп өтүп жүгүрүп,
Ай, Күнгө келем жүгүнүп,
Алладан тилейм ар дайым,
Ааламга бер деп тирүүлүк!..

Өмүрлөр кээде күбүлүп.
Өзөктү өрттөйт үшкүрүк,
Көр окат оокшоп күнүмдүк,
Калгандар канча ич күйүп...

Ааламда толо акмак көп,
Аларды айтсаң ич түтпөйт...
Акылман калса жаңылып.
Акмактар деген тебелейт...

Ааламды Аллах түгөлдөйт.
Армандар ырас түгөнбөйт.
Ай, Күндү кармап жүргөнсүп,
Ач көздөр аз деп «күпүлдөйт».

Турмушта батпай чакырык.
Турмушка толуп бакырык...
Туш келген жактан качырып.
Коррупция күчөйт «сапырып».



Айылда, шаарда кыйкырык,
Аш-тойдо деле кыйкырып,
Абийир, сый, ыйман азайып,
«Акча» деп баары айкырып!

Ай, Күндөн кээде түңүлүп,
Акыл-эс калды бүгүлүп...
Айтматов айтып кеткендей,
Азап тура... Адам болуу, түбөлүк!!!

«Жыргоо жыргал» экен десем бу дүйнөдө,
Жан жанчылган күрөш тура бу дүйнө.
Жандууларды тирүүлүккө үндөгөн,
Жок дегенде Ай, Күн болуп күнүгө!!!
Жалгаса экен Аллах өзү күнүгө!..

**ЫЙМАН ТИЛЕК**

Учурган колдон куш болуп,
Түйүлгөн кээде муш болуп...
Кээде тоңом муз болуп,
Эриймин кээде туз болуп,
Бактыга кээде туш болуп,
Зыпылдайм учкан куш болуп...
Жүрөгүм деп онтоймун,
Бузукка кээде туш болуп...
Акылманга жолуксам,
Калгансыймын башка кут конуп!..
Айрылып кээде жакшыдан...
Кайгырам ичим чок болуп...
Эл бузгандарга жолуксам,
Атылып кетем «ок» болуп!..
Ата журт бизге кут болуп,
Турса дейм элге кут толуп.
Ынтымак тынчтык эгиздей.
Өмүрлөр турсун жуп болуп!..

## «БЕЛЕКТИ АЛГАМ» КУДАЙДАН!..

Эстесем жаштык кезимди,
Эңсөөдөн жүрөк эзилди,
Өз өңүн көрбөс Күн окшоп,
Калгансып көрбөй өзүмдү,

Өткөрүп «изсиз» өмүрдү...
Ыр болуп жүрөк козгогон,
Ый болуп коштоп боздогон,
Ыр шимирген жаш кезде,
Ынагым аска-зоо болгон,
Жан дүйнөм адыр тоо болгон...
Кайрылбас жаштык кордолгон!..

Үн салган улар өңдөнүп,
Кайберен түшкө көрүнүп,
Кайыптай жалгыз сыздаган,
Көз жашым акчу төгүлүп,
...адашып өмүр түгөнүп,
Калгандай... сезчүм мен «өлүп»

Өмүрдүн окшоп көктөмү,
Көз мончок жылдыз «көктөгү»,
Көз болуп Ак таң аткыча,
Жалгыз ай калчу көктөгү,
Өксүтүп өмүр өткөнү,
Куш болуп учуп кеткени...
Жүрөгүм «солк дей» түшкөнү,
Эсиме түшүп жаш кезде.
Бийликтин башка «тепкени»!!!

Болбосту чыдап болтурган,
Толбосту тердеп толтургам...
Жан элем аттиң, өмүрдө,



Чындыкты айтып кубанган!..
Кур калган эмес убадам...
Акталып ыйман тилегим,
Белекти алгам Кудайдан!..

## ЧЫНДЫКТА ЖЕТИМСИРЕП

Эңсеген тулпар болалбай,
Шумкарча туурга коналбай,
Көралбастарга көр болдум,
Ак шоола болуп жаналбай...
Калыс сөздү түз айтып.
Кабылан өңдүү жалтанбай!

Бузук сөздү айттырбай,
Бузукту акка бастырбай,
Турсам да намыс тарттырбай,
Туш-туштан талап турушту,
«Тулпардын» жалын карматпай...

Бүтпөгөн кара ниет ушактарын,
Ыр менен бирден терип «бычактадым»...
Ак ниет адал ыйман адамдардын,
Сүйүүдөй жүрөгүмө кучактадым,
Көралбастын мага салган тузактарын,
Адал ак пейил менен «тузактадым»...

Ач көз, ууру, тойбостордун,
Жемсоолорун «ок менен» талкалайын,
Дейин деп бирок пастык жасабадым,
«Кейибейин» деп таз кебин акмактардын...
Ата журтта чындыктан жетимсиреп,
Калбайын деп... чындыкта келатамын!

## БАР БОЛОЛУ...

Боздоп ыйлап азап тарткан тирүүлөрдөй,
Боз туман аска-зоолор өңдүү өзгөрүлбөй...
Ата журтун, улутун баарын таштап,
Кеткен көп... аткан аппак таңды көрбөй...
Бирок тирүүлөр көп өлүктөрдөй...

Бийлик үчүн «тулпар» жүрүш көргөзүп,
Бийлик башын күтөт күндө «үшкүрүк»,
Жүрүш деген оор жүктү көтөрүп,
Жүрсөң дагы «бийлик эмес түбөлүк».
Чындыктардай эмес өмүр бир күндүк...

Акыйкат жок «көр бийликке» тең келээр,
Чындык сүйгөн «олуядай»... темселээр...
Бийлик деген 90 пайыз жеп кетээр...
Байлык эмес чырак өңдүү жалп этээр...
Түбү өчпөгөн бир Аллах бар эстетээр!!!

Бийликке кызыккан көп, жетпеген көп,
Бийликти «сатып алып» эптеген көп,
Бийликти сыйлап ыйык куран өңдүү...
Бар болгула жарык жүздүү, акыл көздүү!!!
Бар бололу кыска өмүрдө ынтымактуу-адилеттүү!..

## КҮН МЕНИН ӨЧПӨС СҮЙҮҮМ!..

Жүрөккө уюп армандар,
Жаштыгым өтүп... өзүм бар...
Жаш өткөн сайын бөксөрүп,
Жабыгып турган өмүр зар!..
Күн сайын күйүт уланып,
Күтүүсүз көз жаш куланып,
Карызга көңүл баткансыйт...
Көчмөндүү турмуш чубалып...



Жанаша болсо Ак жоолук,
Деп тилеп келем ден соолук...
Деген менен жашоодо,
Кемйит тура «ден соолук»...

Жан дүйнө тазалыгы деп,
Жан үчүн айтып «тонна» кеп...
Жан-канын сайып пенделер,
Жеңилип калат жеңем деп!..

Күн сайын көргөн «Күнүм» деп,
Күн сайын тирүү үнүм деп...
Көч улайм Кудай буйруса,
Күн менин өчпөс Сүйүүм деп!..

## ӨЛБӨС ТИЛЕК...

Ааламды ала салдырган,
Алптардын күчүн багынткан,
Аллахтан кубат суранам,
Адамды дайым кубанткан...

Куулугу жок чын айтсам,
Кудай деп күйүп чыркырайм...
Кудайдан коркпосторду бир.
Курутуп бирден «айдасам»...

Күнөөсүздөрдү кордогон,
Калыстыкты зордогон,
Кыргызды талап тоногон.
Кан ичерлерди жоготсом!..

Жан кечтилик дегендин,
Жан сырын ачык билет ким,

Жан кейиткен көбөйдү,
Жок болуп «башы» тартиптин!..

Жашоодо пенде көрбөгөн,
Жашоого узак жан берген,
Жаңыча баштап жашоону,
Жаратсам өмүр өлбөгөн.

Жан кейиткен жарабас,
Жай алына карабас.
Жан айла таппас пендебиз,
Жан коргоого жарабас...

Берсе бир кудай жараткан,
Бейиштей жашоо жаратсам...
Бактынын башы Теңир деп,
Бу дүйнөгө тынчтык таратсам!!!

## АЛЛАХ ДЕГЕН КЫРГЫЗ ЭЛ ТҮГӨНБӨСҮН..

Кыргыз деген «кырса бүткүс» эл болгон,
Көптүгүнө Алтай, Энесай жер толгон,
Кыргыз деген кыйрабаган журт курап,
Кыргыз ханы кабылан Манас шер болгон...

Курган тагы бар бийликке тең болгон,
Жер байлыгы алтын, күмүш кен болгон,
Кыргыз деген Хан дөөлөтүн айкындап,
Ала тоодой былк этпеген бел болгон...

Айкөл Манас кырк урууга туу болгон,
Алп Атабыз эркиндикке нур болгон,
Адилеттик, ынтымакты ширеткен,
Аллах берген кыргыз элге кут конгон…



Анда да бөлүп жарып ортодон,
Анда да бузуктар дайым жоо болгон,
Ал кезде Алтай-Тибет-Шамбаланы жердеген,
Аталар да Байыркы кыргыз эл толгон,
Баарысын Кудай колдогон!..

Ала тоосу туу болуп өмүрлөрдүн,
Аллах деген кыргыз эл түгөнбөсүн,
Уланып 100 миңдеген кылымдарга...
Кыргыздын ырыскысы төгүлбөсүн!..
Кыргыздар бу жашоодо бөлүнбөсүн!..

## ЖЕТИМ САПТАР…

Айткым келет ааламга ачык бүгүн,
Билдирип бу жашоодо тирүүлүгүм,
Жетимиш жыл өмүрдүн азап муңун,
Мен айтпасам кимдер айтат Кудай үчүн...

## ТАШ БООР

Жашоодо чындык табалгыз,
Өмүр деп өткөн миң жалгыз,
Баарысын тоноп тойбогон,
Ажалдан таш боор адамбыз!..

## АЙТЫП КАЛ

Көргүн, келсе турмуштун бийиктигин,
Билгиң келсе тирүүлүктө жигиттигиң,
Бар дүйнөдө тирүүлүктөй тирүү болуп,
Айтпасаң анда сенин чириктигиң...

Айтып кал чындыгы үчүн тирүүлүктүн...
Адилет өксөгөндөр үмүттөрүн,
Акылдын эсине албай дүбүрттөрүн...

Ааламда Ай менен Күн жүрүштөрүн,
Айтып кал... аргымактын күлүктөрүн...
Акыл деген ээси болот түбөлүктүн!..

## КҮЙҮККӨН ӨМҮР ЫРЫ

Кур жалак калып үмүттөн,
«Кул» болуп аттиң күйүттөн...
Көр оокат керек деп жүрүп,
Эсепсиз өмүр күйүккөн!..
Түңүлүп барат өмүрдөн...

Тепселип көлдүн жээгиндей...
Чыдадым комуз тээгиндей,
Өксүп келем чындык деп,
Тагы жок чындык тилиндей...
«Багы» бар жерге «илинбей»...
«Тагы» барларга жүгүнбөй...
Күн сайын ырмын өмүрдөй...

Бийиктин бийиктигин көрүп туруп,
Күйбөгөн көп бийиктикке көңүл буруп,
Бийликтин «сокурлугун» көрүп турган,
Айтпагандар болот түбү «өмүр курут»...
Ажалдан «байлык» жоктур... «алар сууруп»

## БОЗДОГОН ҮН

*Акын Какен Алмазбековго*

Капкара таңдай атпаган,
Канча жыл жаны кашайган,
«Көзү жок» көргө айланып,
Көралбай өткөн жарык шам...
Каректен таамп тамчы кан..



Жан кашайткан азаптан,
Жер калбай жалгыз жатпаган.
Же кутулуп кеталбай,
«Жабышкан» вино-шараптан,
Турган доско жакпаган...

Тамшанткан «ырын» окуган,
Таанышты «күтүп» отурган.
Өткөндөргө кол сунган,
Көзүнөн учуп «жүз грамм»...
Күн-түнү татпай тамактан...

Көзүнөн кетпей кара түн,
Жүрөктө сыздап боздойт үн...
Жашоо деп окуп ырларын,
Жашоодон «үзбөй» үмүтүн...
Жашоодо көрбөй «Жарык Күн».
Какемдин билгин өткөнүн.

## КАЙРАН ЭЛ

*(Дооронбек Садырбаевге)*

Каргаша каатчылык журтка түшкөн,
Кырсыктан журтту коргоп калаар бекем...
Деген ой түрмөгүндө өмүр өтөп...
Өзүмө өзүм «аза күтүп» келем!...

Өрт чыгып жаткансып бир өзөгүмөн,
Өткөндөй турса дагы кан ичимен,
Силер деп «кайран элим» түгөнбөгөн,
Адашпайын ыйман деген тилегимен...

Эт жүрөк эми сезип зыркырады,
Куш өңдүү торго түшкөн быркырады...
Кордолгон «чындык» окшоп кареги өчкөн...
Кайран эл аккан жашы тыйылбады...

Өтсө да 100 миң жыл арадан,
Ток казан Манас Атадан...
Эне сай, Алтай, Тибетке,
Кайгыны жутуп көңүлгө,
«Кайран эл» кыргыз тараган!..

## МАХАБАТ ӨЛБӨС ТИРҮҮЛҮК

Өрт коюп кетчү өзөккө,
Күйүтү сүйүү өзөктө...
Кыйкыра бербе сүйүү деп,
Махабат жаны жүрөктө...

Баш ийбейт сүйүү көпкөнгө
Баса калып өпкөнгө...
Көрүнбөс көзгө өлгөнчө.
Сүйүүнүн күчү жүрөктө...

Сатыла берген көптөргө,
«Тамтыгы» чыгып көп жерде,
Махабат сүйүү кул эмес,
Ууланган ушак сөздөргө...

Алгыры куштун бөктөргө,
Ал дагы жакпайт көптөргө...
Махабат күчү акыйкат,
Өмүрдө» жакпас «көк мээге»...



Деп жазып «сүйүү махабат»,
Карысы жашы жарышат.
Баалабас аттиң манкурттар,
Махабат тирүү махабат!!!.

Жашаган өлбөс үмүттө...
Жашоону берип үмүткө...
Жар салып жарык дүйнөгө,
Махабат жашайт жүрөктө...

## САЙЫЛДЫ ЖЕБЕ ЖҮРӨККӨ...

Ичинде жети дубандын,
Акыйкат бар деп кубандым...
Бирок «айбандар» күндө-көбөйүп,
«Акыйкат» жок деп ыйладым...
Деген ой толуп жүрөктө,
Караман калкты сыйлайын...
Сайылды бирок жүрөккө...
«Жебеси» каралбастардын!!!

## КӨРАЛБАСТАРГА

Душман өңдүү «ишти бузуп» адал ак,
Калыстыктын кол-бутуна жабышат.
Колдоо үчүн бир жардамга жарабай,
Көралбастар «колго, бутка» чабышат...
Эл насибин жутуп көнгөн ач көздөр,
Уурулардай... чындык сөздөн качышат,
Аруулуктан акыйкаттан алыстап!..

## ЖҮРӨГҮҢ ЖҮРӨК ЭМЕС...

Сасытып курт чымындар конуп турган,
Сасыган арамдыкка толуп турган,
Сагынып Ата Журт деп оорубаса,

Жүрөгүң, жүрөк эмес согуп турган!..
Жүрөктүн тазалыгы бир Кудайдан.

Байлыктын адалы бар, арамы бар,
Башчынын азабы бар, арманы бар,
Баарысын эс-акылга талдабасаң,
Бийликтин чындыгы бар, жалганы бар,
Бийликке жетпей өлгөн чындыктар бар...

Ыйман деген жаралбайт ыпластан,
Ыйманы жок айрылуу адалдыктан,
Ыйман деп жүз жыл бою чыркырасаң,
Каршы болоор көп пенде ыйман жуткан,
Итке окшошуп туш туштан «талап турган»...

Эгер сен арам ойдон арылбасаң,
Ыйманды жүрөгүм деп сыйлабасаң,
Ата журтту, элиңди алдап турсаң,
Жүрөгүң жүрөк эмес согуп турган!..
Арам жүрөк буйрубасын бир Кудайдан!..

Ар бир жүрөк Ата Журт деп ооруса.
Андай жүрөк Аллах Таала жолунда,
Экендиги далил болуп жашоодо,
Андай жүрөк ыйман кошуп жашоого.
Таза күндөй нур тарасын Ааламга!!!

## ЖҮРГӨНДӨЙ БЕЙИШ ЖЭЭГИНДЕ...

Күн сайын ыйман көгөрүп,
Күнүгө өмүр төрөлүп,
Жер бети гүлдөй көгөрүп,
Арыбай турсун ынтымак,
Чындыкка чындык жөлөнүп...



Кулкожо Ата жолундай,
Күйүтсүз өмүр сүрөлүк...

Ала-Тоо билсең алтын жүк,
Болсоң, кыргыз баалап күт,
40 миллион эл толуп,
Кыргыздар бирге көрөлүк...

Ай менен Күндөй нур төккөн,
Жашоого болуп күбөлүк!!!
Жүргөндөй бейиш жээгинде...
Тооба деп «барга» жүрөлүк...
Ынтымак доорун сүрөлүк...
Чачылып кетпей... бөлүнүп...

## ЧЫНДЫК КУДАЙ ЖОЛУ

Ийилбес жерден ийилтип,
Жүгүнбөс «жерге» жүгүнтүп.
Белимди «бийлик» бүктөгөн,
Түшүнбөс наадан түбү өлүк.
«Иттигин» көзгө билдирип...
Айтты элем «дуба» жан күйүп,
Деп жалгыз Кудай күбөлүк...

Ал кезде «алар» күтүрөп,
Эми калышты алар битиреп...
Таякты сүйрөп «титиреп»,
Болушту көбү «ич өткөк»...
Жол табалбай «төтөлөп»...
Чөгөлөшүп... «жөтөлөт»...

Чындыкты Кудай соттобойт,
Деген сөз күнгө окшошот.

Акыйкат жазып чындыкты,
Деп айтат арамдык деген «соттолот»

Бузуктар ушак сөз айтат,
Көралбас «көрдөй» көралбайт...
«Чындык деп жашап чыркырап»,
Келаткан үчүн... чын айтсам!
Кудай колдоп келатат...

Кудайдан келген бийиктик,
Аны бир да күч албайт «ийилтип»...
Айтканың чындык түз болсо
Ар дайым жеңет тирүүлүк!..

## ТУУЛГАН КҮНГӨ

Үзүлбөй узак өмүрдөн,
Жаштык дем өчпөй көңүлдөн.
Калыс ыйман колуна,
Пейилиң болсун чөмүлгөн...

Уланып уул чууруган,
Күнүндөн сенин туулган,
Кур калба уулум насиптен,
Кудайдан сага буйруган...
Коштолуп турсун өмүрлөр,
Кыз бала менен уулдан.

Жан барда жардам бере бил,
Ыйманга тамчы тере бил.
Мусаапырларга кайрылып,
Ал жайын даана көрө бил...
Жээренче Ата айткандай,
Акыл эс болсо сайрайт тил...



Таш өңдүү жаткан сайдагы,
Билинбей канча салмагы.
Көрүнбөй элде акылман,
Көбөйүп барат «нааданы».
Кор болсоң арам «көпөскө»,
Өмүрдүн күчөйт «Арманы»...

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ...

Аргымак атты чаптырып,
Аксакалдарды шат кылып.
Шамдагай билектүүлөргө,
«Көк бөрүнү» тарттырып.
Жээренче чечен Атанын,
Акыл сөзүн айттырып...

Той өткөрүп кыргыздар,
Уул үйлөп, кыз берип,
Көрүшкөн өмүр каткыртып,
Кырк күн тойду тойлошуп.
Түнөтүп байге чаптырып,
Кыркы жылкы байге сайдырып...

Бука моюн, буура сан,
Күрөшкө тандап балбандан.
Эр эңишке тандаган,
Бетме бет чыгып сайышка.
Тартынбай найза сайгандан...

Күйүттү айтпай күнүмдүк,
Кыргыз деп чогуу жүгүрүп,
Кары-жаш дебей биригип,
Ынтымак дешип тик турган,
Бузуктарды жүгүнтүп...

Калп ушакчы уурулар,
Мүрт кетишкен бүк түшүп...

Күмүш жал күндү ээрчитип,
Алтын жал күндү арбытып,
Энейсай-Алтай-Шамбала,
«Кайлашты» кошо баалашып,
Тибетке малды жайлатып,
Акылмандар башкарып,
Жээренче Ата сөз жарып,
Туягы дулдул таш жарып.

Эл-жерин коргоп кыргыздар,
Каптаган каршы душманга,
Каршы туруп чабышып,
Чокморлор колдо карышып,
Ала-Тоо үчүн жүрөктөр,
Эгиздей бирге жарашып...
Булактар созгон ырдашып,
Комуздай күүнү сайрашып...

Байыркы Манас көчүндөй,
Кыргыздар көчү уланып,
Байыркы кыргыз баяны,
Колдоп Манас арбагы...
Бар болсун колго «Туу алган»!!!
Кырк миллион кыргыз кубанып...

## АДАЛ ҮЧҮН ТААЗИМ

Жети өзөндүн сууларын кечтим эле,
Жеңилбейм деп «адал үрөн» септим эле.
Жемкор тойбос көралбасты тептим эле,
Жан кечти нысапсызды сөктүм эле.



Кырк жыл бою бийликке чөктүм эле,
Ошондо да «чындык деп» өттүм эле.
Оорусам да, сынсам да чөгөлөбөй,
Акыйкатты айткандарды «өптүм» эле...

Бетине айтып чындыкты сүйгөн менен,
Боздогонду... аяп жүрүп жүрөккө түйгөн менен.
Боздогон бос талаада калган жалгыз,
Кайберендей... ок жегенде... күйгөн элем.

Кубанып «Адал» иш деп ажаат ачып,
Калсам да ыймансыздан ызаланып...
Өзүм берген «карыздарды» кечтим эле...
Өз оозумдан билдирип ыраазылык...

Капилеттен кайгыларга чөктүм эле,
Катарынан «төрт өлүмдөн» өттүм эле!..
Каршы чыккан жемкорлорду жеңүү үчүн,
Кечир кудай! Мен алданып ичтим эле!!!
Бирок...Адал үчүн таазим эттим эле!!!

## СЫНЧЫНЫН СЫНБАС САПТАРЫ

Жашоо деп тынчтык туусун көтөрүшүп,
Жан сайган ыймандуулар чөгөлөшүп,
Жашоого жан салгансып нысабы жок,
Жел өпкөлөр жер баспайт көкөлөшүп...

Жерин саткан кошоматчы ыймансыз көп,
Элин саткан ыймансыз андан да көп.
Жан күйгөндөн чын айтсам кечиргиле,
«Жан» жерин саткан сойку чын өйдөрөөк...

Мертинтпей Манас ата ыйык кушун,
Мекендин мага берген актап тузун.
Маанисиз тантыраган башчыларды,
Мактабай берсем ыйман уюткусун.

Ач көздүк, көрө албастык, бузуктуктун,
Тыптыйпыл өрттөп туруп уюткусун.
Анан бир арууулукту сыйлаганга,
Аты өчпөс өмүр берсем узун-узун.

Ата-энем, бир боорумдан айрылганда,
Аллага тооба дедим кайгырганга...
Айтчы сен адам болсоң не дээр элең,
Ажалга алың жетпей калганыңда.

Тирүүлүктү көз менен көрүш керек,
Төгөөрүңдү жүрөктөн төгүш керек.
Тентигенге ыйманды сатып ийбей,
Туугандар, өлсөк дагы ыйман менен өлүш керек.

Жарышып өмүрлөрдөй жүгүрүшүп,
Жашоодо баарысы эле күлүксүнүп.
Жаратылыш баш болуп төрт мезгилдүү,
Жашоодо шашылышат үмүт күтүп.

Тирүүлүк жарышында күйүгүшүп,
Тирүүнү өлүм кууп жүгүрүшүп...
Тирүүлөр көр дүйнө деп өтсө куурап,
Түбүнө жете алышпай түңүлүшүп.

Арууулуктун күчөп улам намысын,
Азаттыктын өчпөй бийик дабышы.
Акыйкаттын тулпарындай жашоодо,
Алп тирүүлүк бүтпөсө экен жарышы!



**ТАЛАСЫМ**

Мен үчүн жүрөгүмдөй кагып турган,
Меккесиң күндө кубат алып турган...
Муздабас күн өңдөнүп мүрзө үстүндө,
Мен өтсөм, шоола болгун жанып турган.

Сан кылым самсып артта калган менен,
Сансыз эл сапар улаар сени менен.
Санжыра - өмүр өңдүү жолугушаар,
Сен үчүн ырда жазган мени менен...

Соолбос мүрөк суудай канып турган,
Сагынтып сармерденге салып турган.
Ырысым-насибимдей таап турган,
Ырымсың, бүтпөс тамчы таамп турган.

Күн өңдүү кара түндү жарып турган,
Кабаанын ташы өңдөнүп жанып турган.
Кан болуп кан тамырда агып турган,
Күнү-түн жүрөгүмсүң, кагып турган.

Таласым тирүүлүктө киндик каным,
Тамган жер, кучакташып жатаар жаным.
Туңгуюк кара түндү жаркыратып,
Сен өчпөй өңдөнүп тур бир ак жалын!

Мен болсо ыйман тилеп жанындамын,
Сен болсо-Ата журттун канындайсың!
Сен коштоп Кудай берген муундарды,
Туу тутуп... Манас ата урпактарын!..
Айтматовду баш кылып сагынаарсың!..
Мен болсо... ыйлап боздоп буркураармын.

## АТА ЖУРТ КӨЧ УЛАСЫН АТА ЖУРТКА ...

Ата журт арзан баа товар эмес,
Арзыбас жалган ушак кабар эмес...
Ар намыс абийирин да сатып ийген,
«Ачык ооз кошоматчы» адам эмес!..

Ата журт элди бузган «партия» эмес,
Азезил ач көздөрдүн шарты да эмес...
Ата журт элдин ыйык уюткусу,
Ата журт коррупция-мафия эмес...

Ата журтту алкымдап тургандар бар,
Ата журтка «ажалды» бургандар бар...
Арабызда түз айтсам ыйманы жок,
Ата журттун кусуру ургандар бар...

Ата журтка каршы октор октолбосун...
Ата журт кулундары жок болбосун...
Ала-Тоо, Манас барда кыргыз эли,
Ата журтту, жоктошуп боздобосун...

Ата журт кошок айтып козголбосун...
Ата журт атын саткан түбү оңбосун...
Ата журт көчүн улап Ата журтка!..
Айтматовдук түптүү жашоо токтобосун...

## АК КАЛПАК

**Ааламга кеткен атагы,**
**Айтылуу кыргыз калпагы.**
**Ыйыктай баалап кийишкен.**
**Байыртан кары-жаштары...**



Ала-Тоонун символундай Ак калпак...
Ак мөңгүдөй күмүш болуп жаркырайт!..
Ааламда бир Калпак кийген улут жок,
Бабалардай, аталардай даана так...
Байыркыдан Манас ата баалаган,
Күндө, түндө башта турган «шам чырак»!..

Башыбызга Манас окшоп конгон бак!..
Алдыбызда Ала-Тоодой Алтын так!..
Жазда, жайда, күздө, кышта жарашкан,
Сыйлуу конок сыйлап колдон талашат...
Баш кийимди баалап кыргыз байыртан,
Кыргыз барда бирге жашайт Ак калпак!..
Пейилдерди дайым жүрөт тазалап!!!
Ак калпакты адал кыргыз булгабайт!!!
Ач көз менен тойбостор да... уурдабайт...

## УЛУУ КЫРГЫЗ ЭЛИМЕ

Өмүр нуру улуу кыргыз элиме,
Жүрөк оту ыйык кыргыз жериме.
Тирүүмдө Адал кызмат кылууга,
Деп келатам өз жанымды берүүгө...
Тээ байыркы Манас Ата көч башы,
Бабалардын ширелгенсип демине,
Улуу кыргыз Ала тоолук элиме...
Татыктуу жол издеп акыл төрүнө...
Бабалардын жетпей келем чегине!..

## КЫРГЫЗ ТИЛ

Кыргызды билсең, даана бил,
Кыргызда болгон таза дил.
Эр сайышка жеткирбей,
Эр эңишке эңдирбей.

Көөдөнгө зоот кийгизбей,
Кан төгүүгө жеткирбей,
Калыс кара сөз менен,
Каратып эки көз менен,
Кылычты «кескен» кызыл тил!..
Ынтымакка туу болуп,
Кыдыр болгон кызыл тил!..
Байыркы кыргыз бабалар,
Баалап өткөн кызыл тил...
Сен кыргыз болсоң баалап жүр,
Акыл деген көз эмес.
Ааламга кеткен кызыл тил!..
Андыктан тилиң тактап бил.

Байыртан деген бабалар,
Кем акылдар «тили» жок,
Кеменгер тили аткан ок!
Кудай деп жүрсөк жашоодо,
Кыргыздын тили токтобойт!

Байыркы өткөн замандан,
Болгону ырас көп душман.
Кыргыздын жерин талашкан,
Найзасыз, оксуз, кылычсыз.
Жээренче Ата сыяктуу,
Сөз менен жоону куруткан...
Кызыл тил менен муунткан!..

## АБАК АРМАНЫ...

Көрүп туруп көз көргөндү айталбайсың,
Айтсаң эле бул «абакка» камаласың.
Кемчилигин жаш кезде «падышанын»,
Айтып анан «кырк жылга» камалгамын!



## ДААНЫШМАН ТАСМАСЫ

Ааламда ыйык теңир үнүн угуп,
Акылман сөзүн айтса тунук-тунук.
... Аргымак туу көтөрүп турса тунуп...
Ары жок «эшек» бийлейт улам туруп...
Абийирден ак ыймандан болуп курут...

Шумкарлар... булбул, куштар түгөнүшүп,
Шаштырат «карга-кузгун» көбөйүшүп.
Шамалды жара тээп бүркүт өлсө,
Шарап жутат «таз жору» той өткөрүп,
Шагыл кум мээлерге чөгөрүлүп...

Эшектер «сыйлык» алып күндө тойлоп,
Эси оогон «карга-кузгун» тойго тойбойт.
Эшектин сойкулары жыргап ойноп,
Эпчилдер эки ортодо жүрсө сойлоп.
Ээн баш жеп жуткандар сорот жойлоп,

Ташка чапса талбаган тулпар аксап,
Таланттуу таалайы пас булбул какшап...
«Таз жору, карга-кузгун, сагызгандар».
Таш талканын чыгарды...элди каптап...
Теңдешсиз «теңиримдин»башын аттап.

Абийирин... намыс-арын... элин саткан,
Акчага рух, ыйман, жерин саткан.
Абалдын алсыздыгын пайдаланып,
Ач көздөр арбып барат так талашкан.
Акмак көп ...Ата журтун жүрөккө аткан!..

Адамзат тагдырларын дайым коштоп,
Аалымдар, даанышмандар өтсө боздоп.

Арамдык акыйкатты келет кордоп,
Акыл-эс жеткен менен турам онтоп.
... Ата журтту...өзүмдү...аткан окшоп...

## АДАМГА АЖАЛ БОЛБО

Өмүргө душман өңдүү арам санап,
Өмүрдү барктай албай атаганат...
Өмүрдөн жаш өтөбү, кары өтөбү,
Өмүрдөн эрте кетүү... итке... жакпайт...

Жаш кеткенди «жакшы адам» деген менен,
Жактырбайм жаш өлгөндү чыны менен...
Жаш «кетүү» кантип эле жакшы болсун,
«Жашыл» бойдон коштошсо өмүр менен...

Андыктан, о пенделер, бир айтаарым,
Аллах үчүн ажалды унутпагын.
Ажалды конок дебе... бирок өзүң,
Адамга ажал болуп курутпагын.

Жашоодо чындык окшоп жаркыраган,
Жашоодо өмүр сүрүү таттуу майрам.
Жаш бойдон өтүп кетүү кандай арман,
Жаштыкты кордогондор андан арман.

## ТИРҮҮЛӨРГӨ ТИРҮҮ КАТ

Тарыхтын барактарын узартпастан,
Татыксызсың дилиңди тазартпасаң.
Турмуштун муң зарларын кимдер айтат,
Тирүү жүрүп сен айтпасаң...Мен айтпасам.

Тирүү делип кайсыны бүтүрдүң сен,
Тирүү болуп эмнени бүтүрдүм мен.



Тирүүлүктө «ичип-жеш» керек деген,
Тирүү жүргөн «башчыдан» түңүлдүм мен.

Эл-жер деп калп жүрөгүн «суурубасаң»,
Эң алды ниетиңди тазаласаң.
Элим деп «кур айкырык» кереги не,
Эл үчүн бир жакшылык жазабасаң.

Татыксызсың дилиңди тазартпасаң,
Тарыхтын бир барагын узартпасаң.
Тирүүлөрдүн арманын кимдер айтат,
Тирүү туруп...сен айтпасаң... мен айтпасам...

Турмуш деген тирүүлүк жашоолордон,
Тирүүлүктү улантып тирүү бойдон.
Түбү бүтпөс - жашоону улантууга,
Тирүүлөргө тирүү кат угаар болсоң.

## ЖАРАШУУ - ДААНЫШМАНДЫК

Адалды да...арамды да сугунуп,
Ач көз деген тойдум дебейт жутунуп.
Араанын көп ачкандар токтой албайт,
Ач ажалга кетмейинче жутулуп.

Жашоого биз чыңырып келе берип,
Жашоо деп жанып-өчүп өтө берип.
Жан дүйнө тардыгынан жабыркайбыз,
Жашоодо бүтмөйүнчө көр тирилик...

Жашайм деп бөтөн элге жамынганың,
Жашоодо кетпес шорго малынганың.
Жаңылуу болот бирок билсең тууган,
Жүрөк жарат...эл журтту сагынганың.

Айтышкан душман деле кол алышат,
Айтышкан жоолор деле тил табышат.
Алардан бийик турган бир туугандар,
Акаев, Бакиевге тең жарашат...

Ойлосоң, кыргызыңдын келечегин,
Оронбо энелердин «элечегин».
Оор иш жазасаң да тооба дегин,
Ордосу үчүн Манас ата теңириңдин.

Оор болот... эл убалы оор болот,
Ойлонбосо падыша...эл тонолот.
Олуялык таза ыйман берсе Теңир,
Ордобузга кетпес кут ырыс толот.

Билгенге жан дүйнөнүн тунуктугу,
Биригүү ынтымактын уюткусу.
Болоор...деп кыргыз журтка сүйүнчүлөйм,
Бак менен акыл-эстин жарашуусу.

Жарашуудан акылман качкан эмес,
Жакшылыкты даанышман чапкан эмес.
Жарашууга эл журтун бириктирип,
Жакшы адамдар бир-бирин саткан эмес.

Жарашуудан бир да эл чачылбаган.
Жат душманга бир туруп басынбаган...
Жан дүйнөнүн жарыгын чачыратып,
Жакшы адамдар ушакка сатылбаган.

## ЭЛСИЗ МЕКЕН БОЛБОЙТ

Жашоо деген бүтпөс күрөш экенин,
Пайгамбардын айтканына ишендим.



Бирок жашоо тирүүлүктүн башаты,
Болгону үчүн күрөшүүдө келемин.

Байлыкка жан дүйнөлөр ченелбеген,
Бирок аны бетпактар тебелеген.
Бузуктар ач көздөнүп жуткан менен,
Бузуктар кулга айланат чөгөлөгөн!

Жаратылыш табият мугалими,
Жарлык айткан тирүүлүктүн акыл-эси.
Жаратылыш байлыгын барктабасак,
Жашоолордун жок болоор кийинкиси.

Адамдын ыйыктыгы, пендеге жардам берүү,
Аларды күтүүсүз кырсыктардан сактай билүү.
Акыйкат таза жолго бириктирип,
Акмак, наадан, ач көздөрдү жеңе билүү.

Бийликте тартип болсо – эл бактысы,
Башчынын таянары эл мыйзамы.
Бузуктар жандап жүрсө эл башчыны,
Бийликтин «өчтү» дей бер, бар максаты.

Эгер мыйзам иштебесе эл үчүн,
Ал «мыйзамды» өрттөө керек тезирээк.
Эгер мыйзам иштеп турса эл үчүн,
Элин, журтун ырыскыга жеткирет!

Кудай деп акыйкаттан кайтпаш үчүн,
Кудай деп бузук сөздү айтпаш үчүн.
Кудай деп тирүүлүктү акташ үчүн,
Кыргызды, Манасты да сатпаш үчүн.
Кыргызым бир бололу, Мекенди сатпаш үчүн,
Биригели... Мекенди сакташ үчүн!

## МЕН КАЛП ДЕСЕМ АЛЛАХ ӨЗҮ КҮБӨЛҮК

Миңдеген жыл табылбаган табыттай,
Ач көз «иттей» көрүнгөнгө жабышпай.
Адилеттик өлбөс үчүн биригип,
Акыйкаттык келсин үчүн тирилип.
Бар өмүрдүн бактысы үчүн жарышсак,
Жок өмүрдүн байгеси үчүн жарышпай!..

Алдым-жуттум тойбосторго талатпай,
Арам ишке чычкан мурдун канатпай...
Ааламга деп Кудай өзү жараткан,
Адал наркту бар турмушту барктасак.
Адамзаттык акыйкатты жашартсак,
Аалам үчүн үлгү болоор тарыхтай...

Чаалыкканда кээде көзүм илинип,
Чөгөлөймүн өмүр үчүн бир күндүк.
Чындык десе, макул болом жүгүнүп...
Чындык өзү Аллах аты түбөлүк!..

Жан баккыча «доңуз» өңдүү семирип,
Андан көрө өлгөн артык көмүлүп...
Бараткаңга ыпластык көбөйүп,
Жийиркенем мен чыдабай сөгүнүп...

Бир кудайдан күндө сурап теңчилик,
Периштедей күн нурунан шимирип...
Тургум келет коррупцияны «өлтүрүп»,
Акыйкатты кайра-кайра тирилтип!..
Бир пендеге бир жакшылык кылбасак,
Сага, мага кереги не тирүүлүк...
Мен калп десем... Кудай болоор күбөлүк!
Ошон үчүн кудай өзү түбөлүк!!!



## КАЛБАСА ЭКЕН АЛА-ТОО КУЛАП

Коррупцияны чындыкка муундуруп,
Калп бузукту капканга тыгып туруп...
Канаты сынбас «кудайды» тооба тутуп,
Кээде чөгүп кетем ойго тунуп...
Кыргыздын 40 миллион элин көрүп.
Каткырып... той өткөрсөм бириктирип!..

Жута берип «ачуу даамын» кайгынын,
Жетим окшоп таза рухтан айрылдым...
Желесинде жалгыз калган айгырдай,
Жашым өтүп... жаштыгымды сагындым...
Жанды сайып тирүүлүктүн багы үчүн,
Жашоосунда жашарам бир Алланын!
Жаштыгымды кайрыса деп Кудайым...

Ыпластык басып калган бийликтин,
Ыйман менен тазалайм деп жүрөгүн...
Ырысымды өзүм албай таратсам.
Акталса деп Кудай деген үмүтүм!..
Ырга кошуп байлык менен дөөлөтүм,
Келет кээде бул дүйнөгө көрсөткүм...

Аллахтын жаратканын ырга айлантып,
Ыймансыз кудайсызды чыркыратып.
Эл алдында тасмадай берсем тартып,
Ошондо алдым-жуттум токтоор беле.
Ким күнөөлүү экенин ачык айтып...
Кумдак жерге жамгырларды шатыратып...

Көңүл калып кээде көпкөндөрдөн,
Кошоматчы «бут өпкөн» көк мээлерден...
Миң кылымдык узак жол мен даярдап,

Адал сөздү элиме деп арнайын.
Ыраазы болсо экен деп бир Кудайым!..

Аллахтан алган «аянды» актап,
Өтө албай келем ыйманым аттап...
Тирүүлүк барда таптаза сактап...
Аллахтын берген «аянын» улап...

Болсо деп тилеп өмүргө өмүр...
Калбаса деп Ала-Тоо «кулап»...
Акыйкат төксөм... жашоого аппак!
Турса экен баарын бир Кудай сактап!..
Кудай деген пенделер... Кудайды сатпайт!!!

## Ч.АЙТМАТОВДУН ӨМҮР КҮРӨШҮ

Бул аалам чети оюлбас терең-терең,
Көрүнбөс баш аягы кенен-кенен.
Экен деп биз ишенип жүргөн менен,
Күч окшойт пенделерге баш ийбеген.
Адамдын өмүрүндөй көз ирмемдик,
Периштедей сыр окшойт көрүнбөгөн.
Тирүүлүк деп күрөшкөн өмүр менен.

Аалам өзү тирүүлүктөн бөлүнбөгөн,
Айырмасы жок окшойт өмүрлөрдөн.
Аалам деле жашоодой бүтпөс күрөш,
Болгон менен жок окшоп өлбөйм деген.
Андыктан тынчтык үчүн бу дүйнөдө,
Ааламды аруулайлы Кудай берген.
Адамдар көбөйүшүп Кудай деген.

Бетимде кабат-кабат издер арбып,
Этимде муздак оттор таң калаарлык.



Жан дүйнө жай таба албай бараткансыйт,
Ойлорум аалам кезип ала качып.
Кайтпастай узак оор сапар алып,
Жүрөгүм тез-тез кагып адашкансып,
Жүрөгүм сыздап турат сыр жашырып,
Айталбай өз боорума жан кашайып...

Уугуп жалганчылар ушагынан,
Уча албай куш сүйүүнүн кучагынан.
Учаарымда кыркылып канатымдан,
Учалбадым бийликтин тузагынан.
Уугуп келем суу эңсеп замзам,
Уу да жок экен өмүрдөй арзан.
Уу жутуп өлүү жок экен мыйзам...

Уу жукпас тунук сезим зыркырады,
Улуулук деген үмүтүм быркырады,
Ушундай кырсык болоорун сезген,
Ууланган ыйман жаным чыркырады.
Куш өңдүү торго түшкөн бырпырады,
Куткарууга өлүмдөн жан соога табылбады...
Тирилтүүгө бир жан соога табылбады.

Ууланган жанды кайталап уулап,
Уурудай тойбос күн-түнү уурдап.
Улуулук деген «масканы» кийген,
Уурунун башы бийликте турат.
Уурулар болсо даярдап куурдак,
Укукту мууздап «киллерлер» жыргап.
Жөн койсо алар баарысын уурдайт,
Акыйкат айтсам түгөтөөр бекен.
Алардын баарын ач өлүм уурдап.

## АЙТМАТОВДУН САКТАШ ҮЧҮН ТҮНӨГҮН...

Адал иште эл деп согуп жүрөгүм,
Адилетти өлтүрбөйм деп келемин.
Аруулукту кордогонду көргөндө,
Айла кетип Аллахтан күч тиледим.
Жетсе экен деп элге деген тилегим,
Момундарга мусаапырга дегеним,
Ыймандуурга түгөнбөстүр белегим,
Себеби мен алгам Аллах белегин...
Актасам дейм Чыңгыз ата тилегин.

Жашоодо ак ниеттүү калыстыктар,
Жадагандай барат толуп арамдыктар.
Жакшылыкты бөлө чаап ыймансыздар,
Жан кечтилик жайнады жамандыктар.
Жатып алып бийликти башкаргандар,
Толуп кетти бекер оокат каалагандар.
Көлөкөдө жатып алып жайлагандар,
Күчөп күндө «бузулган» айла-амалдар,

Акыйкатты жашоого бирден курап,
Аалымдардын учугун үзбөй улап.
Алдыга умтулсам да баса калган,
Ааламда ач көз, тойбос батпай барат...
Адилетти ыймансыздар улам талап,
Андайларды жайнатпай суранамын,
Аллах өзү жазалаар таразалап...
Ыймандуулар ыйманга жуунушуп,
Болсун үчүн бейиштей бул ааламзат.

Баарысынын көргөн көзү тирүүсүндө.
«Белгисиз» бир акын бар тирүүлүктө,
Башын сайган Кудай деп тирүүлүккө.



Кайып өңдүү көрүнбөй жүргөн менен,
Өчпөс күндөй жашай берет бу дүйнөдө.
Жашасын деп ыйман жебей ар бир пенде,
Тооба айтып шүгүр кылып көргөнүнө.

Арууланып жасаган эмгегине,
Жамгырдай ырын төгүп пенделерге.
Көпкөндөй манчыркабай көр дүйнөгө,
Ал ишенет таза бойдон кетээрине.
Ишенбей көпөстөрдүн эсебине,
Аллах үчүн ыраазы өтөөрүнө.

Миллиондор дүйнөгө келет экен,
Миллиондоп дүйнөдөн кетет экен.
Миллиарддан ашса да толгон дүйнө,
Белгисиз акын өңдүү кемийт экен.
Билгендер Айтматов деп кейийт экен,
Билбеске бир жүз грамм жетет экен.
Өмүргө жарык дүйнө бейиш экен,
Адамзат, ааламдагы дербиш экен...

## ЖАШОО ТАРЫХ

Жумуш деп таңда кетчү элем,
Түндөсү ачка келчү элем...
Коомдук иштер деп жүрүп.
Өзүм да «Биттеп» кетчү элем...
Адамга каршы айтканды,
Сөз менен башка «Тепчү»элем.
Акыйкат иштейм деп жүрүп,
Алданып калчум ич күйүп...

Аллах деп күндө үшкүрүп
Олтургам далай үңкүйүп...

Акыйкат айтпас чоңдорго.
Басып кетчүм«Түкүрүп».

Арданып кээде чын эле
«Алкымды» ачкым келчү эле,
Аллахты ойлоп кайра эле,
Жан дүйнөм тынчып калчу эле...

Ач көздөрдү көргөндө,
«Чаап» салгым келчү эле...
Эс алууну билбедим.
Казы байлап килтийген.
Семиргенди тилдечүм.
Карыптарга күлбөдүм.
Ыймандуу бол деп үндөдүм.
Ыймансыз «Чонду» көргөндө
Көргөнсүп «Каман» өңдөнчүм.

Кудайдан коркпойсуңар деп,
Абийирин сыйрып төккөнмүн...
Ашатып далай сөккөмүн...
Көрсөм да «Чогун» азаптын.
Башында туруп башаттын.
Адилеттик деген ди.
Өлбөсүн деп ак айттым.
Элди алдап жутканды.
Эл көзүнчө кашайттым...

Адал иштен тайбаган,
Жүрөгүмдө кайнаган,
Өлтүрсө да өлбөгөн,
Ырларды жазып сайраган...
Жээренче Чечен, Атайдай,
Тилимди тартпай далайдан,



Жыйындарда сайрагам...
Көпкөндүн таап катасын,
Көптөрдүн алып батасын,
Көңүлдөн айдап капасын...

Калыстык чындык керек деп,
Кыйкырып келе жатамын...
Кайыптар колдоп кошулаар.
Арбагы тирүү Манастын!..
Жетимге жардам берчү элем.
Мусаапырларга дечү элем...
Улуу-кичүү дебестен.
Жардам десе берчү элем...

Элдик иш үчүн дегенде,
Жумшаган жакка кетчү элем.
Иш жүрбөй жатат дегенде,
Мен биринчи жетчү элем.
Негедир курчум тарабай,
Баш аягын карабай,
Жеп-ичкендерди көргөндө,
Сөгүп, тилдеп ийчү элем,
«Салмагына» карабай...

Ойго-тоого урунбай,
Ач көздөнүп жулунбай.
Таза иштешим керек деп,
Ыйман жолдон бурулбай.
Тунук Өмүр сурандым.
Урмаралдын суусундай...
Он төрт жаштан кой багып,
Жети жыл бою саргарып.
Кар, бороон, жамгыр болсо да,
Артынан калбай кашайып.

Койнума китеп толтуруп,
Уктабай таңды атырып...

«Уччумун» ойлор сапырып,
Балалык кезди ойлосом,
Бала экем анда ойногон.
Кой кайтарып чоңойгом.
Ошондогу кыштоолор,
Тай жорго менен Балажон
Күн өткөн ыйлап боздогон.
Отуз күн кармап орозо,
Беш убак намаз окугам.
Баш келме түшпөй оозуман!..
Ырлардын курап сап-сабын,
Ыйманды дечүм актайын...

Кудайдан сурап Кудурет,
Өзүмдү өзүм таптадым.
Жетимиштен өтсөм да.
Жел менен кошо шашамын.
Жашоонун издеп тазасын...
Көздөн учкан от болуп.

Саяпкерим жок болуп,
Чыгара албай китепти
Онтодум көп «Ок тосуп»,
Бийликти сындап бетке айтып,
Чындык барда коркпойм деп,
Өзүмө-өзүм сот болуп.
Ыйманы жокко от болуп,
Далайын өрттөп сөз менен,
Башына түшкөм чок болуп...
Кайыптай болуп кетчүмүн.
Кээде өчүп жок болуп...



Ыр жазып улам туптунук,
Нускалуу сөздү чууртуп.
Жаштык кезди толтуруп,
Карыя болдум токтолуп.
Кудайым колдоп өлкөнүн,
Ишмери болдум коомдук!..
Көралбас мени көптөрдүн.
Көздөрү калды соолуп.
Дале бүтпөй келатам,
Адилет иштин аягын,
Айтууга бир сот жок болуп!..

Жашоодо мендей көп эле.
Ырас боло берет дүйнөдө.
Чынын айтсам там-ташты.
Албаган экем көңүлгө.
Баа бербеймин өмүргө.
Чарчабайм деп өмүрдө,
Карабапмын өзүмө.
Алып-жутуп көрбөгөм,
Көрүнгөндү көзүмө.
Ниетим таза деп жүрүп,
Кур калыпмын деп жүрүп,
Бирок келем Кудайга,
Ыраазы болуп дагы эле...

Жараткан өзү бир берген,
Жашырып келген сыр элем..
Жазылып бүтпөс ыр элем,
Колдогон Кайып Кайберен.
Алыкул, Чыңгыз, Байдылда.
Шекспир, Байрон, Уитмен.
Өч албай кетип өлүмдөн,
Өксүп кеткен өмүрдөн.

Кудурет берсе Жараткан,
Кууп өтөм дечү элем,
Аллахтын берген жолунан,
Адашпай бала кезимен...

Жаштарга үлгү керек деп,
Жакшыга жакшы себеп деп.
Керек болсо ашууга,
Жолду салып келем деп.
Башкарма менен парторг,
Алар атсыз «Желбейт» деп,
Ашуудан малды тосом деп.
Керек болсо элиме,
Өмүрүмдү кошом деп.
Ат-патым менен кулагам.
Өлүп калсам не болмок.
Мен Кудай деп кубансам,
Коркпос көп тура убалдан.
Ууруларды жайлайм деп.
Ач көздөрдү кармайм деп,
Көзөмөл ишти жүрүздүм.

Чындыктан артка тайбайм деп,
Ыйманым менин элим деп.
Жүрөгүм менин жерим деп,
Айтпадым жүрөк ооруну.
Жашоодо жок «Кемим»деп,
Турмуштун тунук булагын.
Чынында ыраат-ызаатын,
Мен менен бирге майрамдын,
Көрбөдү уул-кыздарым...

Эрте кетип, кеч келип,
Кээде өзүм ыйладым.



Эл үчүн иштегенимди,
Билбестерди кыйнадым.
Колго тийген баарысын,
Өлүп-талып жыйбадым.
Ыймандууну сыйладым,
Ыймансызды кыйнадым.
Бузбай ыйман салтымды,
Тирүүмдө бил деп баркымды...

Кооздоп үйдү курам деп,
Издебедим алтынды.
Бекер тамак, бекер чай,
Бергиле деп чоңдордой.
Жазалбадым жарпымды,
Эл да билчү шартымды...
Ниетим таза ак эле,
Иштеген ишим так эле.
Көралбастар көп эле,
Тазалыкты көралбас.
Ушакчы, жемкор көп эле...

Кашкайтып чындык айтам деп,
Айткан сөздөн кайтпайм деп.
Кол кой десе кол койбой,
Чоң кызматка барбайм деп.
Көк беттигим бар эле,
Азыр да тойбой жулкунат.
Менден жапжаш көп акмак,
Кабат үйдө жаркырап.
Жатканы чындык алжактап...

Мен жашаган жер тамда,
Тамчы чууруйт тамчылап.
Мага бирок айта албайт,

Жеп-ичти деп көр ушак.
«Эки кабат үйүң жок,
Демек сенин эбиң жок».
Деп сөз кылса баңги баш,
Жооп таппайм мен онтоп...

Биз жашаган жер үйдүн,
Төбөсүнөн тамчы агат.
Деп какшаса аялым,
Жүрөгүмдөн «жаш»агат.
Чыдабай кээде уу сөзгө,

Уруп ийем «коньяк»...
Эки кабат тамың жок,
Эс алуучу жайың жок.
«Корчагинмин» деп жүрүп,
Эми «Москвичке» майың жок,
Десе аялым жөнү жок.
Койчум эле сороктоп...

Ырас алып-жутуу жагынан,
Менде жөндөм жок окшойт.
Көрүнгөнгө жол берген,
Нетим бар берешен.
Көрбөстөргө көз берсем,
Дудуктарга тил берсем.
Алтын соргон байлардын,
Көздөрүнө көр берсем...

Ала-Тоолуу жериме,
Калың кыргыз элиме,
Өчпөй турган сөз болсом.
Жыйырма экинчи кылымды,
Көрө турган көз болсом.
Ынтымак менен тынчтыкты,



Улай туркан көч болсом,
Анда арманым жок эле...

## ТАРТЫЛБАГАН ТАСМАЛАР

Калп эмес кетти каталар,
Кечирсин кайып аталар.
Отуз менен кырк жаштын,
Ортосунда от болуп,
Кайып кеткен кайыптар ...

Көзү өтүп ата-апалар,
Каптаган кайгы-капалар.
Колдошуп келет азыр да,
Канымда кайып Аталар!..

Көп жылдар келбей кезеги,
Келди окшойт мага сөз эми.
Күтүүнүн жетпей ченеми,
Күйгүзгөн көптөр... себеби...
Канымда келди катылуу,
Кайыптардын керээзи...
Кара ниеттер бирок сезбеди.

Жаркырап турган күн эле,
Жайлоодой түркүн гүл эле.
Кайберен жүргөн бийиктен,
Улардай салган үн эле...
Башканы билбейм мен үчүн,
Куюлуп аккан ыр эле.
Кайберен кайып сактаган,
Кылымдар каткан сыр эле...
Абадай көзгө көрүнбөс,
Жүрөккө куйган нур эле...

Айтылбас жанга сөз менен,
Асмандан түшүп түз эле,
Аянын айтып Алланын,
Айрыкча ыйык күч эле!..

Ашуудан капыс атбуудан,
Жүктүү жылкы кулаган.
Асканы тээп токтотком,
Кош колдоп тартып чылбырдан...
Көрүнөө келген ажалдан,
Кудай деп баарын куткаргам...
Аман калып ажалдан,
Кучактап мени ыйлашкан...
Ошончо күчтү ким берди,
Дегенден дале уялам...
Эс салып эми байкасам,
Баарысы экен Кудайдан!..

Ачыгын айтсам анда мен,
Он сегиз деген жашта элем...
Ичкилик, чылым тартпаган,
Башкалардан башка элем...

Үйрөнүп куран Атадан,
Үйрөнгөм намазАпадан...
Орозо тутуп отуз күн,
Күн-түнү китеп окугам...
Эңсеген жалгыз тилегим,
Көз учуп турчу окуудан...

Бийиктик башы теңчилик,
Деп жүрүп өткөн теңсиздик.
Кимдерди сыйга жеткирет,
Өлгөндөн кийин кемчилик...



Каткырып жүрүп көпкөндөр,
Далайды кордоп тентитип.
Арамдык «такка» жеткендер...
Адамды келет кемсинтип.

Зордукчулар көбөйөөр,
Зордукчунун көбү өлөөр...
Бийик деген дөбөлөр,
Чети калбас жөлөнөөр.
Баарын уттум дегендер,
Кулдан төмөн чөгөлөөр...

«Аллах» деген төрөлөр,
Алды арты мөмөлөөр.
Алкымына жараша,
Эл көзүнө көрүнөөр...

Алды алты уулдуу,
Арты жүзгө бөлүнөөр...
Жетеси жетөө болгондор,
Жети миңге бөлүнөөр...
Кудайга тооба дегендер,
Кут болуп нуру төгүлөөр...

Алланын берген насибин,
Аз деген ач көз көбөйөөр.
Талашып алдым-жуттумдар,
Көз тойбой көргө көмүлөөр...
Күйүткө күндө чөмүлөөр,
Күйүткө баткан өмүрлөр...
Боздошуп жүрүп өтүшөөр...
Өкүнбөс жандар өксүшөөр,
Күндө көмсө көр тойбой,
Кезекти күтүп өлүмдөр...

Көрүнүп кээде туугандай,
«Көр казат» көрдөй көралбай.
Көзүнчө бир сөз айталбай,
Көз жокто шыбайт уялбай...

Жанына жакын туралбай,
Жаманды аяп кыялбай.
«Жан соога» сурап келгенде,
Жардамым бергем бир далай.
Жардамды алып кеткен соң,
Жылт кетет сөзгө жарабай...
Мейли жигит мейли кыз,
Көбөйүп улам ыймансыз.
Кыргызды булгап баратат,
Кан жанын сатып сабатсыз.
Какшыган чөлгө окшошот,
Калгансып бак-шак дараксыз.
Баңги зат болуп тамаксыз,
Күн өтпөй барат араксыз...
Үй-бүлө улам чачылып,
Кыз-жигит болуп «жараксыз».

Башы жок болуп базарлар,
Башмалдак атып баалар.
Айкырып алып сатарлар,
Жоголуп оң-сол катарлар...

Азуусун айга кайраган,
Ач көз болбо, эй адам,
Кузгун болуп жутунган,
Сагызган болуп сайраган,
Сабырың кайда мусулман...
Сыздап турат таза ыйман...
Карып барат таза адам...



«Алтын» башың болсо да,
Ач көз түбү «жутулган»,
Ааламда жок дейт бир адам!
Ажалдан качып кутулган!..

Кудайга күндө жүгүнүп,
Ыйман деп тынбай жүгүрүп.
60 жыл тынымсыз,
Элиме кызмат өтөдүм.
Кыйналсам дагы күнүмдүк...

Жүрсө да жүрөк күйүгүп,
Жүргөнгө иштеп сүйүнүп,
Жутунбай падышалардай,
Жатсада турмуш бүлүнүп.
Чындык деп келдим жүгүнүп.

Чыдабай кээде сөгүнүп,
Чыдадым терим төгүлүп.
Чын эле насип үзүлбөй,
Чарчабай келем кудай деп.
«Миллионердей» көрүнүп...

«Кыргызды» уурдап жүргөнчө,
Калган оң көргө көмүлүп.
Деп тилеп келем кайыптай,
Көрүнбөй, кээде көрүнүп!..

Курсагым дайым ток дебейм,
Күйүттөр бар... жок дебейм.
Көр оокат ач көз өңдөнүп,
Көрүнгөндү «сок» дебейм...
Кошоматчы кош беттей,
Калпыс ишке «хоп» дебейм...

Айбанга окшоп дөөдүрөп,
Ар кайсыны бир сүйлөп,
Акылманды сындаган,
Акмактар тобу бизде көп...
Арακты сурап чөгөлөйт...

«Мунжуларды» сындаган,
Көчөдө «оттоп» ырдаган,
Көкөлөтүп «эшекти»,
«Көп» берди деп жыргаган...
Бир айтканын жүз айтып,
Көрүнбөс жерин тырмаган!..

Бар чыгаар мүмкүн себеби,
Согуштун кимге кереги.
Ишке ашпасын эч качан,
«Террористтердин» тилеги...
Сынсын арам билеги...

Адамды кырып «кан» төккөн,
Алланын эмес белеги,
Ажайып жерди өрттөгөн,
Акмактын кимге кереги...

Өлкөлөр калса желексиз,
Адамзат калса суу жерсиз...
Тирүүлөр кантип жан сактайт,
Ким айтат өзүн биз элбиз...

Миллиондор согушкан,
Табам деп «пайда» согуштан.
Согушка тойгон өлкө жок,
Баатыр жок элди жыргаткан...
Байлыкты ээлейм деп жүрүп,



Ач көздөр дайым согушкан.
Ачыгын айтып чыксачы,
Согуштан аман калган жан...

Көпкөндөр көөп ченемсиз,
Кан эңсеген себепсиз.
Кантип чыдап деп айтат,
Согушту «сүйгөн» пендебиз...

Ак, кара, сары бир элбиз,
Пендеге пенде керекпис...
Кан төгүү деген кыямат,
Ааламга согуш керексиз!..

Ааламдын бардык чегинде,
Акмактар бийлеп көп иште.
Болбоптур тарых «согушсуз»,
Дүйнөнүн тирүү элинде...

Өлкөнү, элди талкалап,
Өпкөлөр өтсө чалкалап...
Эл-журту үчүн баш сайып...
Миллион кеткен жан таштап...

Ошентип оор тарыхта,
Бааланбай өткөн өмүр бар.
Баркы жок сынган көңүл бар,
Баарына тең карабай,
Пайгамбарды «алган» өлүм бар.

Жакшынын баалап кадырын,
Жашырып айтпай жан сырын.
Жакшылык жасап өткөн бар,
Жаңыртып элдин тарыхын...

Төгүлүп ырдай төгүлбөй,
Тамшантып өткөн өмүрдөй...
Так чындыкты айтам деп,
Талкаланган көмүрдөй...
Көз көрбөгөн өлүмдөй...

Көрүнгөнгө жалынбай,
Чыгарма алпы Чыңгыздай...
Куйүттү жутуп өткөн бар,
Макталып сөзгө алынбай...

«Жеңи жок» десем кээ бирөө,
«Ким эле» деп дөөрүсө,
Онтоп калам ичимен,
Ок тийген окшоп өпкөгө...

Ынтымак достук ширеткен,
Кыргыз деп Манас шер өткөн.
Чыгармасын нур кылып,
Чыңгыз ага ал да өткөн!..

Орнотуп тынчтык ынтымак,
Бүт дүйнө элин калкалап...
Жер шарын дүңгүрөтсө экен,
Достукту чыңап ШОСтогу...
Азыркы жаңы саясат!..
Ааламды жүз жыл аралап...
Пайгамбарым Мухаммад!..
Колдоп турсун күндөй ак...



## КУДАЙСЫЗДЫН КЕРЕГИ ЖОК ЖАШООГО

Шайтан өңдүү арам ишке азгырып,
Шайкелең көп...адал иштен жазгырып,
«Жыргатамын», «байытамын» деп айтып...
Жарандарды жатат жайлап мас кылып,
Коррупция оңду-солду жапшырып...

Жан дүйнөңөр эңшерилип жатса да,
Жүрөгүңдө турсун ыйык бир Алла...
Жашоодо сен жашаганда не пайда.
Жасаганың жакпай турса Кудайга...
Жарандарды салып турсаң убайга...

Акча жетпейт, оокат жетпейт дей берип,
Ач көздөнүп арамдыктан жей берип...
«Ачкачылык» жарыялайм деп жүрүп,
Акыл-эстен айрылдыңар өзгөрүп...
Абийир өлдү - оокат үчүн бир күндүк...

Жанга баткан эң азаптуу кайгыруу,
Жашоодогу эл-журтунан айрылуу...
Экендигин... унутушат пенделер,
Эстен чыгып бир Кудайга жалынуу...
Эси жоктор болуп жатат ызы-чуу...

Каалагандай жашоо болбос жашоодо,
Күтүлбөгөн кырсык келет жашоого...
Кудай дебес, ыйман дебес көбөйүп,
Жанга тынчтык бербеген көп жашоодо...
Жанталашат жашоодогу азоого.

Күү-шаа болуп өтүп жаткан жашоодо,
«Күчтүүмүн» деп көңүл бурбай жашоого...



11-164

Көкүрөктүү көпкөндөр көп жутунган...
Кырсык каптап келаткандай жашоого!..
Кудайсыздын кереги жок жашоого!..

## ЭЙ АДАМ

Ааламды берген Кудай кылып кооз,
Аны бузган адамзат ач көз, тойбос.
Ааламды жутуу үчүн согуш ачпай,
Адам болсок жашоону биз кордобос,
Ааламга анда кырсык эч жолобос...

Жаратылыш байлыгын бүт уурдаган,
Жаратылыш көркөмүн көп булгаган.
Жараткандын бергени аз көрүнүп,
Жуткандардын башында сенсиң Адам!..
Жамандыкты тараткан кемсиң Адам...

Төрөлгөндө бардык бала ыйлашат,
Чоңойгондо эч окшошпой калышат.
Бар дүйнөнүн кереметин кордошуп,
Байлык үчүн бирин-бири чабышат,
Баштар кетип өлүп анан тынышат...

Таз жорулар, кузгун, карга, сагызгандар...
Эмес алар... шумкардан таралгандар...
Адам барда тарыхта унутулбас,
Айтматовдой ааламга жол салгандар!..
Андайлар чын... Шумкар болуп жаралгандар.

Эй адам, аалам сага арналганын,
Эч убакта унутпа суранаарым,
Кесир болоор... кордобо, эй адамым,
Насип кылып бергенин бир Алланын,
Сыйлап өтсөң болбостур эч арманың!..



Эй адамзат, ойлонгун тирүүңдө,
Эстүүлүгүң кеч болоор сен өлгөндө.
Эс-акылың барында ааламдагы,
Ойлонуп өт ажайып жер жөнүндө...
Не табаарсың... көр түбүнө көмүлгөндө,
Шор пенде... балта чаап өмүрүңө...

## АЧ КӨЗДҮК АЖАЛГА ОКШОШ

Ач көз деген өлмөйүнчө токтобойт,
Алып-жутуп жуткан жутат эч тойбойт.
Алкымы чоң Кудайдан да коркпогон,
Ажыдаардай туш келгенин бүт сорот.
Ач көздөрдүн пейилдери дейт толбойт...

Карга, чымын «бок-сактарга» көп конот,
Коюуга да мүмкүн эмес ноктолоп.
Канчаларды какшатса да турмушта,
Канкорлорду бирок соттор «соттобойт»...
Күнү-түнү алар бирге «оттошот».

Эшектин да... ээси болсо издеген,
Карабасаң жолбун болот ит деген,
Ач көздөр көп адамга окшош көзү көр,
Эшектин да иттигин да сезбеген...
Бир тыйыны кемип калса кектеген!..

Кылымдардан кылымдарга ээрчиген,
Ач көздүктөр ажалга окшош жеринен...
Кандай заман кандай жашоо болсо да,
Ач көздүктөр.. .ыйман сыйдан кемиген...
Анда... ач көздүктөн алыс болгун, пендем сен!

## АЧ КӨЗДҮК ЫЙМАНСЫЗДАР «БАЗАРЫНДАЙ»

Aруулукту ач көздүк жара тээп.
Ач көздүктүн үрөнүн барат сээп.
Адилетти коргоочу Акыйкатчы,
Аргасыздан коррупцияга жетеленет...

Акыл-эс жан дүйнөнү тазартам деп,
Армандуу кайгы мунду азайтам деп.
Айтуу үчүн Аллахтан суранамын,
Ач көздү, тойбосторду кашайтам деп.

Муң баскан карыптарга тегеренип,
Мусаапырга ыймандай себеленип...
Мансапкорлор дүйнөсүн өрттөп ийип,
Момундарды каткыртсам нурду төгүп...

Ач көздөр Жан алгычтан айрымасыз,
Андыктан ач көздүктөн болгун алыс.
Аллахтын ырайымын биз актасак,
Ажалга... өмүргө Кудай калыс!..

Акыйкат улуулуктун катарында,
Адеп бол бул жашоонун тазасына...
Адашып кетпегиле, эй пенделер,
Ач көздүк, ыймансыздык базарына...

Барга да тооба дешип турсак күндө,
Баарына жетээри чын жарык дүйнө...
Бир башты сатпа арамга кор болосуң!..
Байкуш баш көмүлгүчө кара көргө...



## БОЛГУМ КЕЛЕТ...

Ата-эненин жолу менен дегендей,
Келгем ырас миллиондун бириндей...
Чынын айтсам жакпай келем өзүмө,
Жүргөнүмө-жалкоо коштоп билинбей...
Тирүлүктө сокур көзгө илинбей,
... Болгум келет деңиздеги иримдей...

Тирүүлүктө өткөн канча генийлер,
Али канча олуялар кемишээр.
Тирүүлүктөн кош айтсам да кейибейм,
Тирүүлүктү улантуучу келишээр...
Адал арам бу жашоодо тебишээр...
Аллах барда ыймандуулар жеңишээр!..

Адал ишти көралбаган адамдар,
Көбөйүшөөр... кунсуз арам акчалар...
Жан рухту таза ыйманды тебелеп,
Жан безерлер көр бийлик деп талашаар.
Кан жуткурлар дил безерлер канчалар...
Так талашып бирин-бири талкалаар!..

Тирүүлүк деп тирүү кезде эринбей,
Тирүүлүктүн азабынан жеңилбей...
Тирүүлүктө чындык үчүн күрөшүп,
Тирүү кезде «кошоматчы» дегизбей...
Болгум келет адилеттин жолунда,
Тирүүлүктө... жеңип келген жеңиштей!.

## ТАРЫХ ҮЗҮМҮ

Көрүнүп түштөй көзүмө,
Бала кез түшүп эсиме...
Эсим оой түшчү эле,
Күч келе түшүп мээге...

Көздөн жаш кетип кээде...
Такалуу ат башка тепкенде.

Табигат менен сырдашып,
Жети катар кырды ашып.
Жети жылы кой бактым,
Жаштыгым болуп бар байлык...
Китептер болгон бар тарых...

Алардын баарын эстесем,
Азап күн кантип өттү экен...
Шыйрактан агып турчу эле,
Желкемен кирген көп өткүн...
Жамгыр, карды көп көрдүм...

Балалык кезди ойлосом,
Бала экем анда ойногон,
Кой кайтарган жер эле,
«Тайжорго» менен «Балажон»...
Мен кой кайтарып чоңойгом...

Таягым түшпөй колуман,
Түшүрбөй китеп койнуман...
Ак кар, жамгыр, бороондон.
Жаштык кез эле коркпогон...
Кар үйүлүп калчу эле,
Койлор чыкпай короодон...
Эстеликтей көрүнчү
«Шумкар уя», «Балажон»...

Аликулдун ырларын,
Окуй берип ыйлачум,
Орозо кармап беш убак.
Намаз окуп жыргачум...



Эл чогулуп дөбөгө...
«Манасты» окуп ырдачум...

Түндөр болгон таң аткан,
Баш көтөрбөй Манастан...
Кирпик какпай түн бою,
Түндөр эсте окуган...
Чийим таш аска-зоосунан,
Күндөрүм болгон кулаган,
Кар менен учуп жатсам да,
Кайрадан китеп окугам...

Ат ойноктун төрүндө,
«Торгой дөбө» белинде,
«Манасты» оку балам деп,
Эл үйүлүп келчү эле,
Малчылар тойлоп «үлүштө»...
Балбаны чыгып күрөшкө,
Эрендер чыкчу эңишке,
«Сатынын» күлүк тайын чаап,
Мен да жеткем жеңишке...
Уткандарды ал кезде,
«Бали азамат» дешчү эле...

Калем кагаз жок болуп,
«Таш менен ташка»жазчу элем...
Ийинде мылтык ок болуп,
Аска-зоо менен басчу элем,
Кечиргин, Кудай, кечиргин,
Кайберен, улар, кекилик,
Карышкыр, аюу, атчу элем...
Кыргыздар билбес түшүнбөс,
Ал кезде «сальто» ашчу элем.

Ашуудан жүктүү ат кулап,
Аскада жүктүү ат турат...
Кача турган жол да жок,
Ызы-чуу түшүп чуулдап,
Сактайгөр Кудай, деп айтып,
Кармайгөр балам, деп айтат,
Кыл чылбырдан шап кармап
Асканы тээп чиренип,
Тартканда чылбыр чыңалат,
Жаштык күч намыс үчүнбү,
Кыйналып көздөн от агат...

Өлүмдөн кары-жаштарды,
Куткарсам деген далалат,
Кудайга жаным аманат,
Манас ата колдо деп,
Баарысын анда кырсыксыз,
Куткарып калгам саламат...

Өмүрдүн мүмкүн кукүмү,
Мен көргөн күндөр бүркүмү.
Бала кезде турмуштун,
Ушундай тарых үзүмү...
Ошентип оор башталган,
Тарыхтын түркүн-түркүнү...

*Чийим таш 1958-1961-ж.*

## АЛТЫН КҮЙГӨН САЙЫН ТАЗАРАТ...
## (Сократ)

Кудай деп...
Ач көздүн жолу торолуп,
Ыймансыз пейли тонолуп.
Көралбас ачкөз бузуктун,
Көздөрү калсын соолуп...



Бийликке жетсе билалбас,
Бийиктикти көралбас.
Бузук пейил ичи тар,
Бетке түз айтып жүралбас...

Акмак жаркын күлалбас,
Акты коргоп туралбас.
Айкыра берген эшектей,
Аялга тең боло албас...

Саздагы жаткан бака баш,
Шумкардай шаңшып жүралбас!
Пейили толо кара таш,
Душманга каршы туралбас.

Бир боорун боор санабас,
Тойбогон «иттей» ниети ач...
Кесиби ушак бүтпөгөн,
Жакшыны дайым каралаш,
Жаңылган жанды «табалаш»...

Шумкарга «сын» айткан бар,
Шуулдап желдүү дардаңдар...
«Шумдугун» айтса андайлар,
Шерменде болоор далайлар...

Арамдын түбү оңолбос,
Акылдын түбү соолбос...
Ар күнү өрттөп турсаң да,
Алтындын түбү «жоголбос»...

Санаасы барлар көп болот...
Санаасы жок «бок» болот,
Санаа кайгы тартпаган.

«Сары сууга» «ток» болот,
Саргайып мээ жок болот!..

«Туягы» болсоң тулпардын,
Туягы талбас тулпарсың...
Теңир колдоп турганда,
Талбас канат шумкарсың!..

Туш келген өмүр барында,
Талбасын минген тулпарың...
Кайыптар колдоп бар болуп,
Шаңшысын колдо шумкарың!..

Аяка конгон Ай болуп,
Башыңа тууган Күн болуп.
Бак конуп турса кыргызга,
Баалуу болоор кызматың...
Тирүүлүк коштоп турмушта,
Тазарып күндө ыйманың...
Көзү бол ыйык «тумардын».

Молдо Нияз атанын,
Калыгул, Баласагындын.
Руху колдоп турса экен,
Арстанбек, Өтө абанын...
Алыкул, Атай, Байдылда,
Аалым нур - Чыңгыз атанын...
Чыгарма жазсак эп болоор,
Көңүлдүн айдап капасын.

Буулуккан жанды сергитип,
Тазартып ырлар сапатын...



Азайтып жандын ызасын,
Арылып ыпластыктан,
Жан дүйнөлөр тазарсын ...

Бир болуп ичкен ашыбыз,
Ынтымак тынчтык достукту.
Улантып Манас рухун...
Бир болсок кыргыз баарыбыз.

Бир болуп жеген нанибыз,
Бир согуп жүрөк жаныбыз,
Батынып душман кире алгыс ...
Бир болуп турсун каныбыз,
Кудай деп тилеп баарыбыз!

## КАТ АЯГЫ ҮЗҮЛБӨЙТ...

Бул аңгемени жазууну мен ойлонуп да көргөн эмесмин. Турмушта көп эле кызыктуу окуялар боло турганын баарыбыз эле билебиз. Бирок, ар ким өзүнчө түшүнүп, ар ким өзүнчө ой жүгүртүп, баалайт эмеспи. Кубануу көрүнгөн эле адамдын шыбагасы эмес экенин күнүмдүк тиричиликте сезип жүрсөм да, өз көзүм менен таамайлап көрө элек элем...

Турмуш тиричилиги менен Памирдеги бир армиялык жолдошума (досум десем да болот) барып, өзүм күтпөгөн окуянын үстүнөн чыктым, көрүшпөгөнүбүзгө он жылча болуп калган. Анда, Ыйман экөөбүз Советтик армиянын мөөнөтүн тээ Рига шаарынын ичинде үч жыл бирге өтөгөн элек. Андан бери туура он эки жыл өтүптүр. 1967-жылдын жайында Ыйман энеси экөө Таласка бир жолу келип кетишкен. Мен Памирге биринчи келишим эле. Көрсөтүлгөн адрес боюнча таап, анын чакан үйүнүн алдындамын. Мына үйүнүн эшиги... чынымды айтайын

эми бир кубанабыз го деп ойлоп турганымда, анын үйү бек экенин көрүп сестейе түштүм. Коңшу колоңунан сураштырсам, «ооруканада, кырсыкка учурап, үч күн болду» деген сөз үрөйүмдү учурду. Шашып ооруканага жеттим. Санитарлар мени кийирбейт. Мен Ыймандын бир тууганымын деп, врачка айттырып, араң кирдим.

Көзүң жаманчылыкты көрбөсүн, адеп, Ыйманды тааный албадым. Ал мени тааныгансып, көздөрү чачырап, от чагыла жайнай түштү да, мага умтулуп, обдулууга аракеттенип, онтоп ийди... санитарлар кармай калышты. Жүрөгүм оозума капталгансып, үн-сөз жок кучактай калдым. Муундарым калчылдап турду. Энеси болсо бүрүшүп уулунун таңылуу бутун кучактап көзүнөн жаш шорголойт. Мени көрүп ого бетер өксүдү... Мен эсимди жыйнай албай, окуяны суроого чама жок, дал боло түштүм. Ыйман жансыз немедей онтогону басылып былк этпеди. Аңгыча врач келип мени четке алып, анын саналуу гана өмүр убактысы калганын айтканда, денем ток ургандай дүркүрөп, кулагым чуулдады. Иш бүткөн тура, эч кандай зарылдыктын пайдасы керексиз болгондо келгенимди көр, билсем эмне...

Ыйманга чөгөлөй калып бешенесинен өпкүлөп, колум менен аны сыладым, чыдабадым, жашып кеттим. Сезимим жардам издеп, жаным далбастады... Колумдан эч нерсе келбесе да, он минутка өмүрүнө аралжы болгум келди... Ыйман эмес мен өлүп бараткансып муздак тер куюлду. Ал согуштагы жарадар жоокерлердей, баш аягы ак марли менен оролгон, марлинин ар жеринен кызарган кандын шүүшүндөрү... өңү купкуу эскирген барактай, жаактары ылдый аккан жашын сезбегенсип, кимдир бирөөлөр менен коштошо албай жаткансып, өңү кубула, жаак эттери, ээктери диртилдеп кетти. Анын сүйлөөсүн каалап турдум, акырын кулагына жакын эңкейе,

-Ыйман...Ыйман, сүйлөчү... мен келдим... Майсалмын...



оозуман башка сөз чыкпады, мени бирөө муунткансып, аба жетпей токтоп калдым.

Ал көзүн ачты, эңкейип көзүнөн өптүм...
Мени көрүп жылмайгысы келип күлө албады, анын көзү чакчая карап турду... көзү ысык жаш менен кусалыкка, сагынычка толгон армандуу көз эле... Мен ыйлап жаттым...

- Сага... ыраазымын... деди бир топтон кийин үзүп-созуп, ээгин араң кыбыратып... Анан көздөрүнөн жалын чачырай түшкөнсүдү... Кат...кат...энем...деп андан ары үнү угулбай, чирене түшкөндө уўртунан кан аралаш шүйшүн куюлуп кетти да, өзү сунала түштү...

- Кулунум... Эненин ачуу үнү жер солкулдатты...

- Доктор, доктор! Мен бакырып, Ыйманды кучактап булкулдата ыйлай берипмин...

Ошентип досумду узатып, жүрөгүм кагаз болуп ушаланып, сезимим тигиштердей сөгүлдү, чала өлгөн жыландай, бейит жанынан турууга кубатым келбеди... Бир гана оюм энесин жубатууга айла таппады. Өксүйт да жатат... даам татпады... буркурайт... Жетинчи күнү ошол бүк түшкөн бойдон ал эне да жан берди...

Эки жанаша жаңы боз топурактуу бейит домпоюп, шамал гана уулуй тегерегим жыш толгон бейиттер... эч жан жок. Сыздабаган жерим калбады, ичтеги болгон букту чыгара албай, шамалга кошулуп шолоктой бердим. Ак жарыкты караңгылык каптап бараткансып, көздөрүм тунарды... Анын кетеринде «кат, кат», деген алсыз үнү кулагымда туруп алды, үй ичинде колго урунар бир кол чемодан жана бир топ китептер бар экен. Чемоданда Ыймандын майда барат буюмдары, жана экөөбүз армияда түшкөн сүрөтүбүз, дагы бир көлөмдүү кат бар экен. Катта эч кандай адрес жазылбаптыр. Башына жөн эле «Кат» деп башталыптыр...

Ыймандын ошол аманат катын, кошумчасы жок окуп берейин, (бирок кээ бир жерлери кыскартылды).

Жерди көзөп, таштарды жарып чыккан жазгы жаш көктүн жыты... Түн жарылып, мени курчаган караңгылыкты күндүн нурлары жутуп койгонсуду... Сенин мага таанышэлесиң, ушул нур менен ак шоола болуп жанып турду. Бул катты көптөн бери даярдап, сага арнап келем. Сен угуп тур... жүрөк сырларын мендеги...

Сен экөөбүз мен армияга кете электе таанышып, болгон сырды ортого төгүп, алгачкы ууз махабат көлүнө киргенбиз. Армияда жүргөндө, сен да, мен да үзбөй кат алышып турдук. Ал жөнүндө эч бир жан билген эмес. Кийин мен армиядан келсем сен Ленинградда окууда экенсиң. Үй-бүлөң, Фрунзеге көчүп кетиптир. Кудай буйруп учурунда Фрунзеден биз жолугуштук. Мен турмуш шартымды айттым, үйлөнүүнү сунуш этим. Сен макул болдуң үй-бүлөң ага каршы чыкты. Менин жалгыз энемден башка эч кандай дүнүйө жок экенин сен гана эмес, үй-бүлөң да толук билип калган эле. Сенин үй-бүлөңө да, менин энеме да айтпай баш коштук. Болгону үч ай жашадык. Сен окууңа кетерде, эч кимге айтпоону өтүндүң. Окууну бүтсөм баары жайында болот дегениң эсиңдедир...

Ошентип сен Ленинградда, мен Памирде колхоздо калдым. Адеп алгачкы айларда кат алышып турдук. А түгүл, сен мени кубанткансың. Эсиңдеби, биз уулдуу болобуз деп. А мен болсо болочок уулума Пейил деп ат да койбодук беле. Мен өзүмдү бактылуумун деп, өз эмгегим менен өзүмдү көрсөтүүгө тырышып, күндүр-түндүр иштедим. Сен үчүн эч нерсемди аяганым жок, тапканымдын көбүн сага жиберип турдум. Иштен бааланып сый-урмат көрө баштадым.

Кызык, жашоодо биз дайыма каректен күлүк ойлорго, кыялдан учкул сезимге шуңгуп, алдыдагы гана бакытты самап, жанаша жашап жаткан бакытты көрбөйбүз. Аны сезүү чеберчилигинен куру колбуз. Ал эми ошол бакыт, кайгы дүйнөсүнө өтүп баратканын этибарга албай, кара



мүртөздүк менен иштелгенин жана жайнаган бактыңды жанчып, ордуна олчойгон оор кайгы орногонун көргөндө гана, ошол иштелген жолду жек көрө кылчайып карайсың. Мына Толкун, андан бери жети жылга жакын убакыт өттү. Сенден дайын жок, жазган бирин-экин каттарым өзүмө кайрылууда. Сен болсо дайыныңды билдирбедиң.
Мен болсом күн өткөн сайын өз энемден бетер чачым агарып, жыгачтай катып баратам. Ансыз да карыган оорулуу немени тирүүлөй өз отуна күйгүздүм.

- Үйлөнбөдүң го, жалгызым, «сенин бир перзентиңди көрүп өлсөм арман жок эле» - дейт, каңырыгы түтөп. Экиүч курдай Фрунзеге барсам, квартираңарда башка адамдар жашайт экен. Эми не дейин, өзүм чөгүп, түгөнүп бараткамымды энемин жүрөгү сезип, ал ансайын куруду. Минтип керексиз буюм катары таштап кете берээриң, менин оюма да келген эмес. Сени жер шарынын бийиги, тунугу, мээрманы, ысыгы дечүмүн... ишенчүмүн, сыйлоочумун...

О томсорткон Толкун... энем аял заты болсо да, дүйнөдөгү сага окшогондорго каргышымды токтоттум эми, күйгүздүң мени. Ылайым сендей аялдар жок болсо экен бу жарыкта... Мага жок дегенде себебин ушунча жыл ичинде бир жолу айтпадың. Ырас учурунда айткансың «окуйлу, энеңди таштап, мени менен жүр» деп. Ал сунушуңду мен кабыл алган эмесмин. Аны сен билип эле тургансың. Мүмкүн сага ошол керек болгон себептир менден кутулууга жазаган аракетиңди кечирээк билгениме окунөм, сени сүйгөн өзүмдөн жийиркендим. Сенден бир гана өтүнүч, уулбу же кызбы төрөлгөн наристенин мен атасымын, (менимче беш-алты жашар болууга тийиш) ошонун дайынын билдирсең энем экөөбүз канагаттанып өмүргө эрмек кылалы...

Сенден башка эч нерсе суранбайм, ким менен болсоң да, мага жасаган мамилени жасабасаң болгону. Бактылуу болгун деп да айталбайм, аны турмуштан көрөрсүң. Бир

арман, менин тазалыгымды түшүнө албаганыңа ызаланам. Бүгүн-эртең алыскы малчыларга рейске чыгамын. Памир тоолору айтпасам да белгилүүдүр. Каттын аягын эмки келиште улантайын...

Мына Ыймандын бүтпөй калган каты, адреси жок... Менин болжолумда бул катты «редакцияга» жиберүүнү ойлогонсуйт... Ал эми кырсык болсо дал ушул каттын аягын улап бараткан ой толгоо учурда болгонбу деп тыянак чыгардым. Так жыйынтык чыгаруу кыйын, кат аягы бүтпөй калган эмеспи. Эртеси Ыйман менен энесинин бейитине дагы барып, алар менен үн сөзсүз коштошуп... Экөөнө эки гүл койдум. Эми кайтмакчы болуп турганда, ошол колхоздун башкармасы машинасы менен келип калды. Сөзгө бай, эстүү адам экен. Менин пас-жүдөгөн кабагымды көрүп бир аз томсоро түштү да, колтуктай басып, иним, билсең биз Ыйман үчүн, анын энеси үчүн сенден кем кайгырган жокпуз. Тагдыр ушу экен, абдан эстүү ак ниет, чынчыл, белдүү жигит эле. Кырсык экен, жолдогу жардан машинасы менен кулап кетиптир. Денелери жанчылып кеткен, дагы эрки бек экен, көрдүңүз го үч күндөн ашык чыдады. Жаштардын жетекчилигине шайлаган жаттык эле деди...

Мен чыдай албай, үшкүрүп ийдим...сөз табалбадым. Аркы-беркини сүйлөшкөндөн кийин, кайта турганымды айтып, коштошууга кам урдум эле. Ал бир аз ойлоно калды да, мени карап:

- Сиз кимиси болосуз?

- Бир тууганымын деп ие жаздап, токтоло калдым.

- Дос элек армиялык... үнүм араң чыкты.

- Менин билишимче анын эч кимиси жок эле, деди ал саксынып, антсе да, анын мамлекеттик сыйлыгы бар эле. Мына, гезитти көрсөттү мага.

Султанов Ыйман «Жаңы-Тилек» колхозунун шоферу «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен... көзүмө жаш толуп, андан ары окуй албадым, кубаныч да, кайгы да аралашып кетти.



- Ушундай азамат эле, башкарма жер тиктеп калды да...Эми кимге тапшырабыз... билбейм деди. Анын чын пейлинен жаны кейип турганы мага жакты.

- Шашпаңыз, орден ээси тирүү деди кандайдыр толкундана, сыймыктанган маанайда өзүм күтпөгөн добуш менен.

Ал мени алая карап:

- Сиз ноокастап калсаңыз керек. Бүгүнчө жолго чыкпай эле конуп кетиңиз деп, - шашып калды.

- Жок дедим кесе. Рахмат, сизге. Бүгүндөн баштап издешим керек, «орден ээсин» - ал тирүү, дедим да ызага толгон сезим менен жолго чыктым. Ошентип бул каты редакцияга жиберүүнү ылайык көрдүм. Аңгемеде жердин, шаарлардын, адамдардын ысымдары алмашылды. Бирок, эң негизгиси мендеги калган ишенич ал Пейил эле. Демек али кат аягы уланууга тийиш. Ыймандын каты боюнча ал (уулбу же кызбы) он алты, он жетилерде болсо керек. Андыктан аны табуу менин эң милдеттүү ишим деп эсептедим.

Ана палата... согуштагы жарадар жоокер өңдөнүп, баш аягы ак марли менен оролгон кубарган барактай өңү, жаагынан ылдый аккан көз жашы... коштошуп бараткан кусалуу каректери...уурутунан жылжыган кан... көз алдыман кетпей койду...

Айлана ак кардай нурга чөмүлүп, түндүн кара көдөй караңгылыгы, ал ак шоолалардан качып жоголуп баратты... Жаңы чыккан жаш күндүн таза нурлары теребелге төгүлүп, табигаттын эсепсиз жандарына ал нурлар шимирилип жатты. Эки жанаша жаткан бейиттер да ак нур мирилинда, дүйнө эч нерсе сезбеген калыбында агуудa. Бүгүн жаңы жүрүшкө чыгууга камынып жатам, анын себеби Пейил... аны табуум керек. Демек, окуучум кат аягы али үзүлбөйт, уланат. «Орден ээси» эр жетип калгандыр... деген тунук да, күлүк да ойлорум учуп баратты...

## ЭСТЕЛИККЕ АРНАЛГАН ЫР

Кыргыз журтчулугуна союздан бери кеңири таанымал Социалисттик эмгек баатыры Акназаров Корчубек атабыздын тирүүсүндө, Бакай-Ата районубуздун борбор аянтында эстелиги ачылган эле. Көп өтпөй, баатыр атабыздын көзү өтүп, Бишкектеги «Ала-Арча» көрүстөнүнө сый-ызаат менен мамлекеттик салтанаттуу деңгээлде коюлган. Жаңы коюлган атабыздын эстелигине өзүбүздүн айылдык акыныбыз, баатырга арналган ырын окуганын райондун, облустун эли көрүшкөн. Баатыр Корчубек Акназаров атабызга!!!

Жаркырап жанып жылдыз маанайыңыз,
Туш келген кызматтарга тооба кылып,
Татыктуу тарых болду тагдырыңыз.
Дайыма элдик салтты сактадыңыз,
Дайыма мыйзам жолун барктадыңыз.
Алпештеп сизди өстүргөн аруулукта,
Ата-эне ак тилегин актадыңыз...

Иштерман адамдарды агарттырып,
Жатпа деп жалкоолорду жадаттырып,
Кызматтын бардык түрүн өткөрдүңүз,
Калк үчүн калыс сөздү таамай айтып.

Сый тамак берип улууларды,
Үйрөтүп кийинки жаш муундарды,
Өмүрдүн баркын баалап тирүүлүктө,
Тирүүлөрдү ээрчиттиңиз улам жаңы...

Эч качан булганбаган намасыңыз...
Эл үчүн аппак эле ыйманыңыз...
Акыркы сапар болсо узатуу күн,
Элиңизде, жериңизде дайым барсыз..
Тирүүлүктө унутулбас туулган күн...
Сиз болосуз үлгүсүндөй өмүрлөрдүн!!!



## КҮНДҮК ӨМҮР – ТҮШТҮГҮҢӨ ЖОРГО МИН (Калыгул)

«Өлгөнчө бүтпөйт тирилик,
Өлгөндөр келбейт тирилип».
Кыңыр иш кылба... калат чын,
Кырк жылдан кийин билинип.

Болсо да өмүр бир күндүк,
Миң жылдык ишти бүтүрүп.
Өткөргүн өмүр жүгүрүп,
Ошон үчүн деп айтат.
Өмүрүң деген сай күлүк.

Миң жылдык эмес ал ырас,
Баалай бил күндө сүйүнүп.
Кордобой аппак өлгөн оң,
Калганча беттер тилинип.

Ач көздөнүп жутунба,
Көр дүйнө деп бүгүлүп.
Төкпөсөң терди жашыңдан,
Өмүрүң калат күбүлүп.

Бири келсе, бири өлүп,
Билгенге өмүр түбү «өлүк».
Бекерге көнбө көр пенде,
Билгенге өмүр оор жүк.

Боздогон менен кеч болот,
Калганда көргө көмүлүп.
Мээге басым тебилип,
Кабыргаң катар сөгүлүп,
Калуулар болот күтүүсүз,
Кайгы, зар, муңга чөмүлүп.

Өмүрүң кетсе төгүлүп,
Каласың көргө көмүлүп.
Жан дүйнө турса зыркырап,
Үмүтүң шордуу умтулат.

Баарысы өтүп кор болуп,
Көзүңдөн учаар ынтымак.
Калганда өмүр быркырап...
Өмүрдү жуткан күнүгө,
Түбүң бир түшкүр дүнүйө,

Турмушта пенделерден бир,
Жан болбос жеткен түбүнө...
Андыктан боорум, жаш барда,
Маани бер айткан сөзүмө...

Тирүү деп айттым көзүңө,
Кеч болоор анан өлгөндө...
Тирүүлөй өлүк болгончо,
Таарынбай түшүн өзүмө...

Жаш болгон баары кезинде,
Жоголгон жаштык эсимде,
Жоголбос сөздү айтам деп,
Абакка «жаткам»кезинде...

А деп айтар бир жан жок,
Азап шор күндөр эсимде,
Жол бербей арам кесирге,
Окшошуп жүргөн «кепинге»…

Аларды укпай түз айткам,
Жан тартып кары-жесирге,
Берем деп жардам жетимге,
Жалгыз жан тирүү кезимде...



Жок эле анда жокко эсе...
Жардамын берген өзүмө...
Чөгөлөбөй өзгөгө,
Садага чапкым келчү эле,

Аллахтын жалгыз өзүнө...
Ааламдай ичи кең экен,
Аллахтын көзү тең экен...
Периште кайып аталар,
Адилет турган бел экен...

Ажалдан келген жебеден,
Куткарып калган үч ирет,
Ыйык Кудай өзү экен...
Өмүрүм өтүп кеткиче,
Түгөнбөс берээр берesem...

Табылбас бир жан теңесем...
Аллахтан келген бир өмүр,
Казылып бүтпөс кен экен...
Аттиң баркы жок болуп,
Актабай жүргөн мен экем...
Аны билбес сен экен...

**КАРЕКТЕР ТУЛПАР ЭЛЕ...**

Жүгүрүп токтобогон нурлар агып,
Жарышкан каректерди тамшандырып,
Жашоонун ак шооласын көрүү үчүн,
Жарышчу эле «тулпар» болуп атаандашып.

Жер шарын тегеренген каректерим,
Жүзүн өөп миндеген каректердин,
Жүгүрүп чарчоо билбей «каткырчу» эле...
Жан сезбес жан рух дүйнөлөрдүн...

Ал каректер миң карекке кезек берип,
Миллион каректерге тебеленип,
Уча албас канатсыз бир шумкар өңдүү...
Сыздайт карек кайгы-муңга желеленип...

Каректер сыры бүтпөс жылдар өңдүү,
Каректер күйүү күткөн ырлар өңдүү...
Күн көрбөгөн азиздей боздойт карек,
Тарыхта изсиз калган сырлар өңдүү...

Көрдүм эле каректердин каткырганын,
Каректер каректерге жашынганын,
Каректүү жаштарга мен кайрыламын,
Көрбөгүлө сүйүүдөн каректер айрылганын!..

## КӨПКӨНДӨР ТИРҮҮ ӨЛҮК

Сенден мурда тартып азап турмуштан,
Жүргөн кезде сен кайда элең «Тең тууган»...
Кудай үчүн таза ыйман деп умтулган,
Гүлдөй элем өмүр жашым кулпунган!..

Көр турмушта байлык дешип тирешет,
Көр пенделик «көбү көргө» кетишет...
Күйүт башы кырсыктарды унутуп,
Караңгылык «көр дүйнө» деп өтүшөт...

Күндүн дагы жарыктыгын баалабай,
Күндүн нурун «уурулардай» каалабай...
Күн азыгын тебелешип кордошуп,
Көпкөндөр көп дешкен турмуш «таламай»...

Душман өңдүү иштй булгап адал ак,
Көралбастар бирин-бири «чабышат»,



Колдон келчү бир тыйынга жарабай,
Жетим-жесир, мусаапырдан качышат...

Түшүнгөнгө эмес турмуш жадамай...
Тирүүлөргө эмес жашоо таламай...
Бакыт тура жакшылыкты жаратуу...
Калуу «өлүм» сен турмушка жарабай!!!

## ЖАШООДОГУ ЖЕҢИШИМ

Балдарды бирге сүйгөнбүз,
Бар-жокко бирге күйгөнбүз,
Балалуу болгон кездерде,
«Бальзамга» бирге киргенбиз!!!

Өксүгөн деген көп ишти,
Экөөбүз тең билбепбиз.
Көр оокат деген күнүмдүк,
Көзүбүзгө илбепбиз...

Кол тийбей кээде жумуштан,
Күн болгон куйка курушкан,
Кайгы, азап көрүп бийликтен,
Күн болгон ырас урушкан...
Жеңилген менен «утуштан»...
Женгемин көбүн турмуштан...

Кетсе да далай кемчилик,
Ала жип аттап кетпедик,
Кыйналган күнгө туш келип,
Күйүттө турам үшкүрүп...

Өмүрүң деген турмушта,
Жол эмес тура күнчүлүк...

Күйгүзгөн арам күйүттөй,
Көөдөндөн кетпей үшкүрүк,
Кашайтты кээде «ичкилик»...

Берметим элең Берметим,
Бар эле нурдуу келбетиң...
Бешенеге жазылган,
Бул күндү каргап нетейин...
Булбулдай сайрап сен менен,
Мен дагы кошо «кетейин»...

Аллах өзү буйруса,
Жетелеп сени «келээрмин»!..
Таң калтырган дүйнөнү,
Менин... жашоодо болоор жеңгеним!..
Белегим болсун бергеним!..

## ЫЙМАН БОЛУП НАРИСТЕЛЕР ТӨРӨЛСӨ ДЕЙМ

Кандайдыр эл адашып жакшылыктан,
Бараткансыйт коштошуп таза ыймандан,
Ан сайын жалгыз жүрөк бөлүнгөнсүп,
Арылууга жол издейм кайгы-муңдан...
Арuулукту суранып бир Кудайдан...
Адилетти жоготпоско... бу Ааламдан!..

Жүрөгүмдүн жарымы эл-журтума,
Жарымы арналганын бир Кудайга...
Жалгыз жүрөк байлыгым бар экенин,
Жашырбай айтып ачык эл алдында,
Жакшылык жасоо үчүн жарандарга...
Жан дүйнөмдү чачайын адамдарга...



Ааламда көп... карама-каршылыктар,
Аны да жасап жаткан адамзаттар...
Экенин сезген сайын жүрөк күйөт...
Жакшылыкка бут тоскон көп акмактар,
Жакшылыкты көралбас көп бузук бар...
Жамандыкты таратып күчөйт алар...

Көбөйтүүгө арuулуктун катарларын...
Кудай үчүн келет күндө арuулангым...
Жан дүйнөсү таш болгон арамдарды,
Жан чыдабай кээде келет талкалагым...
...Жайнатып уруктарын...аалымдардын!..
Кетсем анан... Аллахка ыраазымын!..

Пайгамбарлар уругу уланса дейм,
Мусаапырлар... момундар кубанса дейм,
Арсланбап... Кулкожоакмат аталардай,
Аалам түбүн түптөөгө ыйман сээп,
Периштелер кайыптар улантса дейм...
Мекенин, эли-журтун кейитпеген...
Күнүгө наристелер ыйман болуп, төрөлсө дейм!...

## БОЛООРУ ЧЫНДЫК МҮРЗӨМ ДА ЖАЛГЫЗ...

Мекеним жалгыз... өмүрүм жалгыз,
Жүрөгүм жалгыз, сүйүүм жалгыз...
Кайрылгыз жолго кеткенде жалгыз...
Болоору чындык мүрзөм да жалгыз...
Бир ишти бүтпөй көңүлдөн калгыз...

Кайрылгыз болуп кеткендер жансыз,
Жашоо жок тура, жашоодо ансыз,
Миллиард кетип чыкканы жоктур,

Кайыпка окшоп мүрзөнү жарып...
Карекке толгон жарыкты чачып...

Ыйман деп жүрүп «ыймансыз» калып,
Ыйлаткан мени ыйманым жанчып...
Окшошмун эми мусаапыр карып,
Ач көздөр кетти ыйманын сатып...
Өмүргө да... өлүмгө салык салып...

Жүрөгүм жалгыз, ыйманым жалгыз,
Болоору чындык... мүрзөм да жалгыз...
Арманды угар тирүүлөр калсын...
Адамзат деген миллиард жанбыз...
Ааламдын ээси Кудай да жалгыз...

Адамзат ач көз байлыкка зарбыз,
Адам бар жерде жашоо жок кансыз...
Баалабай жүрүп өмүрдү жалгыз...
Алланын жолун күнүгө булгап,
Адам сен... айтчы неге биз тарбыз...

Турмушту бузган бузуктар сансыз,
Туулат экен адамдар арсыз,
Теңирден терең суранып тилейм...
Туулса экен... адамдар калыс,
Турмушту билсең, Аллах да жалгыз!..

## КӨЧҮРМӨ ӨЛҮК МЫЙЗАМ КЕРЕГИ ЖОК

Согуштан тирүү келген аталардын,
Ажал жутуп суюлтуп каталарын.
70 жыл өткөн менен көрүп турам,
Булактай агып турган.. көз жаштарын...
Арада тирүү жүргөн аталардын,
Тирүүлөрдөн билбестир капаларын!..



Эстеликти тургузуу өлгөндөн соң...
Кереги канча баалуу деп ойлоном,
Себеби, тирүүндө өзү көрбөй,
Кимге зарыл ал өзү... көрбөгөн соң...
Баасын бапкташ үчүн акыйкаттын,
Керек эле... тирүүгө жаңы закон!..

Тирүүлөргө керек чын тирүү мыйзам...
Кереги не көчүрмө өлүк мыйзам...
Адилеттин кереги тирүүлүктө,
Тирүү кезде адашпа акыйкаттан!..
Татыктуубу... татыксызбы тирүүлүктө,
Таза ыйманды суранам бир Кудайдан!..

Мыйзамды мен жаздым деп өпкөлөнүп,
Ыймансыз сүйлөп жатты көтөрүлүп...
Жазылуу даяр турган башка тилден,
Мурдагы мыйзамдардан көчүрүлүп,
Келгенин... өзү дагы жашыралбай,
Айтып жүрөт жүргөндөй жүк көтөрүп...

Арам мыйзам жазгандар эч оңолбойт
Арам мыйзам турганда эл кордолот..
Арамдыкты колдонуп элди алдаган,
Абийирсиз депутаттар бүт соолот...
Адилетчил, чындыкчыл, ак ниетчил...
Азаматтар Кудай деген эч жоголбойт!..

Көчүрмө мыйзамдардын кереги жок,
Парламентте талашып жүрбөй оттоп...
Мыйзам деген таштанды эмес агындыдай,
Мыйзам деген акыйкатты турат колдоп...
Адал мыйзам бар болсо баарын коргоп...
Аллах өңдүү жашоодо эч соолбойт!..

## ЫЙМАН... ААЛАМ

Көңүлүмө ыйман деген толуп тилек,
Кудай деймин майышсам да көктү тиреп...
Карамдыкты ыйман менен келем жиреп,
Ырым менен тирүүлөргө үмүт сээп...
Тирүүлүктү көрүп турам «жерди» тээп!!!
Алп тирүүлүк жер шарында тегеренет...
Ыйман деген ааламдагы зор керемет!..

## АТА ЖУРТ КӨРКҮ...

Тарпка түшкөн «көр тамактар» көп болот,
Тарпка түшпөс бүркүт шумкар «өрт» болот,
Байыртадан Ала-Тоого үн кошкон,
Ата журтка кыргыз элге көрк болот...

«Таз жорулар» шумкар өңдүү таза эмес,
Тарп жегендер бирок аттиң аз эмес...
Аз болсо да шумкар, булбул жашоодо,
Өмүр бою «Сазда жаткан» «бака» эмес!...

## ТУРМУШ ДЕГЕН...

*Турмуш – чындык үчүн курчуйт...*
*Эйнштейн*

Турмуш деген менсингенди темселеткен,
Турмуш өзү арылбас жол кемчиликтен...
Турмуштун туу чокусун багынтсаң да,
Турмуш деген эне эмес эркелеткен...

Ал-кубатың барында, момун пендем,
Турмушту үйрөнүп кал Генийлерден...
Таза ыйманды тилегиле Теңиримден!..
Турмуш куруу - ар пенденин пейилинен...
Турмуш оор - акыл эс кемдигинен...



Турмуш өзү керемет күч кайталангыс,
Турмуш деген - тирүүлүк жаратылыш,
Турмушту биз жашартып жаңыртпасак,
Турмуш деген өмүрдөй бүтпөс жарыш...
Турмуштун да чеги бар жакын-алыс...
Турмушту жаман жакшы деген менен,

Турмуш чыны тирүүлөрдөн эмес алыс...
Турмушта болгон, болот атыш-чабыш!..
Турмушта кереги жок куру намыс...
Турмушту мүмкүн эмес «жаап» салыш!..

## КҮН МЕНИН ӨЧПӨС СҮЙҮҮМ!..

Жүрөккө уюп армандар,
Жаштыгым өтүп... өзүм бар...
Жаш өткөн сайын бөксөрүп,
Жабыгып турган өмүр зар!..

Күн сайын күйүт уланып,
Күтүүсүз көз жаш куланып,
Карызга көңүл баткансыйт...
Көчмөндүү турмуш чубалып...

Жанаша болсо Ак жоолук,
Деп тилеп келем ден соолук...
Деген менен жашоодо,
Кемийт тура ден соолук...

Жан дүйнө тазалыгы деп,
Жан үчүн айтып «тонна» кеп...
Жан-канын «сайып» пенделер,
Жеңилип келет.. жеңем деп!..

Күн сайын көргөн «Күнүм» деп,
Күн сайын тирүү үнүм деп...
Келатам кудай буйруса,
Күн менин өчпөс сүйүүм деп!..

## ӨЛКӨНҮН БЕКЕМДИГИ – ЭЛ БАКТЫСЫ

Аллах сага өмүрдү берген үчүн,
Жүгүр пенде, жүгүргүн актык үчүн,
Өлкөнүн чыңайм десең бекемдигин,
Алтын башың барында көрсөт күчүң,
Мамлекет чың болот ошол үчүн,
Далилдесең ынтымактын кереметин...

Кылсаң кызмат мекенге адал үчүн,
Кор тутпа акыйкатты кызмат үчүн,
Канаты сынбас үчүн мекениңдин,
Маңдай терди булгабай төгүп өткүн...
Кадыр-барк сый-урматын көрүп өткүн,
Туундай желбиреп тур өз өлкөңдүн...

Алдамчылар жолуна түшпөгүлө,
Алдамчыдан ыйманды күтпөгүлө.
Арам ойлуу көрө албас ач көздөрдү,
Адал ишке жолотпой өрттөгүлө...
Арам тамак тапканга көппөгүлө,
Итке окшоп өз киндигиң «өппөгүлө»...

Алданып бузуктарга чөгөлөбө,
Жашаган өз өлкөңү өгөйлөбө,
Аллах берген насипке кесирленбе,
Адам болсоң өлкөңдү бөлөм дебе,
«Чочкодой» өз балаңды өзүң жебе.



Өлкөнүн жалгыз эмес эл башчысы,
Өлкөнүн сен жана мен, биз башчысы,
Өлкөнү талап, тоноп көнүп калган,
Оо эл-журт, унутпайлы коррупцияны...
Ынтымакты ширетип бир туралы,
Өлкөнүн бекемдиги – эл бактысы...

## ӨМҮРГӨ ЭЛЕҢ ТУМАРЫМ

Көңүлгө көп ой себелеп,
Кырк жылы жүргөн сени эстеп,
Кайсалап карайм үмүттүү,
Кайнатып чайын берет деп,

Ичимден сызып буркурап,
Ич ысыйт ыксыз кайсалап,
Оодарылып он ирет,
Жаздыгың жатам кучактап...
Жан азап жанды чыдатпай,
Жан дүйнө бороон, бурганак...

Ажаан жан окшоп ажылдап,
Жан эмес элең урушчаак...
Чай пайың дайым жайнатып,
Турчу элең ал, ич деп сыйлап,
Күйүткө салып күйүтүн,
Көңүлүм чөгүп күнү-түн,
Күйүттү «ичип» жүрөмүн,
Кейиген сайын жүрөгүм...

Элесиң улам алыстап,
Түнөрүп түндөй сен тарап,
Жалооруп турчу көздөрүң,
Негедир мени карабайт...

Күн өтүп күндүн артынан
Каректен учат алыс жак...
Ташчайнардай улуткан...
Турмушуң тура табышмак,
Кайгырбайын десем да,
Калгансыйт жанды муз каптап,
Күн чубап улам алыстайт...
Баш кошкон жандан айрылуу,
Башка түшкөн арман уу...
Көңүлдөн качып шаңдануу,
Көңүлдү чырмайт сагынуу,
Экенин сездим эми чын,
Көңүлдөн кетпес кайгыруу,
Көр турмуш болуп кайгылуу...

Үй-жайың калып аңгырап,
Үмүтсүз жандай каңгырайт...
Сай-сөөгүм сыздап олтурам,
Жалгыздык күнгө жалдырап...
Кайгырбас жүрөк кайгырат,
Сыйрылып сезим айрылат...

Мөлтүр суу жашыл төр элең,
Махабат сыйым сен элең,
Мас болуп кээде келсем да,
Кучактап тоскон жан элең,
Көр дүйнөгө көз артпас,
Ыйманы бүтүн жан элең...
Толкуну жай сыры көп,
Толоорго сыйбас ыр элең,
Көйкөлүп жаткан көл элең...
Махабат тапкан төр элең,
Суналган кооз өр элең...
Суусатпас мени сен элең,



Сүйүүдөн аккан тер элең,
Төрөлгөн ата-энеден...

Жыйырма экилик кылымга,
Жете турган көч элең...
Өмүр бою мен үчүн,
Түгөнбөс нарктуу сөз элең...
Күнүгө күндөй өчпөгөн,
Кутка окшош көрөөр көз элең,
Эзилем улам эстесем...
Кантип чыдайм кайра бир,
Кайрылып мага кетпесең...

Өмүргө элең тумарым,
Таркабас жүрөк кумарым...
Кудайга тобоо кылайын,
Тоо кушу элең уларым...
Ырымды сага курадым,
Рухуңа багыштап,
Дубаны окуп тураармын...
Бозоруп жаткан мүрзөңө...
Ушул ырды сунамын,
Бейиши болсун жаны деп,
Бир кудайдан сурайын...
Карегим өчүп калганча...
Күн сайын дуба кылаармын!..

## ЭЙ ПЕНДЕ

Баарын жаксаң от толбойт...
Өлүктү көмсөң көр тойбойт...
Сууну жуткан жер тойбойт...
Көр дүйнөгө көз тойбойт...

## БҮТПӨГӨН ЫРЛАР...

Жол талашпай тулпар менем буудандан,
Жол талашып ач көз бузук куулардан,
Жан кечтилер дүйнөсүнө булганбай,
Жан дүйнөнү таза ыйманга сугарган...

## ЖҮРӨК ТҮТӨЙТ

Учурган колдон куш болуп...
Түйүлөм кээде муш болуп,
Жүрөгүм түтөйт оту жок..
Жаманга кээде туш болуп..

Билгенге бузук өңү миң куулат,
Кыңыр иш 40 жылда да дейт угулат.
Миң жылдар өткөн менен билгин, боорум,
Каргадан өмүр бою карга туулат...
Атайлап уу берсе да ууланбаган,
Шумкардан үнү шаңшып шумкар туулат!..

## ХАНДЫН ОРДУ БОШ КАЛБАЙТ

*(Кайып аталарга)*
Өңдөнүп мекенсиз бир калган карып,
...Өмүрдө баарысынан жалгыз калып...
Өксүгөн өмүрлөрдөн ажырагыс,
Олуя жашайт тирүү болгон кайып!..

## ТАЛАНТ

Эне сүтүн эмбеген,
Ата жүзүн көрбөгөн...
Ууну берип атайлап,
Өлтүрсөң да өлбөгөн!..



## БАР БОЛСУН

Ишке ашып чындык батасы,
Кордолбой ниет тазасы...
Көз жарган ымыркайлардын,
Бар болсун ата-апасы!..

## ЫЙМАН ҮЧҮН

Аскадан түшкөн тамчылап,
Өңдөнүп көз жаш тамчылайт...
Ыйманым үчүн жол издейм,
Өзүмө ыйман камчылап!..

## УБАДА

Жашоодо «күнөөлүүдөй» мен тубаса,
Кезексиз мага тиет «таш куласа»,
Анда да теңириме тооба кыла,
«Алла» деген жүрөгүмдө бар убада!..

## УУЛУМ

Түгөнөөр кезде мен ичээр суум...
Дем берээр жанга сен болгун муун...
Кашыктап алсаң, чөмүчтөп чачпай...
Урукту улаар...сен болгун, уулум!..

Ала-Тоо кыргыз экенин тууруң!..
Атаңды Манас унутпа уулум!..
Адаммын десең баасын баркта,
Арыкта аккан бир тамчы суунун!..

## МАНАСТАЙ БОЛСО...

Туяксыз журтуң - туу эмес,
Туяктуу журтуң - кул эмес...

Таш аккан баары суу эмес,
Манастай болсо эрениң,
Эл болбос анда ээрчибес!..

## КЫРСЫК

Жериңди сыгып бүтөт,
Элиңди кырсык күтөт...
«Казанга» от жагылбай,
«Таштарың» күйүп түтөйт.
Элим деп баш көтөргөн,
Жакшыны кырып бүтөт.
Жаманың «ушак» минип,
Акмактар өзү кетет...

## АЛЛАХ СЫЙЫН...

Тилеймин буйруса деп бир Алладан,
Сахабалар ыйманын деп уласам...
Элди соргон канкорлорду эл көзүнчө,
Күнөөсүнө жараша жазаласам...
Ажыратпай тирүүлөрдү ынтымактан,
Сактап турсам эл-журтту кырсыктардан...
Тазаласам эл бийлигин бузуктардан...
Коркпос үчүн пенделер чындыктардан...
Ажырабай пайгамбарлык сапаттардан...
Аллахтын берген сыйын дейм актасам!..

## ЖОК БОЛСО ЭКЕН КОРРУПЦИЯ...

Жаңы ойлорум чөгүп улам эскирип,
Жанды койбой эңсеттирип бийиктик...
Жан рухту өзүм сүрөйм күнү-түн,
Болсо дагы менде канча кемчилик...
Шаштым кетет кээде өзүмө жакпаган,
Жансыз өңдүү өзүм «курган» эстелик...



Бир түнөрүп... бир төгүлгөн кыялдай,
«Урайын» деп... урбай турам кыялбай...
Жыйыштырып абийир сыйды жүргөн көп,
Жыланачтап ушакташып уялбай...
...Жашаганга кантип чыдайт капырай,
Жан руху соолуп жатса туралбай...

Ушак айтпай бир саамга чыдабай,
Ууну сээп «бир тууганга» уялбай...
«Кол тийбестик» ишти жасап жаткансып,
Кандай азап... тирүү жүрүү «кубанбай»...
Коррупциясыз... жашай албас көлөкө...
Жок болсо экен «урук» болуп уланбай!..

## ТАЗА ЖОЛДУ ЖАН КӨРӨ ЭЛЕК

Кара өзгөй алдым-жуттум тойбостор көп,
Кара ниет ач көздөр батпай күчөйт...
Андан көп сууну булгап... тузга «сийген»...
Арамды эңсегендер али өлө элек...
Андайлардын баарысын бүт тебелеп...
Багыштап кудайсызды «тозокко» деп,
Периштелер сыяктуу кереметтүү...
Таза жолду жаратып жан көрө элек...
.. .Ыйык, ыйык... үрөндү сепким келет!..

## ТУРМУШ - БАЛ ЭМЕС...

Турмуш деген бал эмес,
Тандап кыяр тал эмес,
Баасы өчпөс Кайыптай,
Бетке бүткөн кал эмес,
Турмуш айыкпаган «шал» эмес...

Турмуш билсең уу эмес,
Соолуп калаар суу эмес,
Бууланып кетээр өзү эле,
Изи калбас буу эмес,
Алдап көнгөн «куу» эмес...

Турмушуң - аалам өзөгү,
Тирүү жан билбес эсеби,
Кутүүсүз кетээр быркырап,
Келгенде пенде кезеги,
Ким билет кимди сезээри...
Күн нуру окшоп жаркырап,
Тирүү жан ырас умтулат.
Асмандын кушу болсоң да,
Куу турмуш коёр кулпулап...
Бирок өзүңдө болсун ыйман ак...

Турмуштун башы мен эмес,
Турмуштун арты сен эмес,
«Кумтөрдөгү» чечилбес,
Турмуш даяр «кен» эмес...
Бийликчил көп кенебес...

Байлыкта болот тирелген,
Бактыда болот кемиген...
Бактысы күйгөн көп болот,
Турмуштун албуут деминен...
Анда да үмүт өчүрбө,
Боорум, Кыргызым деген элиңден!..



**БОРБОРГО**

Манас үчүн кыргыздар ант берели...
Манас үчүн ыйманга ак жүрөлү...
Манас ата арбагы колдосун деп,
Борборго «Манас» деген ат берели!..

**БАШ БАРДА**

Бийлигиңе дөөлөтүңө ишенбе,
Болгон бактың чыдабастыр ирмемге...
Бар өмүрүң ансыз да өтөт жер болуп,
Башың барда жан дүйнөңдү элге де...

**ЫР ЖАШОО**

Улам алга агып турган кылымдай,
Өмүр окшоп өтүп кайра табылбай...
Ыр жашоону улап турсам тирилтип...
Жеңижоктун... Айтматовдун ырындай!..

**ЭЛ ҮЧҮН**

Кудайдын көзү көрөгөч,
Ыймансыз тарткан төлгө эмес...
Өзү үчүн эмес эл үчүн,
Мен өлөм деген көп эмес...

**«ТОЙБОСКО» ЖАКПАЙ**

Теңирден болгон тилегим келип,
Татыктуу жашоо насибин терип,
Тойбогон ач көз, жемкорго жакпай,
Тарс айтып келем «сазайын» берип!..

Эне тили эгер болсо эгиздей,
Ата тили болуу керек деңиздей,
Деген сөздү ыйык тутуп жүргүлө,
Кыргыз элдин «чыккынчысы» дегизбей!..

## «БАКА БАШТАР»

Бул жашоодо өлбөс жан болгон эмес,
Бар нерсеге бир да көз тойгон эмес...
Баалуунун баарысын алам деген,
«Бака баштар» өлкө үчүн «коргон» эмес...

Бузуктан душман өйдө
Коркпогула, кыргыздар, бузуктардан,
Коркуу керек жан барда бир Кудайдан..
Бузук ханга ишенбе олуя айткан,
Бузуктардан өйдө деп калыс душман.

## АДАМДЫК АБИЙИР - АРУУ ӨМҮР... (КУРАНДАН)

Жашоодо адамгерчилик сапат деген,
Адам эмес айбанга да жагат деген…
Турмушта сыймыктанып айткан менен,
Аруу сапат кордолуп калат экен...
Аруу пенде көз жашы агат экен...
Чыдабай өз тагдырын өзү ташка чабат экен...

Адалды какшап айтып келген менен,
Алдым-жуттум көңүлүн бурбайт экен...
Жегичтерин...сугунуп турмайынча,
Аруулук жан рухту «урбайт» экен...
Ач көздөр аруу сөзгө турбайт экен...
Арамдык «жуткан» сайын жыргайт экен!..



Чынчылдарга «көп акча» көп берилсе,
«Чыккынчылар»токтолуп калаар беле...
Ууру, тойбос, ач көздөр чындык издеп,
Акыйкат деп жүгүрүп калаар беле...
Чындык менен көр байлыкты табаар беле,
Мусаапыр, карыптарды багаар беле...

Ар-намысты, абийирди ойлонбогон,
Бир тыйындын артынан «тоголонгон»...
«Баатырбыз» деп уялбай эл алдында.
Параны көп алгандар «жорголоогон»...
Аруулугуң калып жатат онтологон...
Ары жоктор «жыпжылаңач» койкоңдогон...

Арамдыкты кылымдар айтып жүрүп,
Коомго да жакпайсың өзөк күйүп...
Аруулук, чынчыл сапат болсо экен деп,
Айтсак кана мен жана сен жүгүрүп...
Баары алдаса кайдан болсун кенечилик,
Аруулугуң жатса «жолдо» тебеленип!..

## ЧӨГӨЛӨП ЫЙМАНЫМА...

Акыйкатты айтканды көралышпай,
Кошоматты ушакты жоё алышпай,
Миллион жыл жарышып тирүүлүктө,
Миллион жыл «көр оокатка» тоё алышпай,
Ай пенделер, неге биз жашабайбыз,
Бирибизге бирибиз «кырылышпай»...

Миллиард жыл мурда да жашоо деген,
Жашоо өзү күрөш бүтпөс... күрөш экен,
Миллиард жыл өтсө да адам деген,
Бирин бири көралбай өтөт экен,
Бирин бири «ыйлашып» көмөт экен,
Бири күлсө, бири азапты көрөт экен!..

Көпкөн көп силерди көрөм деген,
Керек болсо «сыйлык» үчүн өлөм деген,
Касиети пенделик «көргө» айланып,
Кайда жүрсө арсылдап «үрө» берген,
Көбөйүп ушак айтып «жанын» сатып,
Кырылгырың өз ыйманын өзү жеген!..

Ааламдын кереметтүү алкагында,
Адамзат бир жуунуп жарык нурга...
Адам деген улуулукту далилдеген,
Ар бирибиз ыйман адеп маданиятка,
Салым кошсок анда жыргап тураар элем,
Аллахтан тынчтык тилеп бүт ааламга,
Кудай деп мен чөгөлөп ыйманыма!!!



## АЛЛАХ ҮЧҮН...

Миң кылым акыйкат деп келген элим,
Миң кылымдар сактап келген турган жерин!..
Миң кылымдап төгүшүп адал терин,
Миллиондон кемитпей кыргыз элин,
Миллион жыл туу тутуп кыргыз чебин,
Келатканга мен Кудайга тооба деймин!..

Миллиард кыргыз барктап кыргыз жерин,
Миллиард жылдар... күтөт кыргыз элин...
Ала-Тоо алтын толо уюп жаткан,
Акмактар жогото албас Манас элин...
Аллах барда... уланат Манас-тегин!!!
Ала-тоолук Ак калпак Кыргыз элим!!!

Андыктан баш бар кезде ар бир кыргыз,
Унутпа экениңди сансыз жылдыз...
Акыл эстүү ак ыйманга «жолду» берүү...
Аллахтын берээр сыйы «бизбиз» кыргыз!..
Ааламга тынчтык тилеп ынтымак деп,
Аллах үчүн бир болсок бүт баарыбыз!!!
Андан өтөөр сый болбос... сыйлап алгыз!

## ӨЗӨКТӨГҮ ЫРЛАР

Кор болгон жылдызы өчүп олуянын,
Кордолгон «кут уясы» падышанын...
Көргөн болсоң турмушун пендезатым,
«Күйсөң да» тирүүлүккө канааттангын!..

Акыйкат... тагдырлары талаштардын,
Алдамчы көралбаска жанашпагын...
Ар дайым ушакчылар, жалганчылар,
Алдында чөгөлөгөн акыйкаттын...

Ыймандуу бардык жерде өнүп турат,
Ыймансыз чындык жерде «өлүп» турат...
Өлгөнчө аруулукту булгай берип,
Ыймансыз «ууну» акка төгүп турат!..

Ач көздөрдү... «алтынга» ороп, бөпөлөп,
Алсаң деле дешет түбү «көгөрбөйт»,
«Алып жутуп» тойбос чирик байлардан,
«Ак ниеттүү» кедей болгон өйдөрөөк!..

Наадан деген акыйкатты табалап,
Наадан көзү чындык сөздү каалабайт...
Чындык сөздүү чындыгы үчүн бактылуу...
Чын экенин бирок «иттер» баалабайт!..

Өмүрлөрдүн кайрылбаган күнүндөй,
Өксүп өткөн олуялар муңундай!..
Наристедей... ак жарыкка туулбай...
«Өксүк» акын «ыйы» келет угулбай!..
Өзөгүмдө ырларым бар... ушундай!..
Өр... турмушта бийиктерге... угулбай!.

**ТАШЫРКОО...**

Ырларын күтүп тээ көктөн,
Ыр «түйүп» ырды өкүрткөн.
Ырысын кошо «ичишип»,
Ыйлашып ырлар кошо өткөн...
Такасыз акын ташыркап,
Татым туз жок... ал да өткөн!..



**«АЗИЗ» ЫРЫ...**

Ааламды кошо каптаган,
Асмандан кетпей «кара таң»...
Ай-Күндүү өмүр барында,
Өзүмдү көрбөй баратам...
«Түн аккан» түндө көрүнбөйт...
Жан апа менен жан атам!..
Табалбай өттүм жарык шам!..

**КЫРГЫЗБЫЗ**

Энесай, Алтай кыргыздын жери,
Ала-Тоо эгиз киндиктештери...
Ак калпак кийген Ааламда эл жок,
Айтматов жазган кыргызбыз бийиктеги.

**КӨРАЛБАС**

Кыбырап жылган өңдөнүп коңуз,
Көралбас, ач көз жүралбайт доосуз,
Коркулдайт кара курсагы үчүн,
Баткакта жаткан өңдөнүп доңуз...

**«ҮН»**

Бербегенди берип кыргыз калкыма,
Кошпогонду кошуп ата салтына,
Деген Улуу ойдон алыс кеталбай,
Тумчугамын туюк турмуш салтына...

Айтып бүткүс төрт тарабы келишкен,
Айтматовдой ыйман суун көп ичкен...
Болсок дагы... «түбүң түшкүр» дүнүйө,
Ай пендезат, бараар жериң көрүстөн!..

## АЧ КӨЗ

Байлыкты сүйгөн байлыкка тойбойт,
Бийликти сүйгөн бийликке тойбойт.
Бактыга ач көз адамзат деген,
Ай менен Күндү алса да тойбойт!..

## АТА ЖУРТ...

Бар өмүрдү барктоо өзү улуулук,
Баалай билсең акылмандар сөзү улук,
Бардык иште тунук акыл чеп болуп,
Бар болсо экен... «тирүү жүрөк» Ата журт!..

## ӨЛҮМ ОГУ...

Ак ыймандан адашсаң өмүр шору,
Ак ниетин булгоо бул - өлүм тору,
Арамдык, ушак, жалаа, көралбастык,
Атылган ал өзүңө «өлүм» огу!..

Кан какшатып күнөөсүздү кордогону,
Канкорлордун түбү тешик толбогону...
Деп айтылып тарыхта далилденген,
Андайлардын уругу эки болбогону...

Тирүү жок...бу дүйнөгө «устун» болоор,
Тирүү жок... түбөлүккө такка коноор...
Тирүүлүк суудай агып турган менен,
Тирүүнүн болбойт тура көзү тоёр!...

Ыймансыздын деп айтылса «аты» өчөт,
Ыймандуунун деп айтышат баркы өсөт...
Ыймандуулар... даанышмандар өтсө да,
Ыймандуунун өзү да өлбөйт... сөзү өлбөйт!..



## УЛУУЛУК ТАК - ЖАРАТКАНГА ЖАРАШАТ

Айтканымды акыл эске чайкаган,
Аллах үчүн боорум ооруп таң калам...
Ааламдагы бүт жашоону улаган,
Аллах тура бир күнү жок чарчаган...

Алдым-жуттум бузуктарга карабай,
Акмак, наадан, ач көздөрдөн жадабай...
Акыйкаттын жаны болгон кудайдын...
Аруулугу, айкөлдүгү, ааламдай...

Күйүттүүгө эгер, пенде, кол сунсаң,
Кудай сага ыйман сээп кол сунат...
Күнөөсүздү ак жеринен кор тутсаң,
Кудай анда ... көз көрүнөө сени урат!

Батсаң эгер оор кайгы кырсыкка,
Башың ийип, тооба дегин Кудайга...
Бар насиптен үзүмү жок калсаң да,
Бер кудайга өмүрүңдү Садага...

Калкалаган Кудай менен Пайгамбар,
Кембагалдан сен да пенде кабар ал...
Калыс сөздү адал сөздү түз айтып,
Калыс үчүн «ууну» жутуп кабыл ал...

Момундардан пайда табам дегендер,
«Мусапырдын ыйман-жанын» жегендер...
Макулуктай өтпөш керек жашоодо,
Мансап үчүн ыйман сатып пенделер!..

Уят деген тирүүлүктүн сый ээси,
Уят деген ыймандуунун кемеси...

Унутулбай урпактарга уланган,
Уят деген улуулуктун бейнеси...

Уятсыздар көралышпай табалап,
Улуулуктун ыйык даңкын талашат...
Улуулук бул – өлбөс-өчпөс казына,
... Улуулук так - жаратканга жарашат!...

## «ТӨРӨЛҮҮ ӨЛҮМ КАБАРЧЫСЫ»

*(Конфуций)*

Менден таза Кудай деген кубанса экен,
Менден таза ыймандуулар уланса экен,
Масакесин сыйлаган көңүлдөштөр,
Мен «өткөндө» бата кылып чубалса экен...
«Мекен» деген ырларыма ыйласа дейм.

Көрүстөнгө кеткен көп, кайткандар жок,
Узаткандар кайтканда өтөөр онтоп,
Өтөөрүн билип туруп кайран пенде,
Өксүгүн айтпай калаар боздоп-боздоп!
Өмүрүн бир кароого көз ирмем жок!

Өлбөс жан өчпөс отуң болбойт дешет,
Өмүр түбү нур казына толбойт дешет...
Ач көздөр тирүүндө тойбогондой,
Өлүккө... көр кара жер тойбойт дешет!
Тирүүлүктө төрөлгөндөн өлүм күтөт!

Ач көздүк толуп-ташат ээ-жаа бербей,
Аллахтын бергенине тооба дебей...
Абийир, сый, адеп, ыйман тебеленип,
Аалам чеги адамга барат жетпей...
«Көр дүйнө деп» өмүр менен эсептешпей!



Күн сайын ыйман тилеп адамзатка,
Деп келем ыймандуулар көп жашаса...
Жаш кезимден тилеген тилегим бар...
Туш болсом деп Аллах тарткан таразага...
Аллах буйруп кайыптардай ...жаназага!...

## ЖОЛБОРС ЖЕТЕЛЕГЕН АЛЫКУЛ!

Таза ыйман иним Масалбек,
Белегим сага берем деп,
Мен сүйгөн акын Алыкул,
Алыптыр жолборс жетелеп...

Жеп жутканга өч элек,
Жакшы иштерге көч элек,
Акыйкат ырдан адашпа,
Ал... ден соолукка эң керек.

Чындык жазуу жагынан,
Ырдын тайбай сабынан,
Мендей жалгыз экенсиң,
Күбүлгөн «мөмө» багынан...

Жазууга жетпей дарманы,
Калганча акын талбады,
Жазаарын жазып бүталбай,
Кайрылбас күндү самады...

Саргайган сансыз сап калды,
Санаада кетпес так калды,
Сүртсөң да сүйүү балына,
Сезимде өчпөс дарт калды...

Арбыган оору арманы,
Акынды өлүм жалмады,
Азалуу ой көч улайт,
Артында жетим ырлары...

Ыры хан болуп, өзү кул,
Өрттөсө өлбөс ыры ушул,
Ажырап элдик акындан,
Эми, эл-журтуң «ооруйт» Алыкул!

Ак көңүл, иним Масалбек,
«Сага мен белек берем» деп...
Түшүмдө «Эл баатыры» Алыкул!..
Шотаны кошо ээрчитип,
Алыптыр жолборс жетелеп!!!

## ЖАШООДОГУ СҮРӨТТӨР

Айлык, пенсия көбөйдү деп сүйүнүшөт,
Аллахты унутушуп пикетке жүгүрүшөт,
Арзан баада Кытайдан айрымдары,
Алгандарын өтпөдү деп күйүнүшөт...

## ВИНО ЭКӨӨСҮ...

Ыр уурдаган «сыйлык» алып компоюп,
Уялбастан жүрөт басып «момпоюп»...
Ыр уурдаткан чынчыл акын күркөдө,
Вино экөөсү олтурушат соксоюп...

## БУЗУКТУН КУБАНУУСУ

Чаң-тополоң чатакка барбадым деп,
«Мыктыларды куп гана жайладым» деп
Арак ичип, мас болуп үйдө жатып,
50 миңди «лук эте» жайладым дейт.



## ЭЛДЕ...

Дешет элде жерден чыкса асыл таш,
Даана сөз бар... элден чыгат «оору баш»...
Даяр ашка ээ болгон бетсиз көп,
Дили да таш, ниети таш... боору таш...

## КОРКУУ

Жүргөндөр бар ач көздүккө болуп «мас»,
Жутса дагы «тоо-талаалар» болуп аз...
Жашоолордо баратабы деп корком,
Жан рухтар жүрөк сезим болуп «таш»...

## «КЕСИР»

Билимиң да, илимиң да «жетимдей»,
Бир күнүмдүк нан табууга жетишпей...
Жаткан кезде... Хан сарайды салышкан,
Байкап көрсөк келе жаткан «кесирдей»...

## ӨКҮНДҮРҮП

Өктөм өмүр өлбөс үчүн жол улап,
Өмүр көчтө «өрттүүлөр да» жалп кулап...
Өкүндүрүп мерчемине жеталбай,
Өмүрлөрдөн кызыл суудай «нур» агат...

## КОШОМАТЧЫ

Далайлардын жан дүйнөсүн жаралап,
Даанышманды ушакташат көп акмак...
Дос-тууганды сатып ийип... мактанат...
Душманына кылган иши кошомат...

Адилеттин актыгынан шек санап,
Аллахка да ишенбестик кеп урат...
Аруулукка... ак ыйманга түкүрүп,
Ар намысын «сойкулардай» ызалайт...

## ЖАШООДО

Даанышман тирүүлүктө өмүр туусу!..
Наадандар бузуп турган өмүр чуусу,
Жашоодо миллиондор өткөн менен,
Даанышман тирүүлүктүн тун улуусу!..

Күйүп, күйүп, күйүп кээде от болом,
Өчүп, өчүп, өчүп кээде жок болом...
Мен өзүмдү кайра баштан даярдап...
Көралбаска, ач көздөргө, ыймансызга,
Арам тамак тойбосторго, элди жуткан,
Душмандарга... атылуучу ок болом!..
Ырым менен бузуктарды токтотом!..
Бу жашоодо тирүүлүгүм не керек,
Чындык үчүн коррупцияны сокпосом!...

Ак ыймандан адашуу өмүр шору,
Ак ниетти булгоо бул өлүм тору,
Ач көздүктү кордоо бул жашоодогу,
Аллахтын адилеттүү өлүм огу!..
Аллах өзү акыйкаттын коштоочусу!..
Масакеңер ак ыймандын топтоочусу...

## «СӨЗ ТАРАЗАГА ЧЕНЕЛБЕЙТ»

*Конфуций*

Чындыктын өзөгүнө жетээр бекем,
Чүрпөлөрүм өстүрүп өтөөр бекем,
Чындыкка жүрөк болуп тирүүлөргө,
Чындыктын көзүн өөп өтөөр бекем...
Чыр этип... жетпей күйүп кетээр бекем!..



## АДАМ ЭЙ...

Жан сүйгөн жакын досторго,
Жүрөктүн ыйын козгодум,
Кош дей албай эчкирип,
Сөз айталбай боздодум...

Көңүлдө сырлар ачылбай,
Күйүттүн күүсү басылбай,
Кейиштен кээде баш катат,
Ажалга дары табылбай...

Мезгилсиз кетип көп «достор»,
Мезгилин айтпай коштошоор...
Жан дүйнө кантсин сыздаган,
Күтүүсүз өлүм боздотоор!..

Көр болуп ниети карайган,
Көп чыгат тура адамдан,
Кары-жашы дебеген,
Көр ажал соргок баарынан...

Калтырбай аруу көңүлдү,
Көп эңсеп көр «дүйнөнү»,
Көр оокат деп адам сен,
Кордоп өтпө өмүрдү!..

## ТУРМУШ САНАТЫНАН

Уурунун «багы» мөмөсүз,
Көр пейил үйү «жөжөсүз».
Төгүлүп агып турса да,
Арамдын «жолу» эмес түз...

Ач көздөр түбү «хан» эмес,
Жетесиз түбү «шам» эмес,
Кор тутуп бийлик турса да,
Акылдын түбү «шал» эмес...

Тилсиз адам так эмес,
Уурдаган «байлык» мал эмес,
Кара ниет барында,
Көгөргөн талың... тал эмес...

Өз элин саткан тонолот,
Тойбостор түбү жоголот,
Калпычы ушак бузуктар,
Кум жуткан суудай соолот...

Ыймандуу арты көл болоор,
Адал малдан төл болоор...
Ууру-кески ашынган,
Тойбостор түбү «нөл» болоор!..

Жакшылык чети көп болоор,
Жамандык түбү өрт болоор...
Мезгил да келип токтолоор,
Ач көздөр түбү жок болоор!!!

## ПРЕЗИДЕНТТИК ТАЛАПКЕРГЕ

Туягы талбас тулпар бол,
Канаты сынбас шумкар бол,
Тирүүлүк өмүр барында,
Күлүктөн өткөн тулпар бол!..
Ыймансыздарды муунткан,
Ыйманга тагаар тумар бол,



Карга, кузгун жолобос,
Шаңшыган колдо шумкар бол!..
Түптүү Ата журт үчүн,
Түгөнбөс түгөл ыйман бол!..
Адал ишти арбыткан,
Турмушта таап таза жол,
Алла алдында таза бол!..
Сынды да баалап сыйлаган,
Акыйкат досу - чындык бол!..

## ПАЙГАМБАР ЖОЛУ - СООЛБОС ДАЙРА...

*(Автор)*

Бу дүйнөдө акыйкатты издеген,
Миллиондор тентип өтүп кетишкен...
Адилетти бүт ааламга тараткан,
Ааламга көз... жалгыз кудай өзү экен,
Соолбос дайра... пайгамбардын жолу экен,
Ошол жолдон адашкандар кор экен!..

Көп арамдык жасаган көп көпкөндүктөн,
Ыйман менен эмес алар эсептешкен...
«Бийлигиңди» алам деп байлык менен,
Бирин бири алышып кекиртектен,
Турганда...бири калбай...бирок калат,
Биз сыйынган бир эле Ата мекен...

Бу жашоодо болсо душман...болоор досуң,
Баары кетип, бирок калаар боордошуң...
Жашоонун азабын да жыргалын да,
Көрө турган тирүүлүк жоголбосун...
Алла элчиси Мухаммад пайгамбардын,
Бу ааламда дайра жолу соолбосун!..

Акыр замам жакындап келатат деп,
Бардык жерде «муздак» сөз жүрүп жатат...
Андыктан адамзатмын дегендердин,
Арасынан «Аалымдык» сөз чыкпай жатат...
Баягы эле ач көздүк көралбастык,
Азыр деле адал жолду «бууп» жатат...
Соолбос дайра жолду ким улантат!..

## ЫЙ ТАГДЫРЫ

Ыйманды кыйбай өзүмө окшоп,
Ыйманы барды дайыма коштоп...
Ыйман деп өткөн арманды козгойт,
Ыңаалап өлгөн уулумду козгоп...

Ырлардын ыйлап калганын билсең,
Өтө аба ыры жүрөктү тилген...
Алыкул өңдүү жашоосу жалгыз,
Ырлардын ыйы төгүлөт экен...
Ызага чылап ыйманды эзген...

Ырларым үнсүз жүрсө да ыйлап,
Ырымды жазам ыйманды сыйлап...
«Ырысың жок» деп өзүмдү сөгөм,
Ырларым үчүн жанымды кыйнап...
Жазсам да ачуу... ыйманым аппак!..

Ата-энем берген мээнетин актап,
Жетим бир жесир карыпты сыйлап,
Карч уруп жанды келатам жалгыз,
Кудайдын берген ыйманын сактап,
Денеме чийген сыйлыгын барктап...



Жашоодо тарттым 50 жыл сынак,
Жан деген кургур азапка чыдайт...
Келатам дале иттерге чыдап,
«Ок өтпөс» деген ыйманым сынат...
Тургансыйт Кудай өзүмдү сынап...

Эңсеген адал оюм элде калсын,
Элиме оттой болуп өчпөй жансын...
Эл менен тирүүмдө уксам экен!..
...Ыйык эмес... күлкүсүн ырларымдын!..
Өлбөстүгүн... элге деген сый ыйманым...

Каракчы зордуктоолор баса калып,
Канкорлор күндө күчөп ыймансыздык,
Уурдаган тоногондор жан талашып,
Бийликтин өзүн кошо «жулмалашып»,
Жатканда өзүм эмес чынын айтсам,
Ырларым да, ыйманым да кошо ыйлашып...
Бараткансыйт өлүмгө «баары» шашып...

## МАКСАТТУУ КЕЛЕЧЕККЕ КИМ ЖЕТЕЛЕЙТ

Кыргыздын айкөл ата Манасындай,
Калыгул... Арстанбек, Өтө абадай.
Кыргыздын ким экенин далилдесек,
Алыкул, Чыңгыз аба, Байдылдадай.

Көрүнгөндүн көзүн карап жалдырабай,
«Жалкоо» делип жатпайлычы камырабай,
Жашоону тамшандырып мээнет менен,
Бирибизди бирибиз колдоп турсак,
Сайрайт жаштар...Сагынбай... Саякбайдай...

Манас Ата «шарабын» сатпай эле,
Кайберен, илбирстерин атпай эле...
Жыпжылаңач сүрөткө «тартпай» эле,
Манас айткан беш жашар наристеге.
Жабылып жан рухтан жардам берсек.
«Манас» деген наристелер толот эле.
Элибизге кут дөөлөт конот эле,
Кыргызды көралбастар «чөгөт» эле...

Кыргызымдын кайгысын азайтсам деп,
Кетип жаткан кемчиликти түз айтсам деп,
Кудай берген «белегим» болуп себеп...
Кыргыз элдин сообуна калгым келет!..
Караңгыда ак шам болуп жангым келет!..
Кыргызга... ырлар бойдон калгым келет!..

Бирок биз тоюп алып жата берсек,
Баарыбыз тер агызып иштебесек,
Мактанып алтын бар деп жүрө берсек,
Максаттуу келечекке ким жетелейт...
Кыргызга бекер оокат кимдер берет...
Алтынды сен жана мен биз бербесек!..
Деген ой... жан дүйнөмдө тегеренет!..

## АРУУЛУК ӨЛБӨС ҮЧҮН

Ааламдын акыл жетпес терендигин,
Аллахтын күүсү кетпес кереметин,
Айтууга жетпейт окшойт дараметим,
Адамзаттын миң жылдык келечегин...

Чынчылбы, жалганчыбы пенделердин,
Чымын жаны чыркырап кеткендигин...
Чын эле көрүп туруп ишенбедим,
Чын айтсам келет чынды далилдегим...



Керекпи узак жашоо пайдасы жок,
Керекпи «качып» жүрүү жанды коргоп,
Канчага жашайт узак элди тоноп,
Керекпи элди бузуп жатса кордоп...

Адамдар ынтымакка келиш үчүн,
Ааламга ыйман нурун себиш үчүн,
Аллахтан тирүүмдө суранамын,
Ач көз, бузук, ыймансыз өлүш үчүн...

Жашоодо көлөкөдө көмүскөлөр,
Жарык жокто өлүшөт «көлөкөлөр»...
Ээрчип жүргөн тирүүндө өңдөрү жок,
Адам кейпин кийишкен көп «өлүктөр»...

Ааламдын акыл жетпес тереңдигин,
Айтууга жетпей келет дараметим,
Аруулук өлбөс үчүн суранамын,
Аллахтын күүсү кетпес кереметин!..

## МЕН ЭҢСЕГЕН ЫЙЫКТЫК-БИЙИКТИКТЕР

Эңсеп жүрүп ыйыктыктын ыйыктыгын,
Издеп келем бийиктиктин бийиктигин...
Ак дилимден жанымды чын үрөдүм,
Чачайын деп рухтун бар үрөнүн.
Толтурууга өксөөсүн өмүрлөрдүн...
Үзбөйүн деп үмүттүүнүн үмүттөрүн,
Далилдеп ыймандуунун ыйыктыгын,
Так талашкан күпүлдөктөр «бийиктигин».

Таазим этип нуруна бийик Күндүн,
Өтсө экен деп тилеймин бүт өмүрүм...
«Дат басып» чыкпай калган көңүлдөрдүн,
Тазаласам кетпеген күйүттөрүн...
Нурга окшош жаркыратып күүгүмдөрүн...
Таасын баа берсем дейм Толубайдай,
Так баалап тулпарлардын дүбүрттөрүн.

Бакылдап «топ жаргандар» арасынан,
Бийиктикке бут тосконду тазаласам...
Тирүүлөр арасында бузуктардын,
Четинен таразалап жазаласам.
Билгенге эмес турмуш жарамазан,
Урук албай ичи арам, көр адамдан...
Өмүрлөр кечикпесин бу жашоодо,
Мен эңсеген ыйык бийик сапарлардан.

Ырас чындык Аллахтын ыйыктыгы,
Кимдер танат пайгамбарлар бийиктигин...
Тирүүлүктө болбосун тирүү жанда,
Кудай деген пенделер күйүттөрү...
Өчпөсө экен ыймандуу үмүттөрү...
Бийлик деген, чындык деген байгелерде,
Чыгып турсун акыйкаттын күлүктөрү...

## ТИРҮҮЛҮК БААСЫ

Күндө күлүп... ай ааламды өпкөн күн...
Күн артынан ырды төгүп өткөн түн...
Киринишкен алкагында жылдыздар,
Кандай кооз жашоосу бар тирүүнүн...

Бул жашоодо тирүүлүктө тирүүнүн,
Баасы жоктур... бир каткырып күлүүнүн...



Баарын таштап... сырын ачпас дүйнөдөн,
Билбес бир Жан... жалп деп өмүр өчөөрүн...

Баасы канча жер үстүндө жүрүүнүн,
Баркын билбес мен дегендер тирүүнүн...
Баарысы аккан... өмүр аккан... ый аккан...
Билсең бейиш... жашоодо өмүр сүрүүнүн...

Бар дүйнөнүн бары-жогу билинбей,
Бар турмушуң көз ирмемге илинбей...
Бар нерсеге тооба дебей баары өтөөр...
Бийлик, байлык болуп колдун кириндей...

Айрымдарга жыртылган ич кийимдей,
Айрымдарга чычкан казган ийиндей...
Ач көрүнүп чексиз аалам аттиң ай,
Ач көз да өтөт чириген бир ириңдей...

Бул жашоодо тирүүлүк деп жүрүүнүн,
Баасын тапчы тирүүлүктө тирүүнүн...
Баарысы өтүп кетелекте көр пенде...
Баркын баала бир жолку өмүр сүрүүнүн...

## ПАЙГАМБАРЛАР ЖОЛУ ЫЙЫК...

Жашоодо үнүн улап өз дооруңдун,
Жашыңдан өз ордуңду жоготпогун...
Жан кечти ыймансыздар болсо досуң,
Жап жалгыз өмүрүңдү жоготконуң...
Жашоодо демек сенин болбойт ордуң...

Ишенсең угуп алгын, кыргыз боорум,
«Итке» окшошко өтүнөм дос болбогун...
Андайлар билет жеңил турмуш жолун,

«Итке окшош эмессиң деп сөгөт бооруң...
Итке эмне... кадыр сыйдан жоголгонуң...

Баарынан баасы кымбат ден соолугуң,
Барктай бил күйүттүн да оордугун...
Барктабай орду толгус өмүр отун,
Бетпакка сен алданып боздобогун...
Билгин пенде, кеч болоор.. боздогонуң...

Ыйманга турса конуп ниет оюң,
Ыймандай адал болот баскан жолуң...
Ыймандуу даанышмандын алсаң сообун,
Ишенгин үзбөйт сенден Кудай колун...
Ырыскыдан үзүлбөйт эки колуң...

Өтүнөм угаар болсоң кыргыз боорум,
Үстү бол... жутса тойбос «соргоктордун»
Өзгөчө ыйман сыйлап бийик болсоң,
Өмүрдө болбос сенин жоготконуң...
Өмүрдө өчпөс болоор короткончуң...

Пайгамбарлар жолунда тилек тилеп,
Периштелер... кайыптар ыйман тилейт,
Падышадай болсоң да тирүүлүктө,
Пендем сенде таза ыйман өчпөш керек,
Пайгамбарлар жолу ыйык көктөш керек!..

**ЖАЛГЫЗДЫК**

Мекеним жалгыз, өмүрүм жалгыз,
Жүрөгүм жалгыз, сүйүү да жалгыз,
Кайрылгыз жолго кеткенде жалгыз,
Болоору чындык мүрзөм да жалгыз,
Бир ишти бүтпөй көңүлдөн калгыз...



Кайрылгыз болуп кеткендер сансыз,
Жашоо жок тура жашоодо ансыз,
Миллиард кетип, чыкканы жоктур,
Кайыптай болуп мүрзөнү жарып...
Карекке толгон шооланы чачып...

Ыйман деп жүрүп, ыймансыз калып,
Ыйлаткан «мени» ыйманым жанчып...
Окшоймун эми мусаапыр карып,
Ач көздөр кетти ыйманын сатып,
Коррупция өлбөйт... салыгын салып.

**МИЛИЦИЯ - ӨЧПӨС ОТ!..**

Сая түшүп канкорлордун изине,
Кан тамчылап турса дагы жүзүнө.
Ал ишенип «намыс» деген күчүнө,
Жүрөк тосуп муздак канжар мизине!..
Ата журт деп иштеп жүргөн эр жүрөк,
Сыймыктанам милиция ишине!..

Кез болгондо муздак канжар учкан ок...
Далбастайбыз милицияга корголоп,
Азем тойдо сыйлык берүү дегенде.
Унутулуп милиция эсте жок...
Бирок чындык ыйык Ата журтубуз...
Милиция, силер барда тонолбойт!..

Милиция өмүрлөрү тирүүлүк бар учурда,
Муздак канжар, учкан октун учунда...
Ошондуктан барктап, баалап жүрөлү,
Кандай оор кырсык күтүп турса да...
Милиция... бактылуулар.... турмушта!..

Кызмат өтөп жан аябай күнү-түн,
Кызматым деп Ата мекен, Эл үчүн!..
Көралбастар айта берсе дей берсин...
Калкалаган Ата журттун үмүтүн,
Милиция өчпөс оттой мен үчүн!!!

## ЗАКЫМДАР...

Асман өңдүү өзүмө көмкөрүлүп...
Азап болуп төбөдөн баскансып жүк...
Ар жыл сайын арыган аргымактай,
Аздан улам жээктей бөксөрүлүп,
Алсыраган абалда араң жылсам...
Артымдан атырылат көп тай күлүк!...

Аалам мага жаш кезде чимирилген,
Ийиктей... апам күндө жип ийриген...
Өңдөнүп... тынымы жок өмүр кууп,
Закымдар өтөөр эле карекке илинбеген...
А бүгүн аалам өзү чимирилип,
Убакыттар барат учуп түгөнбөгөн...

Ааламда өмүр күлүк, өмүр күлүк,
Адамды бир-бирине жүгүндүрүп...
Ааламдын так түбүнө жетчү өңдөнүп,
Адамдар токтоо билбейт учуп-күйүп...
Айрымы бул жашоодон түңүлдүрүп,
Айрымы Аллах дешет, улам бийик...

## ӨЧПӨС НУР

Ач ажал коррупцияны жеңалбайсың,
Акыйкат жанын сактап калалбайсың...
Адам сен тирүүлүктүн болсоң да ээси...
Аллахтай... түбү өчпөс нур боло албайсың!..



## КАРГАЛАР

Өң-түсүн булгап башкача,
«Өкмөтү» болуп бак шакка,
Булбулду жакын жолотпой,
«Каргалар» толду бактарга...
Карга куш өтүп ак «кушка»,
Айланды куштар «ташбашка»!..

## ЖАШООДОГУ ЖЕТИ ТАЙМАШ...

1. Бийлик таймаш - дүйнөлүк деңгээлде
басып барат «кнопкалуу».

2. Акыл таймаш – ааламдын талашында
карайлоодо, багытсыз уулуу-чуулуу...

3. Тойбос таймаш – ач көздүк жамаатында,
куушуулар «куулар кууну»...

4. Наадан таймаш – талашуу борборунда,
барбы-жокпу «көздөшөт» жоготууну...

5. Ыйман таймаш – акыл-эс сересинде,
«ыйман» деген базардын төрөсүндө...

6. Бетсиз арам таймаш - жыланач абийирсиздик,
тараптарда, ким «Көп берет»
энсөө бүтпөс төлөтүүнү...

7. Чындык таймаш – турмуш өзөгүндө...
Кудай деген титулду көздөшүүдө,
чындык көздөп, жек көрүнүүдө!..
тооба дешет, адамзаттар өмүрүндө!..

15-164

## ЖҮРӨКТӨГҮ ТАРЫХ ТАГЫ...
## «ҮЙҮР-МАРАЛ» КАПЧЫГАЙЫ

Талас өрөөнүндө мурдагы Николай буржуазиялык падыша мезгилинде, орус империясынын жалпы эле кыргыз элинин булуң-бурчундагы кордоо-зордоо, баскынчылык менен баш көтөргөн мыкты эр азаматтарды (басмачы деген жамачы ат менен) абакка камоо өзгөчө Акчий түрмөсүндө Талас шаарында күчтүү болгон. Баш көтөрүп айткандардын баарын камай берген делет. Айрыкча жогорку кушчу уруусунан мыкты чыккандар басымдуулук кылып, төмөнкү элдин саруу-айтамга, кытай урууларынын (жалганчылык менен) эл башкарган азаматтарын Акчий түрмөсүнө шыкаганда, эл башына баш көз болгон, адилеттикти бетке айтып, абак ичинде жан тарткан акыл-эстүү адамдар жеңилип, түндө түрмөнү бузуп, чабышып, Үйүр-Марал капчыгайына качышат. Себеби Үйүр-Маралдын төрүнөн үч чоң өзөнгө (Чийим-Таш, Бешкөл, Табылды). Аркылуу наркы багытка өтүү оңой болгондуктан, ошол туштан өтүп кетүү макулдашылат. Бирок, ошондогу түрмөдөгү "кошоматчылар" чыккынчылык кылышып, эркиндикти эңсеген эр жүрөк азаматтарды сатып коюшат (мал, пул көр окатка алданышып). Үйүр-Марал капчыгайынын азыркы «Бакай көпүрөсүнөн» куугунчу душмандар кууп жетишип, ал жерде азыркыдай көпүрө болгон эмес экенин көп карыялар далилдешкен. Кушчу, Берен урууларынан чыккан «мыктылар» орус империя баскынчыларына «каралап мал беришкен» өздөрү аман калышкан экен. Ошондо «качкындар тирүү калбасын» деген көр буйрук ишке ашырылат. Эгерде айылдарда бекингендер болсо да таап, бала чакалар өлтүрүлөт. "Бул иш эч кимге айтылбаш керек" - деп катуу буйрук берилет. Буйрук аткарылып, иш жүзүндө кармалгандардын жаш-кары дебей баары атылат, өлтүрүлөт кан суу болуп агат, капчыгай көпүрөсү



өлүккө толуп адамдын өлүгүнөн суу акпай буулуп калганын өз көздөрү менен көрүшүптүр. Баскынчылар баарын кырып, сууга эле ыргытышкан экен. Кийин 40 күндөн кийин өлгөндөрдүн тирүү калган бир тууган, жакын тууган, жакын сөөк тага-жээндери барышканда, (ыйлап боздошуп) өлүктөр таанылбай калганын көрүп, аргасыз, колдон келишинче казышып, ошол көпүрөнүн күнгөй тарабындагы "тектирге" көмүшкөн далили азыркы мүрзөлөр бар. Бул армандуу азап канча жылдар бою жашырылып, ачыкка чыкпай келет. Кимдин өлүмү экендиги да дайынсыз. Бул чындык, болгондо да ачуу унутулбас жүрөк тарыхындай... Ошол кезде биздин байыркы бабаларыбыздын «Кичи Жолчу» кыштоосунун жол боюндагы, сары аскадан бир өлүк сөөгү табылат. Аны туура эки ай бою издешип барып, таап келишип, Меңдибай көрүстөндө коюлганын Албан уулу Сыйдалы ата мага, 16 жашымда айткан эле. Сууга алуу үчүн кийимин чечип карашса, жүрөктүн тушунан эки ок кирген экен жана бир Куран китеп бар экен. Ал молдо 17-16 жашар бала экен, куугунчудан асканын көңдөйүнө кире калганда атылыптыр. Бир-эки айдан кийин болсо да денеси таптаза, тырмактары, чачтары өскөндүгүн көрүшүптүр. Анын ысымы Абдылда экен, анын Эшбото, Шаки деген акелери бар эле, баары молдо эле дегенди мен өз кулагым менен Албанов карыдан уктум эле. Ошончо жылдан бери ачык жазылган эмес, кийин өкүнөм, ызаланам, кээде боздоп ыйлаган күндөрүмдү бир жанга айтпай келем. Колумдан келгени эстеп калгандан бери өткөн аталар арбактарына Куран түшүрөм... Эгер ушул баяндаманы окуп калган күйөрмандар болсо билген-уккандарын кабарлашып койсо мен ыраазы болот элем. Алланын ыраазычылык көрүүгө кудурет берсин. Бул ыр ошол кан менен өлүккө толгон "Үйүр-Марал" капчыгайына арналат.

## «ҮЙҮР-МАРАЛ» КАПЧЫГАЙЫНДАГЫ КАЙГЫЛУУ ОКУЯ

*1915-ж.*

Таластын элин кордогон,
Абакта болуп козголоң
Эсеби жок аталар,
Баскынчы орус огунан,
Эркиндик эңсеп жок болгон...

Душманга туура сөз жакпай,
Башталып элди башка атмай,
Калган күн чындык тарыхта,
Капчыгай калган буулуп,
Өлүктөр толуп суу акпай,
Даана калган тарыхтай,
Апрель, майдын айында,
Үйүр-Марал сайында,
Аталар калган көмүлбөй.

Өзү эле келген "өлүмдөй"
Жашырып айтпай төгүндөй,
Кырышып бирин калтырбай,
Аткылап турган көрүнбөй,

Чынды айтсак кур жомок,
Жан чыкпай калгандарына,
Урулган башка ур токмок,
Өлгөн элден ошондо,
Калган экен суу токтоп,
Айтып кетээр көрөрман,
Тирүүлөрдөн бири жок,
Арманым угаар «алар жок»...
Ыйлаган менен шолоктоп,



Көбүнчө сыздап боздогом,
Каратаман эл болгон,
Качалбай аска-зоолордон,
Суу ордуна кан толгон,
Өз элин өзү тоногон,
Бийлик үчүн жан кечти,
Өз элин «саткан» көп болгон,
Баш көтөрүп айтууга,
"Сот" деген анда жок болгон...

Керт баш үчүн
Мал-жанды талап-тоногон,
Нысапсыз кошоматчылар,
Ач бөрү болуп тойлогон,
Балдардын убалын ойлоп койбогон,
Жагыныш үчүн «чоңдорго»,
Элди тоноп кан соргон,
Калыс сөз айтыш ордуна,
Калп айтып канды "кордогон"
Үй мүлкүн тартып алышып,
Аял, кыздарын кошо зордогон,
Кан эңсеген канкорлор,
Таласта деги болбогон.

## КАНГА ТОЛГОН КАПЧЫГАЙ...

Какшаган жанды какшытып дагы,
Канымдан кетпей Аталар каны,
Өлүккө толуп «Үйүр-Марал» сайы,
Сынганын айтпа, жүрөктүн шагы...

Туулган жер жүрөктөй туюлуп,
Токтобос булактай куюлуп,

Күнөөсүз атылган Аталар,
Кайгыдай түгөнбөс чууруп,
Камалып аскага туңгуюк,
Суу акпай өлүктөн токтолуп,
Калган дейт өлүккө буулуп...

Жетесиз жетекчи көп болуп,
«Жамандап» далайды боздотуп,
Аттырып түз айткан эрлерди,
Чоң Сайга "камашып" токтотуп.

Эстесем кызыл өң соолугат,
Ырларым ый болуп куюлат,
Сураксыз өкүмү атылган,
Аталар түнкүсүн үн улайт...
Боздогон арбак үн угулат...
Жаңырып тирүү үн онтолоп,
Азыр да "өкүрүк" чуулдайт.

Орустун жан кечти бийлигин,
Ошондо бир сөздү сурабай,
Бир ууртам сууну да ичирбей,
Баарысын кырган дейт "душмандай"...

Азыр да тактаган адам жок,
Уккандар ыйлашат шолоктоп,
Ал тарых мээме болуп ок,
Билген да уккан да адам жок...
Чыдабай келатам мен жоктоп...



**ЭЙ, АКЫНДАР**

Позия түшүнсөң сенин жаның,
Позия агып турган менин каным,
Позия түшүнбөстөр түшүнөр деп,
Жазып келем өлбөстүк элдин жанын,
Позия сүйүүсүндөй адамдардын,
Билгенге, мен кулумун бир Алланын!

Бүл дүйнөдөн өткөн, кайтпас "шумкарлардын"
Жазайын деп байыркы аталардын.
Кимдер билет? Кимди, кимдер сагынаарын,
Жерге чаппай улуулугун поэзиянын.
Себеби, өмүрүндөй акыл туусу даанышмандын,
Андыктан, булгабайлы элге деген "казынасын".

Улуулардын жана жаш муундардын,
Байыртан атылгандар аккан каны.
Ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин,
Жазгым келет ыйыктыгын поэзиянын.
Анткени таза ыйман акылмандын,
Жаңылбас Ак жолундай пайгамбардын.

Бир да акын бийликтеги "жарыштарын",
Жазган менен бүтпөй өткөн "армандарын".
Болбосо дейм соолбогон тирүүлүктө,
Бул ырым поэзия деңизине арнаганым.
Бир чындык кошоматчы, ач көздү, бузуктарды,
Бирин да тагдырымда жандабадым.

# МАЗМУНУ


Кудай деп.....3
Акын жөнүндө алгы сөз.....3
Баш сөз ордуна.....6
Ч.Айтматовдун кереметтери менин жүрөгүмдө.....6
«Алтын так» турсун буйруп!.....11
Алтын так.....12
Күн ээрчиткен Чыңгыз Айтматов.....13
Ыйман ыйык.....14
Көр бийлик азабынан.....14
Жашоо.....15
Улуу жол.....15
Улутчул деп.....16
Чыңгыз ата.....16
Адал үчүн таазим.....16
Ак ордо.....16
Бир кабат «көр» бар.....17
Күн көргүлө.....17
Кудай десең.....17
Баарыбызды.....18
Кандагы ыр.....18
Мен да.....18
.....18





Миллиондор.....19
Ч. Айтматовдун сыйындай.....19
Бир Аллах.....20
Тилегим эле.....20
Акыл-эс.....20
Эл уурусу.....20
Автобейне.....20
Өчпөгөн тилек.....21
Айтматов кайтыш болгондо боз үй түбүндө окулган ыр.....21
Чыңгыз сөзүн актасак адам болуп.....23
Ай ааламда өчпөйт Чыңгыз үнү.....24
Манасты да, Чыңгызды да унутпайлы.....25
Бейиштен адашкан сулуудайсың.....26
Аалам адабиятына жаңы дайра ачкан улуу философ
Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына.....27
Таласым.....28
Кут болуп турсун күндөй.....28
Чыңгыз ата!.....28
Чыңгыз Айтматовдон калат керээз.....29
Көрө албас көп кыргызда.....30
Таазим.....31
Арзыбас бир өмүрүм.....32
Өмүр сүрөтү... өксүк.....33
Таласым.....34
Ыймансыз жанга.....35
Чындык түбү.....36
Кутубуз Манас.....36
Бузук ыймансызга.....36
Талант.....36
Ак бара көз жашы.....37
Аалам аралаган аалым.....38
Ч. Айтматовдун 85 жылдыгына.....41
Ааламга жанган шам элең.....42
100 жыл жашаңыз.....44
Кыргыз бол Айматовдой Ала-Тоолук.....44

Кыргыз үчүн....45
Президент эли менен....45
Кудай үчүн бар теңчилик....46
Бар болсо экен....47
Көралбастык калса соолуп!....48
Кимге керек?....49
Ыйыгым Үйүрмаралым....50
Мухаммад пайгамбарга....51
Аллага ыраазы болуу - адам бактысы....53
Аллахтын кудуретине кулдук кылам....55
...Болгончо ыйманы «журт атасы»....58
Акын бар билинбеген....59
Жашоо музыка....60
Аллага таазим....61
Президент эли менен....62
Кыргыз деп....63
Кыргыз үчүн....63
Узатуудагы эскерүү....64
Өлүм алдындагы ый....67
Кылымга тете бир күн....68
Хан ордо....69
Көрүстөн эстелик....70
Тирүүлүк мен жана сен....71
Эл бузаар нааданга....72
Чындык менин үнүм....74
Алыкул «эл баатыры» болуш керек....75
Советтер Союзунун баатыры, атабыз Чолпонбайга арноо....76
Кыргыз тил....77
Аман Токтогуловго....77
Билгин кыргыз....77
Кан ордом Талас....77
Байдылда акеге....78
Салижан Жигитовго....78
Ааламда....78
Сөз көп-тил бирөө....78



Сагынуу - бул тирүүлүк....80
Деп айткан «Акылман коому»....82
Калыгул ата деген экен....83
Калыгул ата керээзи....84
Зарыккан өмүр - зарлаган көңүл....88
Болгон окуя....93
Керемет Чыны молдо арбагына....94
Күйүттүү күүлөр....96
Мелт-калт толуп....99
Ыпластар....99
Кудай берсе кордобо....100
Таза сүйүү өлбөсө экен....102
Эл Үркүн сүрөтү....102
Кыргыз калкыма....103
Жээренче чечен атага....104
Платонго....105
Жазам деп....105
Акыл башаттары....105
Угуп ал, пендем....106
Чындык үнү....107
Жакшыга өмүр түгөнбөйт....107
Олуя осуяты....108
Масакени сагынуу....109
Күндү баала, Аллах берген....111
Аллах өзү....112
Ыйман тилек....113
«Белекти алгам» Кудайдан!....114
Чындыкта жетимсиреп....115
Бар бололу....116
Күн менин өчпөс сүйүүм!....116
Өлбөс тилек....117
Аллах деген кыргыз эл түгөнбөсүн....118
Жетим саптар....119
Таш боор....119
Айтып кал....119

Күйүккөн өмүр ыры..........120
Боздогон үн..........120
Кайран эл..........121
Махабат өлбөс тирүүлүк..........122
Сайылды жебе жүрөккө..........123
Көралбастарга..........123
Жүрөгүң жүрөк эмес..........123
Жүргөндөй бейиш жээгинде..........124
Чындык Кудай жолу..........125
Туулган күнгө..........126
Байыркы кыргыз..........127
Адал үчүн таазим..........128
Сынчынын сынбас саптары..........129
Таласым..........131
Ата журт көч уласын Ата журтка..........132
Ак калпак..........132
Улуу кыргыз элиме..........133
Кыргыз тил..........133
Абак арманы..........134
Даанышман тасмасы..........135
Адамга ажал болбо..........136
Тирүүлөргө тирүү кат..........136
Жарашуу - даанышмандык..........137
Элсиз мекен болбойт..........138
Мен калп десем Аллах өзү күбөлүк..........140
Калбаса экен Ала-Тоо кулап..........141
Ч.Айтматовдун өмүр күрөшү..........142
Айтматовдун сакташ үчүн түнөгүн..........144
Жашоо тарых..........145
Тартылбаган тасмалар..........153
Кудайсыздын кереги жок жашоого..........161
Эй адам..........162
Ач көздүк ажалга окшош..........163
Ач көздүк ыймансыздар «Базарындай»..........164
Болгум келет..........165



Тарых үзүмү..........165
Алтын күйгөн сайын тазарат..........168
Кат аягы үзүлбөйт..........171
Эстеликке арналган ыр..........178
Күндүк өмүр – түштүгүнө жорго мин..........179
Каректер тулпар эле..........181
Көпкөндөр тирүү өлүк..........182
Жашоодогу жеңишим..........183
Ыйман болуп наристелер төрөлсө дейм..........184
Болоору чындык мүрзөм да жалгыз..........185
Көчүрмө өлүк мыйзам кереги жок..........186
Ыйман... Аалам..........188
Ата журт көркү..........188
Турмуш деген..........188
Күн менин өчпос сүйүүм!..........189
Өлкөнүн бекемдиги – эл бактысы..........190
Өмүргө элең тумарым..........191
Эй пенде..........193
Бүтпөгөн ырлар..........194
Жүрөк түтөйт..........194
Хандын орду бош калбайт..........194
Талант..........194
Бар болсун..........195
Ыйман үчүн..........195
Убада..........195
Уулум..........195
Манастай болсо..........195
Кырсык..........196
Аллах сыйын..........196
Жок болсо экен коррупция..........196
Таза жолду жан көрө элек..........197
Турмуш - бал эмес..........197
Борборго..........199
Баш барда..........199
Ыр жашоо..........199

Эл үчүн.....199
«Тойбоско» жакпай.....199
«Бака баштар».....200
Адамдык абийир - аруу өмүр.....200
Чөгөлөп ыйманыма.....202
Аллах үчүн.....203
Өзөктөгү ырлар.....203
Ташыркоо.....204
«Азиз» ыры.....205
Кыргызбыз.....205
Көралбас.....205
«Үн».....205
Ач көз.....206
Ата журт.....206
Өлүм огу.....206
Улуулук так - жаратканга жарашат.....207
«Төрөлүү өлүм кабарчысы».....208
Жолборс жетелеген Алыкул!.....209
Жашоодогу сүрөттөр.....210
Вино экөөсү.....210
Бузуктун кубануусу.....210
Элде.....211
Коркуу.....211
«Кесир».....211
Өкүндүрүп.....211
Кошоматчы.....211
Жашоодо.....211
«Сөз таразага ченелбейт».....212
Адам эй.....212
Турмуш санатынан.....213
Президенттик талапкерге.....213
Пайгамбар жолу - соолбос дайра.....214
Ый тагдыры.....215
Максаттуу келечекке ким жетелейт.....216
Аруулук өлбөс үчүн.....217
.....218

Мен эңсеген ыйыктык-бийиктиктер.....219
Тирүүлүк баасы.....220
Пайгамбарлар жолу ыйык.....221
Жалгыздык.....222
Милиция - өчпөс от!.....223
Закымдар.....224
Өчпөс нур.....224
Каргалар.....225
Жашоодогу жети таймаш.....225
Жүрөктөгү тарых тагы «Үйүр-Марал» капчыгайы.....226
«Үйүр-Марал» капчыгайындагы кайгылуу окуя.....228
Канга толгон капчыгай.....229
Эй, акындар.....231

**Шабданов Масалбек**

**АЛТЫН ТАК**

Редактору *Н. Женалиева*
Дизайнери *И. Жумагулов*
Техн. редактору *В. Крутякова*
Корректору *Д. Эстебесова*
Компьютердик калыпка салган *И. Жумагулов*

Басууга 16. 04. 2019-жылы кол коюлду.
Форматы 84х108 1/32. Офсеттик кагазга басылды.
Көлөмү 15,0. физ. басма табак.
Нускасы 1000 даана. Заказ 164.

---

«Учкун» ААКнын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көчөсү, 24.



**Шабданов Масалбек** Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, мамлекетке өзгөчө эмгек сиңирген ардактуу ардагер. Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү. Үч жогорку билимдүү, үч ирет өлүмдөн калган. Алланын керемети менен оң жак бооруна «Аллах» деген аян түшкөн. Алгач он төрт жашынан чабандык, комсомолдук, партиялык, советтик, профсоюздук, маданият-журналисттик багытта үзүрлүү иштеген. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси. Ыйманды, чындыкты туткан, элге акыйкат-аруулукту ыр менен тараткан акын. 21 жыл саясий куугунтукка алынып, ырлары басмадан алынган. Үч жогорку билимдүү болсо да баш кызматка алынган эмес.

Бак-дөөлөттүү ата, чоң ата, таята жана 60 жылдык эмгек ардагери катары эмгеги бар. Бул жаңы он биринчи жыйнагы акындын 80 жылдыгына арналган. Кудайдын, пайгамбардын, периште, кайып, сахабалардын ыйыктыгын даңазалаган чыгармалары окурмандар үчүн жаңы табылгаларды ачат.

Айрыкча элди алдаган, тоногон жемкор, ач көз, кара ниет, нысапсыз жүзү караларды сындайт. Адамдык бийиктиктин, тирүүлүктүн, таза өмүрдүн, таза ыймандын ыйыктыгын баалаган акын. 80 жаш өмүр туусунда тунуп турган чагы. Улуу жаштын баарына адал ниеттен мамиле жасаган Таластын Омар Хайямы, Бакай-Атанын Байдылдасы, "Масаке" деген ат менен өмүрүн ыр көлүндө тазартууда. Акын өзү жазгандай, ар бир тирүү жанды «Аллах өзү таразаласын» деген ыр сабына кошулалы.

Кадыркул Даутов,
Кыргыз эл жазуучусу, сынчы, профессор